«Жарандардын Кыргыз Республикасынын
жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу»
окуу материалдарынын топтому

Экинчи бөлүк

Т. Осмонкулов, Р. Суранчиева, С. Градваль, Б. Орозбаев

# Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биридиктүү аракеттерин пландаштыруу

Кыргыз Республикасынын
элеттик муниципалитеттеринин
тажрыйбасына негизделген
практикалык окуу китеби

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

Бишкек
2015-ж.

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

Department for International Development

UKaid
from the British people

УДК 351/354
ББК 67.99(2)1
Ш 59
Ш – 59 Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо / Практикалык окуу китеби / “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу” окуу материалдарынын топтому. Экинчи бөлүк. / Т. Осмонкулов, Р. Суранчиева, С. Градваль, Б. Орозбаев – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2015. – 72 бет.
ISBN 978-9967-11-534-7

Кыргыз тилине Зейнеп АЛТЫМЫШОВА которду.

Бул окуу китеби жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугун ишке ашырууга умтулган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттардын жигердүү өкүлдөрүнө арналган “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу” окуу материалдар топтомунун экинчи бөлүгү болуп эсептелет. 2015-жылы топтом Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген беш практикалык жана методикалык окуу китептеринен турат жана алар төмөнкү маселелерге арналган: 1) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктарын эсепке алуу; ***2) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жана ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо;*** 3) коомдук иш-чаралар (чогулуштар, жыйындар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары; 4) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине жергиликтүү жамааттын пландуу мониторинг жүргүзүп, үзгүлтүксүз баа берип туруусу; 5) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси. Топтом кийинки жылдары жаңы окуу практикалык материалдар менен толукталып калышы ыктымал.

*Бул окуу китеби жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттер планын жергиликтүү өнүгүүнү пландоо процессинде Кыргыз Республикасынын муниципалитеттери натыйжалуу колдонуп келаткан өткөөл аспап катары караштырат. Окуу китеби жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун жыйынтыктарына негизделген биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу процессин деталдуу түрдө сүрөттөйт. Анын жардамы менен биргелешкен аракеттер планы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүдө жана ишинде жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуунун чыныгы механизми болуп калууда. Окуу китеби планды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда тараптардын ролун сүрөттөйт, зарыл болгон өнүмдөрдүн жана документтердин мисалдарын камтыйт; ченемдик укуктук актылардын электрондук түрүндөгү жыйнагы менен жабдылган. Окуу китеби практикалык мүнөзгө ээ жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча иштерди өз алдынча уюштурууга мүмкүнчүлүк берет. Практикалык окуу китеби биринчи кезекте жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарына, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнө, жарандык коом уюмдарына, эл аралык донордук жардам көрсөтүү долбоорлоруна, изилдөөчүлөргө жана окутуучуларга даректелет. Окуу китеби элеттик муниципалитеттердин тажрыйбасына таянганына карабастан ал Кыргыз Республикасынын чакан шаарларында да ийгиликтүү колдонулса болот.*

Бул окуу китеби Өнүктүрүү саясат институтунун буюртмасы боюнча аткарылган гендердик экспертизадан өткөрүлдү жана аны гендердик эксперт Жаңыл АБДЫЛДАБЕК кызы жүргүздү.

**Бул басылма Швейцария өкмөтү менен Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун финансылык колдоосу менен чыкты. Басылмадагы ой-пикирлер, тыянактар, корутундулар жана сунуштамалар авторлордун позициясына жана тажрыйбасына таянат, бирок сөзсүз эле Швейцария өкмөтүнүн, Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлигинин көз карашын чагылдыра бербейт.**

Ш 1203020200-15

УДК 351/354
ББК 67.99(2)1

ISBN 978-9967-11-534-7

© Т. Осмонкулов, Р. Суранчиева, С. Градваль, Б. Орозбаев.
© Өнүктүрүү саясат институту, 2015

Бардык укуктар корголгон. Бул окуу китебин, же анын кайсы бир бөлүгүн ар кандай формада жана түрдүү электрондук же механикалык каражаттар менен, анын ичинде фотокөчүрүү, үн жаздыруу, сактап калчу түзүлүштөр жана маалымат издөө системасы аркылуу жайылткан учурда анын укук ээсине электрондук дарек боюнча кайрылууңузду өтүнөбүз: NDobretsova@dpi.kg, Office@dpi.kg

# Мазмуну


**Ыраазычылык** ... **4**

**Кыскартуулардын тизмеси** ... **4**

**Маанилүү аныктамалар** ... **5**

**1-глава. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун негиздери** ... **7**

1.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – башкаруу системасынын демократияга негизделген жана калкка эң жакын бөлүгү ... 7
1.2. Манипуляциялоодон кызматташтыкка карай эволюция ... 8
1.3. Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу модели ... 9
1.4. ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдерде жарандардын артыкчылыктарын эсепке алуу ... 12
1.5. Демилгелүү топтор жана алардын пландоо процессиндеги ролу ... 12

**2-глава. Биргелешкен аракеттер планынын принциптери жана иштеп чыгуу этаптары** ... **14**

2.1. Биргелешкен аракеттер планынын аныктамасы жана ролу ... 14
2.2. Жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүн пландоонун принциптери ... 16
2.3. Жарандардын жана ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуунун этаптары ... 19

**3-глава. БАПты иштеп чыгуу процесси** ... **20**

3.1. БАПты иштеп чыгуу процессин уюштуруу ... 20
3.2. БАПты иштеп чыгуу – планды мазмун жана ресурстар менен толтуруу ... 21
3.3. Биргелешкен аракеттер планын макулдашуу жана жалпыга жарыялоо ... 30

**4-глава. Биргелешкен аракеттер планын аткаруу** ... **34**

4.1. БАПты аткарууга катышкандардын ролдору ... 34
4.2. Жыйынтыктарга мониторинг жүргүзүү жана баалоо ... 36
4.3. Отчеттуулук ... 37
4.4. БАПты аткаруу процессиндеги типтүү каталар ... 38
4.5. БАПты аткаруу үчүн документтер ... 38

**5-глава. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамааттын жана ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу жана аткаруу практикасы** ... **39**

Ак-Чий АА биргелешкен аракеттер планынын жардамы менен жарык болуп калды ... 39
Көк-Ирим ААда БАП тууралуу китепченин жардамы менен процесске жамааттын көптөгөн жашоочуларын тартуу мүмкүн болду ... 40
Бешик-Жондо БАП бала бакчалардын жоктугу көйгөйүн чечүү мүмкүнчүлүгүн берди – балдар да, энелер да ыраазы! ... 41
Ленин ААда таштандыны жеңди ... 42

**Тиркемелер** ... **44**

1-тиркеме. БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун иш планынын мисалы ... 44
2-тиркеме. ЖМБА алкагында пландоо жолугушуусу тууралуу отчетунун бөлүгү катары көйгөйдү сүрөттөөнүн мисалы ... 46
3-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планынын форматы ... 47
4-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин токтомдорун даярдоо жана кабыл алуу боюнча кадамдар ... 48
5-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин сессияларына даярдык жана өткөрүү тартибинин кадамдары ... 48
6-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин сессияларын өткөрүү эрежелери ... 49
7-тиркеме. Жергиликтүү кеңеш кабыл алган токтомдордун күчүнө кирүүсүнүн тартиби ... 50
8-тиркеме. Кара-Жал айылдык аймагынын XXVI чакырылыштагы айылдык кеңешинин ачык сессиясынын программасы ... 51
9-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын протоколунун мисалы ... 52
10-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусунун мисалы ... 56
11-тиркеме. Кызматчыга милдет коюу жөнүндө актынын мисалы ... 60
12-тиркеме. Кызматчынын иши тууралуу отчеттун мисалы ... 60
13-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планынын аткарылышы тууралуу отчет (Ак-Чий ААнын мисалында) ... 61
14-тиркеме. Курманбек айылдык аймагынын жамаатынын жана ЖӨБ органынын реалдуу Биргелешкен аракеттер планынын мисалы (фрагменттер) ... 65
15-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуунун жана аткаруунун графиги ... 69
16-тиркеме. Бул басылмага тиркелген дискке киргизилген электрондук документтердин тизмеси ... 70

# Ыраазычылык

***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) жана ушул окуу китебинин авторлору темаларды иштеп чыгууга, усулдардын практикалык апробациясына, маалыматтарды чогултуп берүүгө кошкон салымы үчүн ӨСИнин кызматкерлери жана эксперттери АЙНУРА БАЛАКУНОВАга, Анара МУСАЕВАга, Султан МАЙРАМБЕКОВго, Майрамбек ТАИРОВго, Асылбек ЧЕКИРОВго, Алтынай БУЗУРМАНКУЛОВАга жана ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВге иште мыкты уюштурганы үчүн, ошондой эле 2012-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында өз муниципалитеттеринде жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун принциптерин жана усулдарын интенсивдүү жана чыгармачылык менен жайылтууга катышып келген Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын айылдык аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттарына терең ыраазычылыгын билдирет.***

# Кыскартуулардын тизмеси

| | |
|---|---|
| **АА –** | айылдык аймак – административдик-аймактык бирдик, анын чегинде жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырат. Шаар, айылдык аймак бир же андан ашык калктуу конуштардан турушу мүмкүн. |
| **АЖМФ –** | Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду. |
| **АК –** | айылдык кеңеш – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы. |
| **АӨ –** | айыл өкмөтү – Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттериндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы. |
| **БАП –** | Биргелешкен аракеттер планы. |
| **БМжБ –** | биргелешкен мониторинг жана баалоо. |
| **БМжБТ –** | биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору. |
| **БӨУ –** | бейөкмөт уюм (төм. караңыз). |
| **Жар.К –** | Жарандык катышуу (коомчулуктун катышуусу). |
| **ЖерК –** | жергиликтүү кеңеш. |
| **ЖК –** | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (парламент). |
| **ЖКУ –** | жарандык коом уюмдары (жог. караңыз). |
| **ЖӨБ –** | жергиликтүү өз алдынча башкаруу. |
| **ЖӨБЭММА –** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик. |
| **ЖӨИА –** | Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги. |
| **КММ –** | күйүүчү-майлоочу материалдар. |
| **МжБ –** | мониторинг жана баалоо. |
| **ОМТ –** | окуу материалдарынын топтому. |
| **ӨСИ –** | Өнүктүрүү саясат институту. |
| **СПА –** | суу пайдалануучулар ассоциациялары (сугат суу). |
| **ТСПАКБ –** | таза суу пайдалануучулардын айылдык коомдук бирикмеси. |
| **ФАП –** | фельдшердик-акушердик пункт. |
| **ЭСК –** | элеттик саламаттык комитети, жамааттык уюм. |
| **ЭҮЖӨБОЖ Долбоору –** | Швейцария Өкмөтү Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту 2011-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын аймагында ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору. |

# Маанилүү аныктамалар

**Бюджеттик процесс** – бул бюджет долбоорлорун түзүү жана кароо, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди бекитүү жана аткаруу, ошондой эле алардын аткарылышын контролдоо боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын, башка катышуучулардын укук ченемдери менен жөнгө салынган ишмердиги.

**Бюджеттин кыскача сүреттөлүшү (БКС)** – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы калкка жеткиликтүү жана түшүнүктүү тилде даярдаган бюджеттик маалымат.

**Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо – ЖМБА** – бул маалыматты биргелешип чогултуу, аны талдоо жана андан ары калктын түрдүү топторунун пикирлерин, кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн эсепке алуу менен ишти пландоо процесси. ЖМБА – бул дайыма өркүндөп турган усулдардын жана ыкмалардын тобу, алар адамдарга өз турмуштук тажрыйбасына, жашоо шарттарына талдоо жүргүзүп, топтолгон тажрыйба жана билимдерди алмашып турууга көмөктөшөт. ЖМБАнын жардамы менен элет жана шаар калкы өзүнүн артыкчылыктарын аныктап алып, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алалышат.

**Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели (ЖЖӨБК модели)** – бул иш-чаралардын комплекси, ал жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон конституциялык укугун ишке ашырууга жол берет.

**Жарандык катышуу** – жарандык коомдун маанилүү принциби, ал өзүнө башкарылгандарды башкарууга кошууну же тартууну (саясий, социалдык-экономикалык, маданий программаларды жана долбоорлорду талкуулоого жана иштеп чыгууга), чечим кабыл алууга таасир тийгизүүнү жана анын аткарылышын көзөмөлдөөнү, жергиликтүү жамааттын алкагында өз алдынча башкарууну камтыйт. Бул коомдун да, мамлекеттин да мындан кийинки өнүгүүсүнө тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди иштеп чыгууда жана кабыл алууда жарандык коом менен бийлик органдарынын ортосундагы социалдык өз ара аракеттин үзгүлтүксүз көп деңгээлдүү процесси. Бул процесс бийлик органдары менен жарандык коомдун ортосунда эки багытта тең жүзөгө ашырылат. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: катышуучулардын кабыл алуусуна, аларды маалымдоого көмөктөшкөн чаралар; пикирлерди чогултуу жана ыктымал альтернативалардын ичинен өзгөчө алгылыктуу вариантын тандоо ж.б. Бул чечим кабыл алуу процессине жарандарды тартуу боюнча социалдык-саясий процесс, анын эффективдүүлүгү түздөн-түз өз ара аракеттин деңгээлин, формасын жана мүнөзүн туура тандап алуудан көз каранды .
Жарандык катышуу жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулукту сактоо менен жүзөгө ашат.

**Жергиликтүү бюджет** – айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырат.

**Жергиликтүү бюджеттин кирешелери** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башкаруусуна түшкөн акча каражаттары.

**Жергиликтүү бюджеттин чыгашалары** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттерин жана функцияларын финансылык жактан камсыздоого багытталган акча каражаттары.

**Жергиликтүү жамаат** – административдик-аймактык бирдиктин аймагында (айылдык аймактын, шаардын) туруктуу жашаган, жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жарандары.

**Жергиликтүү жамааттын мүчөсү** – бул тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жараны.

**Жергиликтүү жамааттын уставы –** жергиликтүү кеңештин ченемдик укуктук акты менен бекитилген жана тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигине байланышкан маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын өз ара жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ортосундагы мамилелеринин тартибин жөнгө салган акт. Жалпак тил менен айтканда, бул – жергиликтүү “Конституция”, анда жамаат муниципалитеттин турмушун уюштуруудагы көптөгөн маселелерди өз алдынча чечип, жамаат мүчөлөрү сактай турган эрежелерди орнотот. Кыргыз Республикасында Типтүү устав кабыл алынган, анын базасында жергиликтүү жамааттар өзүнүн уникалдуу уставдарын иштеп чыгат жана кабыл алат. Коомдук иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө байланышкан көптөгөн маселелер дал ушул жергиликтүү жамааттын уставы менен регламенттештирилгени маанилүү.

**Жергиликтүү маанидеги маселелер –** тиешелүү аймактагы калктын турмуш тиричилигин камсыздоо маселелери, алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан, ошондой эле жарандардын эркин түз билдирүү жолу менен чечилет.

**Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы (БАП) –** бул жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосунда диалог куруунун жана жергиликтүү өнүгүүнү биргелешип пландоонун алгачкы аспабы. Ал көйгөйлөрдү классификациялоого жана стратегиялык багыттарды аныктоого жардам берет.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары –** жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу органдар.

**ЖМБА сессиялары –** бул “Картирлөө”, “Венн диаграммасы”, “Токоч”, “Көйгөйлөр галереясы” усулдарынын жардамы менен баштапкы маалыматты чогултуу үчүн топтор менен жолугушуулар.

**ЖМБА-фокус-топтору –** бул себеп-натыйжа байланыштарды аныктоо үчүн топтордун жолугушуулары.

**Жыйындар –** калктын алар боюнча жергиликтүү жамааттын уставына ылайык сунуштамаларды же чечимдерди кабыл алуу менен, бир көчөнүн, бир кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган тургундардын чогулушунда аларды талкуулоо жолу менен жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусунун тикелей формасы. Бул жерде: жыйындарда ЖМБА-иш-чараларынын жыйынтыктарын макулдашуу, Биргелешкен аракеттер планына толуктоолорду жана сунуштарды чогултуу ишке ашат.

**Коомдук угуулар –** ЖӨБ органдарынын маанилүү чечимдеринин формалдаштырылган коомдук талкуусу, бул жерде болсо жарандарга жергиликтүү бюджеттин долбоору же жергиликтүү бюджеттин аткарылышы тууралуу маалымат берүү; жарандардын керектөөлөрүн эсепке алуу жана жергиликтүү бюджетке сунуштарды чогултуу үчүн керек.

**Муниципалдык менчик –** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлигинде, пайдалануусунда, тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерди алуу булагы катары кызмат кылуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон жергиликтүү жамааттардын менчиги.

**Муниципалитет –** административдик-аймактык биримдиктин территориясын; ошол аймакта жашаган калкты; ошондой эле аталган аймактагы турмуш тиричилигине байланышкан маселелерди калктын кызыкчылыгында чечкен башкаруу органын камтыган үчилтик.

**Пландоо жолугушуулары –** бул биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу, бардык кызыкдар жактардын, анын ичинде адистер менен эксперттердин пикирлерин эсепке алуу, тараптардын салымдарын аныктоо үчүн жамааттын жигердүү бөлүгү менен жолугушуулар.

**Туруктуу жашаган жери –** бул жарандын Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган жери. Каттоо-эсепке алуу органы тек жайды ырастаган документке каттоо белгисин коёт.

**Шаар, айылдык аймак (АА) –** административдик-аймактык бирдик, анын чегинде жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырат. Шаар, айылдык аймак бир же андан ашык калктуу конуштардан турушу мүмкүн.

# 1-глава. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун негиздери

## Принцип жана эл аралык укук[1]

Коомчулуктун катышуусу ошол эле кезде саясий принцип болуп эсептелет, ал адамдын оюн билдирүүгө жана эркин чогулууга болгон негизги укуктарынан улам келип чыгат.

Бул принциптин үч негизги түзүүчүсү бар: түздөн-түз катышуу, мында адекваттуу механизмдер жана жол-жоболор талап кылынат; жарандар муктаж болгон же таасир эткиси келген мамлекеттик жана муниципалдык саясат, пландар жана демилгелер тууралуу кабардар болуп туруу үчүн маалыматка жеткиликтүүлүк; эки башка түзүүчүнү адекваттуу ишке ашыруунун кепилдиги катары сот адилеттигине жетүү.

Коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу – бул эл аралык укуктун нормасы, бирок ал эми гана практикада кеңири колдонула баштады. Катышуу принциби негизги адам укуктарына барып такалат, ал эми анын негиздерин адам укуктары боюнча айрым жалпы документтерден тапса болот: Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар тууралуу эл аралык пакт, Биологиялык көп түрдүүлүк боюнча конвенция, Климаттын өзгөрүүсү тууралуу конвенция[2], Чөлгө каршы күрөш боюнча конвенция[3], БУУнун Өнүгүүгө укук тууралуу декларациясы[4], Маалыматка жеткиликтүүлүк, коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери боюнча сот адилеттигине жеткиликтүүлүк тууралуу БУУ ЕЭК Декларациясы же Орхусс конвенциясы[5].

Коомчулуктун катышуу механизмдеринин кеңири түрлөрү бар, бирок алардын жалпы принциптери, критерийлери жана негизги эрежелери да бар. Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессинде жарандардын эффективдүү катышуусун камсыздоо үчүн мына ошолорду сактоо зарыл:

- **эффективдүүлүк жана мыйзам үстөмдүгү** жарандар башкаруу жана чечимдер (пландалган жана аткарылган) тууралуу маалыматты оңой алалат, ошондой эле соттук коргоого ээ болуунун, же бийлик өкүлдөрүнүн маалымат бербөө чечимин жокко чыгаруунун чыныгы мүмкүнчүлүгүнө ээ дегенди билдирет;
- **инклюзивдүүлүк же тартылгандык** чечим кабыл алуу процессине ошол жамааттын бардык тиешелүү топтору кошулганын, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз чечимдеринде бардык топтордун керектөөлөрүн эсепке алууга умтуларын билдирет;
- **ийкемдүүлүк** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу үчүн аспаптардын жана усулдардын кеңири түрүн колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонун билдирет;
- **көз карандысыздык** жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусуна көмөктөшүү үчүн түзүлгөн уюмдар көз карандысыз деген статуска ээ болгонун билдирет;
- **айкындуулук** жарандар чечим кабыл алуу процессине катышууга болгон укугун ишке ашыруу үчүн эрежелерди, механизмдерди жана институттарды билет дегенди билдирет.

## 1.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – демократияга негизделген жана башкаруу системасынын калкка эң жакын бөлүгү

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул башкаруу системасынын адамга эң жакын болгон бөлүгү гана болбостон, ошону менен бирге табияты боюнча да башкаруу системасынын эң демократиялуу бөлүгү болуп эсептелет. Ал ар бир өлкөнүн башкаруунун демократиялык формага өтүү процессиндеги ажырагылгыс бөлүгү, ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти ажыратуунун зарыл жана шексиз элементи. Ал бийликтин коом алдындагы отчеттуулугун, жергиликтүү бийликтин борбордон көз карандысыз саясат жүргүзүүсүн камсыздап, жарандардын борборлоштурулган башкаруу учурундагыга салыштырмалуу кабыл алынган чечимдерге жакшыраак таасирин тийгизүүсүн кепилдейт.

+ Бул бөлүм 2015-жылдын 13-14-март күндөрү Бишкекте өткөн "Мамлекеттик бийлик бутактарынын, ЖӨБ органдарынын жана жарандардын биригүүсү жана эффективдүү өз ара аракети: ресурстар, эффективдүүлүк, ишеним" аттуу эл аралык конференцияда Р.Леприниn "Коомчулуктун катышуусу жергиликтүү өз алдынча башкарууну күчтөндүрүүнүн фактору катары: эл аралык тажрыйбага сереп" докладынын негизинде жазылды.

[2] 4 (1)-берене жана 6 (а) (iii)-берене, БУУнун Климаттын өзгөрүүсү жөнүндө алкактык конвенциясы, http://unfccc.int/essential_background/convention/items/6036.php

[3] БУУнун чөлгө каршы күрөш боюнча конвенциясы, http://www.unccd.int/en/about-the-convention/Pages/Text-overview.aspx

[4] http://www.un.org/documents/ga/res/41/a41r128.htm

[5] Маалыматка жеткиликтүүлүк, коомчулуктун чечим кабыл алуу процессине катышуусу жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери боюнча сот адилеттигине жеткиликтүүлүк тууралуу БУУ ЕЭК Декларациясы (www.unece.org/env/pp/treatytext.html): 6-8-беренелер жарандык катышууга арналган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына жергиликтүү маанидеги төмөнкүдөй маселелер карайт:

- тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу;
- муниципалдык менчикти башкаруу;
- жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
- калкты ичүүчү суу менен жабдуу;
- калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
- калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
- көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;
- турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;
- муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;
- жергиликтүү маанидеги маданий жана тарыхый жетишкендиктерди сактоо;
- жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;
- жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;
- тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу;
- коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;
- элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;
- дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;
- өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү;
- жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, бул болсо Кыргыз Республикасынын жер казынасын пайдалануу жөнүндө мыйзамдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына өткөрүлүп берилген.

Ошону менен бирге жогоруда аталган ыйгарым укуктар соңку болбогонун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусунда чектебей турганын белгилей кетүү зарыл.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырылат:

- ***мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын ажырымдоонун;***
- ***жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;***
- ***мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;***
- ***өзүн-өзү камсыз кылуу, өзүн-өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү каржылоо;***
- ***жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу өз эркин билдириши;***
- ***жергиликтүү жамааттардын укуктарын жана мыйзамда корголгон кызыкчылыктарын коргоо;***
- ***коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы;***
- ***тиешелүү маселелерди чечүүдө коллегиялуулук, эркин талкуулоо;***
- ***өзүнүн компетенциясындагы маселелерди чечүүдө жергиликтүү кеңештердин көз карандысыздыгы.***
- ***жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган ченемдик укуктук актыларга мониторинг жана баалоону туруктуу негизде жүргүзүү.***

## 1.2. Манипуляциялоодон кызматташтыкка карай эволюция

Жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусу – бул башкаруу системасынын демократиялуулугунун белгиси. Катышуу да чыныгы, реалдуу, баары үчүн бирдей болуш керек. Башкача айтканда, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу тараптардын өнөктөштүгүн билдирет. Өз


ара көз карандуулукка, өз ара урматка, жамааттагы турмуш-шартты жакшыртуунун үстүнөн биргелешип иштөөгө даярдыкка негизделген өнөктөштүк.

Бул жаран менен башкаруу органынын ортосундагы өнөктөштүк тууралуу сөз да болбой турган диктатордук жана демократиялык эмес башкаруу системасынан түп тамыры менен айырмаланат. Мындай учурда мамлекет же башкаруу органы жаранды таасир этүүнүн объектиси, атүгүл өзүнүн максаттарына жетүү үчүн манипуляциялоонун предмети катары гана карап калат.

Бизди демократияга жакындаткан экинчи баскыч бул – маалымдоо. Мында бийлик жаранды маалыматтын кандайдыр бир көлөмү менен “сугарып коёт”. Анткен менен бул маалыматтын көлөмүн өз алдынча аныктайт жана мындай учурда процесс бир тараптуу мүнөзгө ээ.

Өз ара аракеттин үчүнчү баскычы – кеп-кеңеш берүү – эки тараптуу мүнөздү алып жүрөт, пикирлер менен эркин алмашууну, мунаса табууну билдирет. Анткен менен чечим кабыл алуу укугу башкаруу органында же мамлекетте кала берет, ушуну менен бирге бийлик жарандын үнүнө кулак салышы да мүмкүн, анын пикирин көңүл сыртында калтырып коюушу да ыктымал.

Жаран менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун байланыштарына токтоло турган болсок, бул жерде өз ара аракеттин төртүнчү баскычы – өнөктөштүк тууралуу айта берсек болот. Ал эки тараптын тең пикирлерин эсепке алуу менен чечим кабыл алуунун биргелешкен процессин гана эмес, ошону менен бирге жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу кабыл алган чечимдердин кесепеттери үчүн жоопкерчиликти чогуу бөлүшүүнү да түшүндүрөт.




**1-сүрөт. Жарандардын башкаруу органдары менен мамилелеринин эволюциясы**

## 1.3. Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели

Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели (ЖЖӨБК модели) – бул жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга карата өзүнүн конституциялык укугун ишке ашырууга жол берген иш-чаралардын топтому.

ЖЖӨБК модели эки тараптын тең – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү жамааттын жигердүү жана тең укуктуу өнөктөштүгү дегенди билдирет. Бул өнөктөштүктүн негизги максаты – му-

ниципалитеттеги турмуш шартты жакшыртуу. Ошону менен бирге муниципалитет дегенде административдик-аймактык биримдиктин территориясын; ошол аймакта жашаган калкты; ошондой эле аталган аймактагы турмуш тиричилигине байланышкан маселелерди калктын кызыкчылыгында чечкен башкаруу органын камтыган үч мүнөздүн биримдигин – үчилтигин[1] түшүнүш керек. Балким бул үчилтиктин эки бөлүгү – калк жана башкаруу органы – субъект болуп эсептелет, башкача айтканда, кырдаалга же объектке таасир этүүчүлөр, ал эми аймак (анын ичинде материалдык жана материалдык эмес шарттар) ошол таасирге кабылган объект. ЖЖӨБК модели мына ушул үч мүнөздүн бирмдигине негизделген жана муниципалитеттин аймагында жашоонун материалдык жана материалдык эмес шарттарына карата калктын керектөөлөрүн жана күтүүлөрүн дагы да жакшы канааттандыруу максатында калк менен башкаруу органдары жасаган иш-аракеттердин жыйындысы.

Моделдин иш-чаралары бюджеттик процесс, тандалма цикл, орто мөөнөттүү программалык пландоо өңдүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасындагы формалдаштырылган процесстерге байланышкан. Ошол эле кезде модель жергиликтүү жамааттардын тиричилигинин бейформал өзгөчөлүктөрүн, менталитеттин өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Бир жагынан модель мисалы, элеттик чогулушта маанилүү маалыматты талкуулоо адаты өңдүү жамааттын салттарын жана жүрүм-турумдук стереотиптерин эсепке алат. Экинчи жагынан кызмат көрсөтүүгө мониторинг жүргүзүү жана баалоо өңдүү катышуунун заманбап усулдарын колдонууну караштырат. Салт-санаалардын жана батышуунун айкалышы жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу моделин жандуу жана ийкемдүү кылат. Бул болсо өнүгүп-өсүп, зарыл болгон ресурстарды көбөйтүү менен жамааттын турмушундагы материалдык жана материалдык эмес шарттарды чындап жакшыртууга жол ачат.

Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу модели сегиз негизги этаптан турат. Алардын ар бири өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары-

[1] Үчилтик – үч нерсенин, кубулуштун, мүнөздүн белгиси (ажыратылгыс айкалышуусу). Ефремованын азыркы орус тилинин түшүндүрмөлүү сөздүгү. Интернеттен төм. шилтеме менен таба аласыз: http://dic.academic.ru/dic.nsf/efremova/ 255807/Триединство.




**2-сүрөт. Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу модели**

нын демилгеси менен көтөрүлүп, бирок жамаат менен биргеликте аткарылган ырааттуу аракеттердин жана иш-чаралардын топтомун камтыйт. 1-таблицада бул иш-чаралардын кыскача сүрөттөлүшү бөлүп-бөлүп келтирилет. Алар “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу” Окуу материалдар топтомундагы катышуу Моделин ишке ашыруу боюнча иш-аракеттердин ырааттуулугун чагылдырат.

**1-таблица. Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу моделинин (ЖЖӨБК модели) этаптары жана иш-чаралары**

| ЖЖӨБК моделинин этаптары | ЖЖӨБК моделинин этабына кошулган иш-чаралар |
|---|---|
| 1. Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) | ЖӨБ органдарынын калктын артыкчылыктуу керектөөлөрүн изилдөө зарылдыгы тууралуу саясий чечим кабыл алуу |
| | ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү үчүн жумушчу топту түзүү |
| | ЖМБАны уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун иш-чаралар графигин иштеп чыгуу |
| | Маалымат чогултуу жана айылдагы кырдаалды изилдөө (ЖМБАнын максаттары, ошондой эле ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрү жана ыйгарым укуктары тууралуу бир эле учурда маалымат жайылтуу менен коштолот) |
| | Айылдын артыкчылыктуу, бирок чечилчү көйгөйлөрүн аныктап алуу жана айылдын көйгөйлөрүнө андан ары талдоо жүргүзүү: бул көйгөйлөрдүн пайда болуусуна эмне себеп болду жана алардын кесепеттери кандай, эгерде эч кандай чара көрбөсө, аракетсиздиктин натыйжасы кандай болот |
| | Айылдык аймак боюнча, окшоштугу жана муктаждыктары боюнча артыкчылыктуу көйгөйлөрдү бириктирүү. Биринчи кезекте чечилиш керек болгон маселелерди алардын калктын түрдүү топторуна таасирин эсепке алуу менен бөлүп чыгуу |
| 2. Демилгелүү топторду түзүү | Артыкчылыктуу маселелерди биргелешип талкуулоо жана аларды чечүүнүн жолдорун чогуу издөө |
| | Артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча демилгелүү топторду түзүү. Демилгелүү топторду түзүүдө калктын түрдүү топтору камтылганын, жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулуктун сакталуусун эсепке алуу зарыл |
| 3. ЖӨБ органдарынын жана жамааттын Биргелешкен аракеттер планын (БАП) иштеп чыгуу | Жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биринчи кезекте чечилүүгө тийиш көйгөйлөрү боюнча Биргелешкен аракеттер планды (БАП) иштеп чыгуусу |
| | Айылдык чогулуштарда, коомдук угууларда жергиликтүү жамаат менен артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер планын талкуулоо |
| 4. БАПтын жергиликтүү бюджетте чагылдырылышы | Жергиликтүү кеңештин сессиясында Биргелешкен аракеттер планын карап чыгуу жана бекитүү |
| | Биргелешкен аракеттер планынын жергиликтүү бюджетте чагылдырылышы |
| 5. БАПты аткаруу | Өзгөчө артыкчылыктуу маселелерди чечүү үчүн Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу боюнча ЖӨБ органдарынын жергиликтүү жамаат менен өнөктөштүктө иш алып баруусу. БАПты ишке ашырууда ачык-айкын башкарууну камсыздоо. Жасалган иштер тууралуу калкты үзгүлтүксүз маалыматтар менен камсыздоо |
| 6. БАПтын аткарылышына жана ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүсүнө мониторинг жүргүзүү | БМжБ топторун уюштуруу жана алардын иши, БМжБТ укуктарын жана милдеттерин түзүп чыгуу |
| | БАПтын жана жамаат менен ЖӨБдүн башка демилгелеринин жана долбоорлорунун ишке ашырылышына мониторинг |
| 7. БАПтын аткарылышынын жана ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүсүнүн жыйынтыктарын баалоо | ЖӨБО ишин, ишке ашырылган артыкчылыктуу кызмат көрсөтүүлөрдү баалоо системасын жайылтуу жана чечимди жергиликтүү документтерге киргизүү тууралуу чечим кабыл алуу |
| | Баалоо боюнча ишти уюштуруу: усулду изилдөө, баалоо жүргүзүү, маалымат чогултуу, иштетүү, талдоо, жергиликтүү кеңешке жана коомчулукка маалымат берүү, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу үчүн кандай чаралар көрүлүш керектиги тууралуу чечимдер |
| 8. БАПтын аткарылышы жана ЖӨБдүн иши тууралуу отчет | Айыл чогулуштарында, коомдук угууларда, курултайларда Биргелешкен аракеттер планын аткаруу боюнча иштердин жыйынтыктары тууралуу отчет (маалыматтарды жайылтуу) |

## 1.4. ЖӨБ органдары кабыл алган чечимдерде жарандардын артыкчылыктарын эсепке алуу

Ресурстар дайыма жетишсиз болуп турат, өзгөчө жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын деңгээлинде. Жалпак тил менен айтканда, акча дайыма эле жетишсиз болуп турат. Бир дагы мамлекеттик башкаруу органында, бир дагы муниципалитетте, бир дагы үй-бүлөдө акча ашык болбойт. Негизи эле акча дүйнөдөгү бардык эле бюджетке зарыл, себеби адамдын керектөөлөрү аларды канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө караганда тез өсүп турат эмеспи. Буга байланыштуу кайсы керектөөлөрдү биринчи кезекте канааттандырууга каражат сарпташ керек деген чечимди дайыма кабыл алууга туура келет. Же кайсынысы артыкчылыктуу? Ошондуктан жергиликтүү бюджетти башкаруу процессинде ЖӨБ органында калктын керектөөлөрүнө жакшыраак жооп кайтаруу, анын алдында отчет берүү үчүн дайыма көйгөйлөрдү жана керектөөлөрдү алардын артыкчылыктуусуна жараша бөлүштүрүү зарылчылыгы пайда болот. Башкача айтканда ЖӨБ органдары жана калк алдыга коюлган артыкчылыктуу тапшырмаларды жана көйгөйлөрдү кантип чечсе болот, бул үчүн канча каражат талап кылынат, аларды кантип алыш керек, каржылоонун кошумча булактарын, же жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүнүн жолдорун кайдан табууга болот деген суроолорго жооп издеп, буга байланыштуу маалыматтарга муктаж.

**Ресурстар жетишсиз болуп турган учурда жөнөкөй чечимдер да болбой турганын унутпоо керек жана өзүнүн гана көз карашын туура деп эсептеген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жетекчиси терең жаңылышат. Жамаатта альтернативалуу чечим, жергиликтүү бюджеттин акчасын сарпташ керек болгон башка максат жана көйгөй дайыма табылат.**

Башкаруу органдары калк менен дайыма эле эбин таап, эффективдүү иштеше бербейт. Маал-маалы менен башкаруу органынын жетекчилиги тарабынан коомдук пикир менен “шылкылдашуулар”, ар кандай популисттик кадамдар болуп турат. Кээде маанилүү социалдык-экономикалык долбоорлорду иштеп чыгууда, реформаларды ишке ашырууда, жергиликтүү жамаат үчүн маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алууда жана аны ишке ашырууда ушундай көрүнүштөр байкалат. Ошону менен бирге коомдук пикирдин дарамети толук колдонулбай калат. Демократиялык башкаруу түрдүү топтордун кызыкчылыктарын макулдашууну камсыздаган атайын аспаптарды колдонууну талап кылат. Мындай аспаптардын бири – Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо - ЖМБА[1].

Жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо – ЖМБА – бул маалыматты биргелешип чогултуу, ага талдоо жүргүзүү жана ишти калктын пикири менен кызыкчылыктарын эсепке алуу менен пландоо процесси. ЖМБА – бул дайыма өркүндөтүлүп турган усулдардын жана ыкмалардын тобу. Алар адамдарга өзүнүн турмуштук тажрыйбасына, жашоо шартына талдоо жүргүзүүгө, топтолгон тажрыйба жана билим менен алмашып турууга жол берет. ЖМБАнын жардамы менен элет жана шаар калкы өзүнүн артыкчылыктарын аныктап, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алалат.

ЖМБА – бул өзүнө биринин артынан бири ташталган бир нече кадамдарды камтыган иш-чаралардын топтому[2], алар негизги эки этапка бөлүнгөн – уюштуруучулук жана маалымат-аналитикалык. ЖМБА-иш-чаралар комплекси жабык мүнөзгө ээ – алар үзгүлтүксүз жүргүзүлүп туруш керек. Себеби жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрү бара-бара чечилип турат жана бул жылы башкы көйгөй ичүүчү суу болсо, кийинки жылы же эки жылдан кийин жолдор артыкчылыктуу маселеге айланып калышы мүмкүн.

Жергиликтүү бюджет, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн каражаттар кантип сарпталып жатканы тууралуу маалыматты ачыктоо ЖМБАнын бардык этаптарынын жана иш-чараларынын милдеттүү жана талашсыз элементи болуп эсептелет. Бюджет тууралуу маалыматты ачык жарыялабастан жарандардын ишенимине ээ болуу, аларды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катыштыруу оор болот.

## 1.5. Демилгелүү топтор жана алардын пландоо процессиндеги ролу

Демилгелүү топту (мындан ары – ДТ) түзүү ЖМБА-сессияларынан башталат. Алардын жүрүшүндө жергиликтүү жамааттын жигердүү лидерлери жөн гана маселени көтөрүп чыкпастан, ошону менен бирге аны чечүүгө катышуу даярдыгын билдиришет. Пландоо сессияларын өткөргөн маалда демилгелүү топтун болжолдуу курамы да белгилүү болуп калат. ДТнын соңку курамы БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун алгачкы жыйыны өткөн маалда түзүлөт жана айыл өкмөттүн (мэриянын) башчысынын укуктук актысы, же жергиликтүү кеңештин токтому менен бекитилет.

[1] ЖМБА усулдары ушул Окуу материалдар топтомунун биринчи бөлүгүндө кеңири баяндалат. Бул бөлүк “ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу” деп аталат, ӨСИ, 2015-жыл.

[2] Бул тууралуу толук ЖӨБЭММАнын 2014-жылдын 4-мартындагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставынын 24-беренесинин 4-пунктунан караңыз.

Демилгелүү топтордун мүчөлөрү аныкталган артыкчылыктуу көйгөйдүн айрым аспекттерин чечүү боюнча ыктыярдуу түрдө өзүнө милдеттенмелерди алышат. Ошону менен бирге ДТнын ар бир мүчөсү иштин белгилүү бир участогу үчүн жооп берет. Ал эми ДТнын лидери топтун ишин координациялап, ЖӨБ органдары менен өз ара аракет тууралуу жана башка зарыл маалыматтар менен камсыздап турат.

**Айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча демилгелүү топ – айылдык аймактын же шаардын территориясында жашаган, жамааттын муктаждыктарын жана артыкчылыктуу көйгөйлөрүн (жергиликтүү маанидеги маселелер) биргелешип аныктоо жана аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргелешип чечүү максатында жалпы кызыкчылыктар менен бириккен жарандардын ыктыярдуу бирикмеси. Демилгелүү топтордун мүчөлөрүнүн санын жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз ыктыярына жараша аныкташат (ЖӨБЭММАнын 2014-жылдын 4-мартындагы №01-24/19 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү жамааттардын Типтүү уставынын 4-главасы, 25-26-пункттар). Демилгелүү топту түзүү тууралуу чечим ЖӨБдүн аткаруучу органынын башчысы тарабынан акт менен (же айылдык кеңештин токтому менен) бекитилет.**

Демилгелүү топтордун милдеттери төмөнкүдөй:

- биргелешкен аракеттер планын даярдоого катышуу;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча иш-чараларды өткөрүүгө көмөктөшүү;
- биргелешкен аракеттер планынын аткарылышына мониторинг жүргүзүүгө катышуу;
- биргелешкен аракеттер планын аткаруунун жүрүшү тууралуу калкты маалымдоого катышуу;
- аныкталган көйгөйлөр боюнча жыйындарга катышуу (баяндамаларды даярдоо, аларды жол-жоболоштуруу ж.б.).

Демилгелүү топторду түзүүдө калктын түрдүү топтору камтылганын, жынысы, жаш курагы жана этникалык (регионалдык ж.б.) тиешелүүлүгү боюнча тең салмактуулуктун сакталуусун эсепке алуу зарыл. ДТнын саны жарандардын каалоосуна жана артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн санына жараша болот.

Демилгелүү топтун ийгилиги эки фактор менен аныкталат. Биринчиден, демилгелүү топтордун ишин, алардын жергиликтүү кеңеш менен өз ара аракетин, ЖӨБдүн аткаруучу органдары менен туруктуу кызматташуусун жөнгө салуу жана документтештирүү зарыл. Ошол жол-жоболор бул окуу китебинде сүрөттөлөт. Экинчиден, ушул топтордун мүчөлөрүнүн мотивациясы тууралуу да унутпаш керек. Алар жалпы жамааттын жыргалы үчүн өзүнүн бош убактысын коротуп, өз ресурстарын колдонгон ыктырчылар. Мындан улам ЖӨБ органдары ушул "жардамчылар отрядынын" жигердүү жана конструктивдүү ишмердиги үчүн колдо болгон материалдык эмес стимулдарды иштетиш керек. Бул жерде моралдык колдоо да, коомчулуктун ыраазычылыгы да, маалыматтарды адаттагыдан айырмаланып ыкчам берүүгө, маанилүү деталдарга жеткиликтүүлүгүн камсыздоого даярдык да болуш керек. Башчы ДТ мүчөлөрүнүн ар бирин тааныш керек жана алар ошондой ишенимде болууга тийиш. Ошондой эле ДТ ишине материалдык көмөк көрсөтүү зарыл: жолугушуп туруу үчүн жерди даярдап, керектүү материалдар жана кеңсе товарлар менен камсыздап туруу керек. Активисттер менен кызматташып, жергиликтүү жамааттардын формалдуу лидерлери – ЖӨБ органдарынын жетекчилери – активисттер менен ыктымал тирешүүлөрдү алдын алып, калктын көбүрөөк колдоосуна ээ болушат.



# 2-глава. Биргелешкен аракеттер планынын принциптери жана иштеп чыгуу этаптары

## 2.1. Биргелешкен аракеттер планынын аныктамасы жана ролу

Ушул окуу китебинин биринчи главасында, ошондой эле “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу” Окуу материалдар топтомунун[1] биринчи бөлүгүндө жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга жана жалпысынан чечим кабыл алуу процессине катышуусунун пайдасына ынандырарлык жүйөлөр келтирилген. Пландоо процессин, аны уюштуруудагы принциптерди жана формаларын, пландоо документтеринин түрлөрүн карап чыгууга убакыт жетти. Терминдерден адашып калбаш үчүн ушул заматта тактоо киргизип коюу керек – бул окуу китеби жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоону жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүн пландоо процессинин бир бөлүгү катары сүрөттөйт. БАПтын баалуулугу мында ал калктын реалдуу артыкчылыктарына негизделгени, ошондой эле жамаат аларды ишке ашыруу үчүн өзүнө жоопкерчилик алганы менен шартталат.

Жалпысынан жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүн пландоо – бул дагы да кеңири, көп кырдуу жана татаал процесс. Ал иш жүзүндө муниципалдык менчикти менчиктештирүүнүн жылдык планынан баштап, узак мөөнөткө муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүү стратегиясын түзүүгө чейинки ар түрдүү формаларга ээ болот. ЖМБА жыйынтыктарынын негизинде түзүлгөн Биргелешкен аракеттер планы (БАП) муниципалитеттин өнүгүү стратегиясынын, же аны ишке ашыруу боюнча аракеттер планынын бир бөлүгү болушу мүмкүн. Ошондой эле БАП айыл өкмөтүнүн (мэриянын), же жергиликтүү кеңештин иш планынын бөлүгү болушу мүмкүн, ага курамдык бөлүгү катары кошула алат, же өнүгүү жана башкаруу боюнча башка пландардын негизи боло алат. 2011-жылдын 15-июлундагы №101 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары жергиликтүү өз алдынча башкаруудан эки пландоо документин талап кылат: аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программалары жана калкты социалдык жактан коргоо программалары. Мыйзамдарда бул документтер кандай болуш керектиги конкреттүү көрсөтүлгөн эмес. Бул бир жагынан ЖӨБ органдарына пландоого жардам бербейт, бирок экинчи жагынан алардын эркиндигин чектебейт.

Ушул тапта Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдары башкаруу жана өнүгүү пландарынын узун тизмесин иштеп чыгышууда, БАП алардын негизин түзө алат, же бир бөлүгү боло алат. 2-таблицада көрсөтүлгөн пландардын молдугу жана ар түрдүүлүгү эки чоң категорияга бөлүнөт. Алар: башкаруу пландары жана өнүгүү пландары. Мисалы, айыл өкмөтүнүн (мэриянын) иш планы же муниципалдык менчикти башкаруу планы – бул башкаруу пландары. Муниципалитетти өнүктүрүү стратегиясы же аялдарды жана жаштарды колдоо программасы – бул өнүгүү программалары.

**2-таблица. Кыргыз Республикасында ЖӨБ органдары колдонгон пландоо документтеринин категориялары[2]**

| Пландоо документинин түрү | Пландоо документинин категориясы (тиби) |
|---|---|
| Аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы | Өнүгүү программасы |
| Айылдык аймакты же шаарды өнүктүрүүнүн стратегиялык планы | Өнүгүү программасы |
| Жергиликтүү экономикалык өнүгүү программасы | Өнүгүү программасы |
| Жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүү программасы | Өнүгүү программасы |
| Калкты социалдык жактан коргоо программасы | Өнүгүү программасы |
| Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жарандардын жана ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы | Аралаш |
| ЖӨБдүн аткаруучу органынын (мэриянын же айыл өкмөтүнүн) иш планы | Башкаруу |
| Артыкчылыктарга негизделген инвестициялык план | Башкаруу |
| Жайыттарды башкаруу боюнча жамааттын планы | Башкаруу |
| Таза суу менен камсыздоо боюнча план | Башкаруу |
| Сугат суу менен камсыздоо боюнча план | Башкаруу |
| Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча план | Башкаруу |
| Муниципалдык менчикти менчиктештирүү (сатуу) боюнча план | Башкаруу |

[1] © Өнүктүрүү саясат институту, 2015. www.dpi.kg

[2] Бул тизме узарып кете берерин түшүнүш керек. Мисалы, конкреттүү максаттуу топтордун – жаштардын, аялдардын, майыптардын, мигранттардын ж.б. көйгөйлөрүн чечүү жана керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган сектордук өнүгүү программалары менен.

**Ушул пландардын аткарылышы үчүн жоопкерчиликти ким алары бул эки категория ортосундагы маанилүү айырмачылыкты түзөт – башкаруу органы гана алабы, же башкаруу органы жамаат же анын бир бөлүгү менен бирге алабы?**

Экинчи маанилүү айырмачылык – пландоо горизонту. Башкаруу планы бир жылга, атүгүл бир нече айга гана эсептелип, кыска мөөнөттүү болушу мүмкүн. Анткени ал башкаруу органдарынын жана анын бөлүмдөрүнүн конкреттүү күнүмдүк тапшырмаларын аткарууда аспап болуп эсептелет. Өнүгүү программалары болсо, эрежеге ылайык, узак мөөнөттүү мүнөзгө ээ – эки-үч жыл жана андан жогору. Бул "өнүгүү" термининин маңызы менен түшүндүрүлөт. Өнүгүү – бул бир абалдан экинчисине, андан дагы жакшысына өтүү процесси; эски сапаттуу абалдан жаңы сапаттуу абалга, жөнөкөйдөн татаалга, төмөндөн жогоруга карай өтүү. Мындай мамиле бир жылдын ичинде эле болуп калбайт: бир жылдын ичинде жыйынтыктарды көргөн күндө деле биз бул жыйынтыктарга жетишүүгө андан да узак мөөнөттүү иштер себепчи болгонун түшүнүшүбүз керек. Мисалы, эгерде биз Кыргызстандын Бажы биримдигине өтүүсүнүн жыйынтыктарын 2016-жылы көрсөк, анда процесс 2010-жылы же андан да мурда башталганын унутпоого тийишпиз. Ошону менен бирге өнүгүү системанын (адамдын, жергиликтүү жамааттын) сапаттуу өзгөрүүсүн билдирет. Жөнөкөй тил менен айтканда система башкача түзүлүп, башка жол менен иштей баштайт. Эгерде система мурдагыдай эле, эски формада ишин улантып, сандык маалыматтар (көп же аз) гана өзгөрүп турса, анда муну өнүгүү деп атай албайбыз. Мисалы, беш жаштагы бала философиялык адабиятты жай окуйт, ал эми жети жаштагы бала ага салыштырмалуу тез жана көбүрөөк окуйт дейли. Бирок окуганын баамдай билүү үчүн экөөнө тең турмуштук тажрыйба жетишпейт. Бул өнүгүү эмес, сандык жыйынтык болот. Экөө чоңоюп, турмуштук тажрыйбага ээ болуп, окуган философиялык китептерин түшүнө баштаганда гана өнүгүү байкалат.

Эксперттик чөйрөдө, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун теоретиктери жана практиктери арасында, өкмөттө бир суроо көп жаңырат: жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде пландоо процессин бирдиктүү форматка алып келсе болобу? Башкаруу пландарынын жана жергиликтүү өнүгүү программаларынын катаал тизмегин киргизиш керекпи? Өнүктүрүү саясат институту муниципалитеттер менен иш алып баруудагы көп жылдык кеңири тажрыйбасына таянып, мындай зарылчылык жок деп эсептейт.

**Эгерде муниципалитеттердин пландоодогу эркиндигин чектеп койсо, анда пландоо процессин катаал регламенттештирүү жергиликтүү жамааттарга зыянын тийгизиши мүмкүн. Пландардын саны, тематикасы жана форматы жамааттын түзүмүнө, анын тарыхый, географиялык, экономикалык жана башка өзгөчөлүктөрүнө көз каранды болот.**

ӨСИ эксперттеринин сунуштоолоруна ылайык, мыйзамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштеп чыгууга милдеттүү болгон пландоо документтеринин минималдуу тизмегин кеңейтиш керек. Айталы, экономикалык жана социалдык өнүгүү пландарынан жана программаларынан тышкары аймакты өнүктүрүүнүн инфраструктуралык пландары да болуш керек. Ага инженердик, архитектуралык жана экологиялык максаттар, тапшырмалар жана шарттар, ошондой эле жамаатта конкреттүү топтордун, мисалы, аялдардын жана балдардын өнүгүүсү үчүн көйгөйлөрдү чечүүгө жана шарттарды түзүүгө багытталган сектордук (тематикалык) саясат же программалар камтылыш керек. Бирок пландоо процессине карата жетүүгө зарыл болгон эң негизгиси – бул программалар, пландар жана бюджеттер ортосундагы иерархиялар жана өз ара байланыштар.

**Пландардын санына карабастан ар бир муниципалитетте пландардын жана программалардын иерархиясы (байланыш жана баш ийүү системасы) түзүлүш керек. Алар өз ара тыгыз байланып, бирин бири толуктап, колдоп турууга тийиш. Бул иерархия бюджеттик процесстин негизи болуп калыш керек.**

3-сүрөт программалардын, пландардын жана бюджеттин болжолдуу иерархиясын жана байланышын чагылдырат. ЖМБА маалында аныкталган көйгөйлөрдүн жана керектөөлөрдүн базасында БАП түзүлөт, ал плацдарм, андан ары пландоонун аспабы катары кызмат өтөйт. Идеалында, БАП базасында өз ара байланган жана жергиликтүү бюджетте чагылдырылган башка пландоо документтери пайда болуш керек. Диаграммадан көрүнүп тургандай, БАП аралаш мүнөзгө ээ, анткени бардык аныкталган муктаждыктарды – татаал комплекстүү да, кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан учурдагы муктаждыктарды да чагылдырат.

**3-сүрөт. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде программалардын, пландардын жана бюджеттин иерархиясы жана байланышы**




**Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы (БАП) – бул жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда диалог куруунун аспабы жана жергиликтүү өнүгүүнү биргелешип пландоонун баштапкы аспабы. Ал көйгөйлөрдү квалификациялап, стратегиялык багытты аныктоого жол берет. БАП жергиликтүү өнүгүүнү пландоонун жалпы процессинде база да, эки ортодогу этап да болуп эсептелет. БАП эки негизги жыйынтыкка жетүүнү максат кылат: жарандардын күнүмдүк керектөөлөрүнүн бир бөлүгүн канааттандыруу жана узак мөөнөттүү стратегиялык комплекстүү жергиликтүү өнүгүү программаларын, тематикалык (сектордук) саясатты жана башкаруу пландарын түзүү. БАП сөзсүз түрдө жергиликтүү бюджетте чагылдырылат, бирок муниципалитеттин бардык мүмкүн болгон ресурстар булактарын колдонот.**

Өзүнүн бардык программаларынын жана долбоорлорунун алкагында БАПты пландоо жана башкаруу аспабы катары колдонгон ЖӨБ органы өзүн жамаат тарабынан бааланбай калуу тобокелчилигинен коргоп калат. Өз ишин пландоодо жарандардын муктаждыктарына жана каалоолоруна таянган ЖӨБ органына калк дайыма татыктуу баасын берет, андан кийин ЖӨБдүн муниципалитеттеги турмушун жакшыртуу боюнча аракеттерин сөзсүз колдойт.

## 2.2. Жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүн пландоонун принциптери

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде өнүгүү программаларынын көп түрдүүлүгүнө карабастан, алардын баары базалык принциптерди эсепке алуу менен иштелип чыгып, аткарылыш керек. Ал эми бул принциптер жергиликтүү жамаат менен терең байланышта болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маңызынан түптөлөт.

### 2.2.1. Жарандардын катышуу принциби

Өнүгүү программасын даярдоонун жана ишке ашыруунун негизги принциби болуп анын жергиликтүү жамааттын бардык мүчөлөрүнүн (жарандардын) артыкчылыктуу керектөөлөрүн жана муктаждыктарын канааттандырууга багытталгандыгы эсептелет. Мында калктын түрдүү топторунун, мисалы, эркектер менен аялдардын, карылар менен жаштардын, дени сактар менен майыптуулугу бар адамдардын керектөөлөрү жана муктаждыктары ар башка болушу мүмкүн экенин эсепке алуу зарыл.

ЖӨБ органдары жамааттын жергиликтүү программаларды же долбоорлорду ишке ашырууга катышуусу алардын чогулуштарга формалдуу катышып коюу, же кайсы бир долбоорлорго эмгек, же акчалай салым кошуу менен гана чектелбеш керектигин түшүнүш керек. Жамаат чечим кабыл алуу процессине да, өнүгүү программаларын түзүү боюнча ишмердикке да, ошондой эле соңку жыйынтыктардын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого да тартылыш керек. Жарандардын жергиликтүү өнүгүү программаларын ишке ашырууга катышуусу ар түрдүүлүк принцибине таяныш керек – жынысы, жаш курагы жана этностук, аймактык (ж.б.) тийиштүүлүгүнүн белгилери боюнча теңдеме милдеттүү түрдө сакталууга тийиш. Бул

жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү менен ЖӨБ органдарынын ортосундагы өз ара ишенимдин деңгээлин жогорулатып, жарандардын таасир тийгизүүчү пассивдүү объект абалынан биргелешкен чечимдер, аракеттер жана соңку жыйынтыктар үчүн балансталган жоопкерчиликти өзүнө алган аракеттеги субъект абалына өтүүсүнө көмөктөшөт.

**4-сүрөт. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну пландоонун принциптери**




### 2.2.2. Инсандык, топтук жана жалпы кызыкчылыктар принциби

Адам табиятынан өзүмчүл келет жана өзүн гана жакшы көрөт. Бирок объективдүү жана субъективдүү себептерден улам адам башкаларсыз, башка адамдардын чыгармачылыгынын жана иш-аракеттеринин негизинде түзүлгөн эмгек жана идеяларсыз, алардын тажрыйбасы жана каражаттары болмоюнча жашай албайт.

Мамлекет, дин, коомдук уюмдар, ишканалар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – булар адамдар ортосундагы мамилелерди тейлеген социалдык институттар. Башкача айтканда, түрдүү топтор жана коомдун мүчөлөрү ортосундагы өз ара мамилени жана байланышты камсыздоо үчүн түзүлгөн чакан жана чоң көпүрөлөр.

Адамды жана бардык жамаатты алдыга түрткөн, мобилдештирген негизги факторлор – алардын кызыкчылыктары, каалоолору жана керектөөлөрү. Аларды шарттуу түрдө үч чоң топко бөлүп коюуга болот: 1) уруу улантуучулук; 2) материалдык камсыздоо: тамак-аш, кийим-кече, турак жай, кирешелер ж.б.; 3) социализация – адамдын билимди, нормаларды жана баалуулуктарды өздөштүрүү процесси, бул болсо ага коомдун (биздин мисалыбызда жергиликтүү жамааттын) толук кандуу мүчөсү болууга жол ачат.

Ошондуктан Өнүгүү программасынын ийгилиги өзүнчө адамдын, белгилүү бир топтун жана бардык жергиликтүү жамааттын өзөктүк керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын биргелешип чечүүсүнө көз каранды болот. Буга байланыштуу программаларды же долбоорлорду пландоодо жалпы көйгөйлөрдү чечүүгө түрдүү тараптарды бириктирип, мобилдештире ала тургандай кызыкчылыктарды табуу керек. Мындай жалпы көйгөйлөр өзүнчө адамдын да, топтордун да, жергиликтүү жамааттын көпчүлүк мүчөлөрүнүн да керектөөлөрүн канааттандырууга таасирин тийгизет.

### 2.2.3. Соңку жыйынтыктарга жетүүгө багыт алуу принциби

Бардык программалардын жана долбоорлордун соңку жыйынтыктары социалдык жана бюджеттик эффективдүүлүктүн көрсөткүчтөрү менен өлчөнөт:

*Социалдык эффективдүүлүк:*

- жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу;
- калктын кирешесин жогорулатуу;
- турак жай шарттарынын ыңгайлуулугун жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу;
- социалдык жана экономикалык инфраструктуранын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу;
- мектеп жана мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу;
- аз камсыздалган үй-бүлөлөрдү жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды социалдык жактан коргоонун сапатын жакшыртуу;
- элет жергесинде жакырчылыкты кыскартуу;
- балдар жана энелер өлүмүн кыскартуу;

- коомдук, экологиялык, азык-түлүк коопсуздугун жакшыртуу;
- коррупциянын деңгээлин азайтуу;
- гендердик теңдикти жакшыртуу;
- чечим кабыл алуу процесстерине жергиликтүү жамааттын катышуусун жакшыртуу;
- ресурстарга тең эмес жеткиликтүүлүктүн жана диний, маданий, социалдык, экономикалык жана этностор аралык ж.б. айырмачылыктардын айынан пайда болгон жергиликтүү жаңжалдарды кыскартуу;

*Бюджеттик эффективдүүлүк:*

- бюджеттин майнапсыз чыгашаларын кыскартуу;
- бюджеттин кирешесин көбөйтүү;
- бюджеттик чыгашалардын өзүн өзү актай алышы;
- муниципалдык ишканалардын, ЖӨБОнун ишинин натыйжалуулугун арттыруу;
- бюджеттик каражаттардын сарпталып жатышына көзөмөлдү күчөтүү жана коррупцияны кыскартуу;
- жергиликтүү ресурстарды колдонуунун эффективдүүлүгүн арттыруу;
- бизнес үчүн шарттарды жакшыртуу жана аймактын салык базасынын өсүшү;
- бюджеттик негизде пргаммалык процессти жайылтуу;
- мамлекеттик (муниципалдык[1])-жеке өнөктөштүктүн деңгээли.

### 2.2.4. Аткарууга боло тургандык принциби жана эксперттерди тартуу

Жарандар жана ЖӨБ органдары өнүгүү программасын түзүү жана аткаруу үчүн жалпы жоопкерчиликти алышат. Жарандардын катышуусу “мына ушундай көйгөй бар” деп айтуу менен гана чектелбеш керек. Алдыга коюлган тапшырмаларды ишке ашырууда ЖӨБ органдарынын компетенциясына, ресурстардын болуп-болбогонуна, бийлик органдарынын же кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирген конкреттүү жеткирүүчүлөрдүн өзүнүн дараметине анализ жасалууга тийиш. Жарандардын негизсиз суроо-талаптары ашыкча үмүттү пайда кылат. Эгерде ошол суроо-талап ишке ашырылбаса, анда ЖӨБ органдары менен калктын ортосунда ишенбөөчүлүк же жаңжал пайда болот.

Өнүгүү программасын жана жергиликтүү бюджетти түзүүдө түрдүү чөйрөдөгү эксперттердин, адистердин катышуусу маанилүү. Жарандар маселени көтөрүп чыга алат, бирок аларды чечүүдө ЖӨБ органдарындай эле адис болуп эсептелбейт. Ошондуктан программаны иштеп чыгууда, бюджеттик керектөөлөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү эсептөөдө инженерлердин, финансисттердин, социалдык кызматкерлердин, педагогдордун, экологдордун ж.б. катышуусу зарыл.

Программанын текстин жазуу ишин пландоо боюнча тиешелүү адистерге ишенип берүү керек. Алар пландоо көндүмдөрүнө гана ээ болбостон, ошону менен бирге бир муниципалитеттен экинчи муниципалитетке, жамааттан жамаатка ийгиликтүү тажрыйбаны, маселени чечүүнүн “рецептин” өткөрүүгө жөндөмдүү. Практика төмөнкүдөй сөздүн чындыгын тастыктады: “Жергиликтүү өнүгүү стратегиясын жарандар аныкташат, эксперттер жазышат, ал эми ЖӨБ органдары аткарышат”.

### 2.2.5. Тобокелчиликтер менен иштөө принциби

Тобокелчиликтерди баалоо өнүгүү программасынын маанилүү элементи болуп эсептелет. Алар иш процессине, жыйынтыктарына жана аларды алдын алуу жана жумшартуу боюнча чараларды иштеп чыгууга таасирин тийгизиши мүмкүн. Мындай тобокелчиликтерге төмөнкүлөр кирет:

- эсептөөдө ката кетирип алуу жана сапатсыз экспертиза;
- табият кырсыктары жана саясий кризистер;
- процесске тартылган адамдар тарабынан коррупциялык иш-аракеттер;
- жергиликтүү элитанын же адамдардын башка бир тобунун бийликти жана ресурстарды ээлеп алышы;
- жергиликтүү жамааттын көпчүлүк мүчөлөрүнүн дараметинин жана маалымдуулугунун төмөндүгү;
- жергиликтүү жамааттын айрым мүчөлөрүнүн сунушталган чечимдерди кабыл албоосу жана ушунун айынан жамааттын ичиндеги түрдүү топтор ортосунда жаңжалдын тутануусу ж.б.

### 2.2.6. Ачыктык жана отчеттуулук принциби

ЖӨБ органдарынын жана өнүгүү программасына камтылган программаларды, долбоорлорду түздөн-түз аткаруучулардын ачыктыгы жана отчеттуулугу жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн ишенимин жана жигердүүлүгүн жогорулатуунун маанилүү факторлорунун бири болуп эсептелет. Ошондуктан ортодогу жана соңку жыйынтыктар, ийгиликтер жана көйгөйлөр, алынган сабактар тууралуу жамаатка сапаттуу жана жеткиликтүү отчетторду өз убагында тапшырууга өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Мында калкка жана бардык кызыкдар тараптарга кийинки кадамдар, аракеттер планы жана күтүлгөн жыйынтыктар тууралуу кеңири маалымат берилиш керек.

[1] 2012-жылдын 22-февралындагы №7 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүк жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, мамлекеттик-жеке өнөктөштүктө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик өнөктөш боло алат (1-берене).


## 2.3. Жарандардын жана ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуунун этаптары

БАПты даярдоо тууралуу чечим кабыл алгандан кийин ЖӨБ органдары процесстин өзүн уюштурууга өтө чоң көңүл буруш керек. Стратегиялык пландоодо адатта процесс соңку өнүмгө караганда дагы да маанилүү болуп калат. Ар бир адам стратегияны түзө алат, бирок эгерде стратегия багытталган адамдар тарабынан колдоого ээ болбосо, анда документ эч кандай жыйынтык бербеши мүмкүн. “План” жана “стратегия” терминдери адатта бирин бири алмаштырып туруучу катары колдонулуп келет. Бул сөздөрдүн мааниси бири бирине жакын, анткени соңку максатка жетүү усулун билдирет. Бирок бул терминдер ортосунда айырмачылыктар да бар. Стратегия аракеттер варианттарынын болуусун караштырса, план маңызы жагынан өтө конкреттүү болуп эсептелет жана башка четтөөлөргө уруксат бербейт. Эгерде “А” планы иштебесе, сиз ага өзгөртүү киргизбейсиз жана аны кайра кайталап аткарганга аракет жасабайсыз. Мунун ордуна “Б” планын аткарууга өтүп, башка варианттарды караштыра баштайсыз.

БАПты иштеп чыгууга бардык кызыкдар адамдар катышып, иш-чаралар өз убагында өткөрүлүп турууга тийиш. Бирок стратегиялык документтерден айырмаланып, БАП жергиликтүү маанидеги маселелерди кыска мөөнөттүү мезгилге чечүү жолдорун изилдөөнү жана даярдоону караштырат: БАПты 1 жылга түзүү талапка ылайык болот. Мында божомолу 3 жылга болуш керек. Бул жергиликтүү бюджетти пландоо мөөнөттөрүнө байланыштуу болот.

Биргелешкен аракеттер планы боюнча ишмердик ырааттуу аткарылган этаптардын жыйындысы болот (5-сүрөттү караңыз).

**5-сүрөт. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамааттар менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планынын турмуштук циклинин этаптары**




БАПтын турмуштук циклинин бардык этаптары өз ара тыгыз байланышта болот. Ошондуктан бир этаптан экинчисине өтүү үчүн ар бири бардык шарттарды аткаруусу зарыл. БАПты ЖМБА процесси аягына чыккандан баштап ишке ашыруу башталганга чейинки учурдан тарта түзүүнүн узактыгы 2-3 айды талап кылышы мүмкүн. Ондогон муниципалитеттердин практикасы көрсөткөндөй, пландоого канчалык көп убакыт сарпталса, жыйынтыгында БАП да ошончолук деталдуу болуп, баарын ичине камтыйт. Анткен менен планды иштеп чыгуу мезгилинин создугуп кетиши да көйгөйлөрдү жаратат. Биринчиден, жарандардын узак мезгил ичинде пландоого ыктыярдуу катышуусун камсыздоо оңой эмес. Экинчиден, ЖМБА маалында аныкталган айрым маселелер чукул чараларды көрүүнү талап кылышы мүмкүн.

# 3-глава. БАПты иштеп чыгуу процесси

## 3.1. БАПты иштеп чыгуу процессин уюштуруу

БАПты иштеп чыгуу процессин уюштурууда ЖӨБ органдары бир катар уюштуруучулук жана административдик кадамдарды жасайт. Алар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу туралуу саясий чечимди кабыл алуу (демилгени фиксациялоо); БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топту (ЖТ) түзүү; ЖТ мүчөлөрүн окутуу. Бул бөлүмдө ЖӨБ органдары жана процесстин башка катышуучулары уюштуруучулук этапта кетирген типтүү каталары сүрөттөлөт, ошондой эле уюштуруучулук этапта зарыл болгон документтердин тизмеги камтылган.

### 3.1.1. Саясий чечим кабыл алуу – Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу процессин демилгелеп чыгуу

Колдонуудагы мыйзамдардын алкагында ЖӨБ органдары өзүнүн карамагындагы аймакта жергиликтүү маанидеги маселелерди жарандардын – жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн артыкчылыктуу керектөөлөрүнө жооп бергидей чечүүгө милдеттүү. Ал эми ал керектөөлөрдү ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү процессинде да аныктоого болот. Процесстин демилгечиси болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы чыгат. Ал ЖМБАнын жыйынтыктары боюнча жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын Биргелешкен аракеттер планын (БАП) иштеп чыгуу тууралуу чечим кабыл алат. БАПты ишке ашырууда ийгиликке жетүү үчүн ЖӨБ органдары тарабынан толук колдоо жана жетекчилик зарыл. Дал ошол ЖӨБ органдары БАПта каралган иш-чаралардын көбүн аткарат. Анын ичинде тиешелүү токтомдорду кабыл алат, бюджеттерди бекитет, ошондой эле муниципалдык кызматтардын жана мекемелердин ишине көз салып, жетектейт. Практика көрсөткөндөй, ЖӨБдүн аткаруучу органынын жетекчиси жана жергиликтүү кеңештин депутаттары өз ишине берилген шартта гана Кыргызстанда муниципалитеттин өнүгүүсү мүмкүн болот. Башкалар практикалык иш үчүн жооп бериши мүмкүн. Бирок аткаруучу органдын жетекчилигинин жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын туруктуу саясий колдоосу сөзсүз болуш керек.

### 3.1.2. БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топту түзүү

Айыл өкмөт башчынын же мэрдин чечими менен жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын Биргелешкен аракеттер планын (БАП) иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ (ЖТ) түзүлөт. ЖТ пландоо жолугушууларынан кийин – ЖМБА-иш-чаралар комплекси аяктагандан кийин эле түзүлөт. Жумушчу топту түзүү тууралуу чечим жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын актысы, көп учурда ЖӨБдүн аткаруучу органынын тескемеси же буйругу менен кабыл алынат. Жумушчу топтун курамына айыл өкмөттүн же мэриянын үчтөн бешке чейин өкүлүн, АК менен макулдашып, жергиликтүү кеңештин үч-төрт депутатын (мүмкүн болсо экономика, бюджет жана финансы боюнча; социалдык маселелер боюнча; жер маселелери боюнча туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүнүн ичинен) кошуу сунушталат. БАПты ишке ашыруу маалында демилгелүү топтордун лидерлери (тандалып алынган артыкчылыктуу маселелерге жараша) да ЖТ курамына кошулат.

Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн оптималдуу саны айылдык аймактын калкынын санына жараша 9-12 кишиден туруш керек. Жумушчу топтун курамын жынысы, жаш курагы жана этностук тийиштүүлүгүнүн белгилери боюнча теңдемени сактоо менен түзүү зарыл. Жумушчу топтун төрагасы болуп айыл өкмөт башчысы, же мэр дайындалат. Жумушчу топту уюштуруу, координациялоо, көзөмөлдөө, документтерди жүргүзүү төраганын негизги милдеттери болуп эсептелет. ЖТ иши жана өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу маалымат жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органына берилет. ЖТ өз ишин отурумдар жана пландоо жолугушуулары жолу менен жүзөгө ашырат. ЖТ ишинин жыйынтыгы болуп БАП долбоорунун соңку варианты эсептелет. Ал калктын эскертүүлөрүн жана сунуштарын эсепке алуу менен ийнине жеткире иштелип чыгат жана ага БАПты иштеп чыгуу процесси тууралуу маалымат камтылат. Андан соң ал айыл өкмөтүнө же мэрияга берилет. Зарыл болгон чакта ЖӨБдүн аткаруучу органы ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү жана биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу үчүн бир жумушчу топту түзүү тууралуу чечим кабыл алышы керек. Анткен менен демилгелүү топтор айткан көйгөйлөрдүн баары БАПка кирбей турганына байланыштуу бул топторду бөлүп чыгуу сунушталат.

### 3.1.3. Жумушчу топтун отуруму

Жумушчу топ өз ишин Пландын жана ЖТнын иш графигинин негизинде жүргүзөт. Аны болсо ЖӨБдүн аткаруучу органынын жетекчиси бекитет. Жумушчу топтун ишинин негизги формасы ЖТ отурумдары эсептелет. Жумушчу топтун отурумдары туруктуу негизде өтүп турат, бардык суроолор жана кабыл алын-

ган чечимдер протокол менен жол-жоболоштурулат. Кошумча маалымат алуу жана эң жакшы чечим табуу үчүн жумушчу топ эксперттердин, адистердин, тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда кеңейтилген отурум өткөрөт. Бул макулдашылган сунуштоолорду, эксперттик корутундуларды берүү үчүн иштелип чыгат. Жумушчу топ консультациялар жана Планды иштеп чыгуу процессин методологиялык жактан коштоп жүрүүсү үчүн адистерди, эксперттерди тартса болот.

### 3.1.4. ЖТ мүчөлөрүн окутуу

БАПты даярдоонун алкагында жумушчу топтун бардык курамын жергиликтүү өнүгүүнү пландоонун усулдарына жана аспаптарына окутуу сунушталат. Эгерде муниципалитеттин ресурстары бар болсо, окууну тышкы эксперттердин жардамы менен өткөрсө болот. Ошондой эле өнүгүү пландарын жана программаларын иштеп чыгууда тажрыйбасы бар жергиликтүү эксперттерди да ишке тартса болот.

### 3.1.5. Жумушчу топтун ишмердигинин планы

Эффективдүү иш үчүн жумушчу топтун ар бир мүчөсү кандай түрдөгү жумуштар кандай ырааттуулук менен аткарыларын билгени маанилүү. Бул үчүн алгачкы отурумунда жумушчу топ БАПты иштеп чыгуу боюнча иштин планын даярдайт жана кабыл алат. Мындай пландын мисалы 1-тиркемеде келтирилген.

### 3.1.6. БАПты иштеп чыгуу процессин уюштурууда типтүү каталар

Жумушчу топтун курамында жарандык коомдун өкүлдөрү, аялдар, же жаштар, же калктын башка бөтөнчө тобунун өкүлдөрү жок. Жумушчу топтун мүчөлөрү иштеп чыгуу процессинде өз иш-милдеттерин жана ролун аягына чейин түшүнө беришпейт; бардык ишмердик жумушчу топтун жетекчисинин иши менен гана чектелет, ал жалгыз отуруп алып биргелешкен аракеттер планын жазып чыгат. Жумушчу топтун ишмердиги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көзөмөлдөнбөйт, топ формалдуу болуп, кагаз жүзүндө гана кала берүүдө. ЖӨБдүн аткаруучу органынын жетекчиси – айыл өкмөт башчысы же мэр – БАПты түзүүнүн зарылчылыгын акыр аягына чейин түшүнө бербейт; эгерде аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракеттер планы болбосо, анда ЖМБА-иш-чаралар комплексинин жүрүшүндө аткарылган көп иштер кагазда кала берерин баамдабайт. ЖМБА-иш-чаралар комплекси маалында түзүлгөн демилгелүү топтор жумушчу топко пассивдүү катышат. Көйгөй аныкталгандан кийин алардын миссиясы ушуну менен бүттү деп жаңылыш ойлошот; демилгелүү топтордун мүчөлөрү көйгөйлөрдү гана атабастан, аны чечүү жолдорун да сунушташ керек. Жергиликтүү кеңештин депутаттары ишке формалдуу түрдө гана кошула калышат, отурумдарга чанда гана же ара-чолодо катышат; жамаат атаган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн шайлоочулар алдында өз жоопкерчилигин баамдашпайт.

### 3.1.7. Уюштуруу этабында зарыл болгон документтер

- БАП долбоорун иштеп чыгуу тууралуу тескеме, же буйрук
- БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун иш планы (1-тиркемени караңыз).

## 3.2. БАПты иштеп чыгуу – планды мазмун жана ресурстар менен толтуруу

### 3.2.1. Маалыматты жалпылаштыруу жана баштапкы анализ жүргүзүү, маалыматтарды топтоштуруу, пландын багыттарын аныктоо

Планды иштеп чыгууда маалыматтын негизги булагы болуп ЖМБА-иш-чараларынын жыйынтыгы эсептелет. Алар ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүү боюнча жумушчу топтун отчетторунан алынат (бул тууралуу толугураак “ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу” Окуу материалдар топтомунун 1-бөлүгүнөн окуй аласыз). Мындан тышкары жумушчу топко документтердин жана маалыматтардын төмөнкү түрлөрү талап кылынат:

- жергиликтүү жамаат сунуштаган чечимдердин болжолдуу жолдору менен айылдар боюнча бөлүштүрүлгөн артыкчылыктуу көйгөйлөр[1];
- ЖӨБ органдарына тиешелүү ченемдик укуктук база;
- статистикалык материалдар (мисалы, муниципалитеттин паспорту);
- жергиликтүү бюджет;
- аймактардагы гранттык жана демөөрчүлүк программалар тууралуу маалымат (мисалы, аймактык өнүктүрүү фонду жана өтүнмөлөрдү кабыл алуу шарттары тууралуу маалымат).

[1] “ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуусу” Окуу материалдар топтомунун 1-бөлүгүндөгү 9-тиркеме – Пландоо жолугушуулары тууралуу отчеттун формасын жана 10-тиркеме – ЖМБА-иш-чаралар протоколунун мисалын караңыз. 44 – 47-беттер. Сайттагы шилтемеси: http://www.vap.kg/ru/publications

ЖТ мүчөлөрү артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүүнүн жүрүшүндө ким менен өз ара аракетте болоорун, эмнени талкуулашарын айкын түшүнүүсү үчүн топтун жетекчилери ЖТ мүчөлөрүнө алардын функциялары жана милдеттери, пландалып жаткан жыйынтыктар тууралуу маалымат беришет. ЖТ мүчөлөрү буларды билиш керек:

- ЖМБА-иш-чаралары боюнча пландоо жолугушууларынын отчетунда белгиленген көйгөйлөрдү туура туюндурууну,
- көрсөтүлгөн көйгөйлөрдүн аныкталган себептеринин жана кесепеттеринин реалдуулугун баалаганды;
- адистердин, маморгандардын өкүлдөрүнүн жана эксперттердин колдоосу алдында көйгөйлөрдү чечүү үчүн сунушталган жолдоруна талдоо жүргүзгөндү, альтернативалык варианттарды карап чыкканды;
- кыска мөөнөттүү максаттарды жана милдеттерди аныктаганды;
- адистердин жана тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн колдоосу менен тиешелүү иш-чараларды иштеп чыкканды.

Зарыл болгон чакта Жумушчу топ стандарттарды, техникалык шарттарды жана башка ченемдик талаптарды камтыган айрым маселелер боюнча эксперттердин корутундусун алганы маанилүү.

Ишти эффективдүү уюштуруу үчүн ЖТ мүчөлөрү ЖӨБ органдары аткарыш керек болгон жергиликтүү маанидеги маселелерге ылайык, топчолорго бөлүнөт. Аларды шарттуу түрдө 3 блокко же багытка классификацияласа болот. “Экономика жана башкаруу” багыты. Социалдык-экономикалык пландоо жана башкаруу (экономикалык өнүгүүнү камсыздоо, жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу, муниципалдык менчикти башкаруу). “Коом” багыты. Калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүү (аз камсыздалган адамдарды аныктоо, дене тарбиянын, спорттун, бош убакытты, элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыздоо, китепканалардын ишин уюштуруу). “Инфраструктура” багыты. Аймактын турмуш тиричилик системасынын ишин жана өнүгүүсүн уюштуруу (таза суу менен жабдуу, канализация, жылуулук менен жабдуу ж.б.). Баары болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзам болжол менен ушундай 11 маселени белгилеген.

БАПта жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү жамааттын компетенциясынын алкагына чыккан, бирок муниципалитеттин калкы үчүн маанилүү болгон маселелерди бириктире турган төртүнчү багытка да уруксат бар. Көйгөйлөрдү топтоштуруу жана аларды багыты боюнча бөлүштүрүү ар кайсы муниципалитетте ар кандай болушу ыктымал. Айталы, эгерде бюджетте жолдордун ремонту үчүн акча жетиштүү болсо, бирок иштер начар уюштурулса, анда ички жолдордун начар абалын “Инфраструктура” топчосуна да, “Экономика жана башкаруу” топчосуна да киргизсе болот.

**3-таблица. ЖМБА процессинде аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрдү БАП багыттары боюнча бөлүштүрүүнүн мисалы**

| Көйгөй | Багыттары боюнча топчолор | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Экономика жана башкаруу | Коом | Инфраструктура | Башкасы |
| Таза суунун жетишсиздиги | | | ■ | |
| Ички жолдордун начар абалы | ■ | | | |
| ФАПтын заманбап имараты болбогону | | | ■ | |
| Клубдун заманбап имараты болбогону | | ■ | ■ | |
| Бала бакчада оруңдардын жетишсиздиги | ■ | | | |
| Сугат суунун жетишсиздиги | | | ■ | |
| Мончонун болбогону | | | ■ | |
| Жаштардын эрте турмуш куруусу | | ■ | | |
| Алкоголизм жана баңгилик | | ■ | | |
| Телевидениенин болбогону | | | | ■ |

Топчолорго ЖӨБдүн аткаруучу органынын – айыл өкмөтүнүн же мэриянын тиешелүү адистерин, ошондой эле жергиликтүү кеңештин өкүлдөрүн – мүмкүн болсо туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүн кошуу сунушталат. Мисалы, “Коом” багыты боюнча топчого социалдык кызматкерди, “Экономика жана башкаруу” багыты боюнча топчого жергиликтүү кеңештин туруктуу бюджеттик комиссиясынын төрагасын кошуш керек. Ушундай эле логика менен демилгелүү топтордун өкүлдөрүн бөлүштүрүп чыгышат.



**БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ ЖМБА-иш-чарасынын жүрүшүндө түптөлгөн бекем пайдубалга ээ болуш керек. Бул пайдубалдын бир бөлүгү – артыкчылыктуу көйгөйлөр тууралуу маалымат, экинчи бөлүгү – жигердүү жарандар, жумушчу топтун мүчөлөрү болот. Ошондуктан жумушчу топ мындай ураанды кармана алат: “Биз адамдарды активдүүлүккө түртпөйбүз. Биз жамааттын демилгелүү, жигердүү жана мотивациясы күчтүү өкүлдөрү менен иштешебиз!”.**


Алгачкы уюштуруучулук отурумдан кийин жумушчу топ өз ролун жана тапшырмаларын түшүнүп, топчолорго бөлүнөт, ишмердик планын түзөт жана кабыл алат, эксперттердин жана кызмат адамдарынын катышуусунда БАПтын багыттарына арналган бир катар тематикалык кеңейтилген отурумдар өткөрүлөт. Ар бир топчо өзүнчө кеңейтилген отурумдарды өткөрө алат, же башка топчолор менен бириксе болот. Алгачкы кеңейтилген отурум адатта көйгөйдү туюндурууга жана себеп-натыйжасын талдоого; экинчиси максаттарды, милдеттерди жана иш-чараларды аныктоого; үчүнчүсү жыйынтыктарды жана алардын индикаторлорун туюндурууга арналат.

### 3.2.2. Көйгөйдү туюндуруу жана себеп-натыйжа байланышына анализ

Көйгөй – бул фактыларга негизделген, жергиликтүү жамааттын конкреттүү бөлүгүндө орун алган терс кырдаалдын сүрөттөлүшү. ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүүнүн жүрүшүндө муниципалитетте көйгөйлөрдүн топтому аныкталат. Алардын ар бири жарандардын белгилүү бир тобу үчүн маанилүү. Бирок ЖӨБ органынын мүмкүнчүлүктөрү мыйзамдар, мезгил аралыгы жана финансы менен чектелүү. Ошондуктан бардык көйгөйлөрдү бир маалда чечип коюу мүмкүн эмес. Мындан тышкары көйгөйдү аныктоодо жарандар аны пайда болуу себептери менен чаташтырып алышат. Бул болсо пландоого олуттуу таасирин тийгизет. Мисалы, ЖМБА-сессия маалында муниципалитеттин жашоочулары орто мектептин чатырынан суу тамчылап турганын көйгөй деп аташкан. Бирок маселени терең изилдей келгенде чатыр эмес, окуучулардын жана мугалимдердин суук тийип көп ооруганы көйгөй экени белгилүү болгон. Маселени андан ары изилдөө чатырдын ремонту кырдаалды оңдобой турганын көрсөттү. Анткени суук тийип ооругандардын санынын өсүшүнө коридордон урган жел, жылуулук системасынын начар иштешинен улам класстардын ным тартканы, эскирген терезелер жана каалгалар таасирин тийгизген. Электр жарыгынын маал-маалы менен өчүп турушу, генератордун жоктугу да кырдаалды ого бетер курчутту. Бул мисал оорулардын деңгээли көйгөй болгонун, ал эми анын пайда болуусунун себептери көп экенин көрсөттү. Пландоо процессинде ресурстарды натыйжасыз колдонуудан оолак болуу үчүн себептердин жана кесепеттердин өз ара байланышын түшүнүү зарыл. Биздин мисалда чатырдын ремонту көйгөйдү чечпейт, себеби жел ура берет, ным кала берет. Ал эми генераторду сатып алуу чатыр маселесин чечпейт. Анда биринчи кезекте эмне кылыш керек?

Пландоо практикасында көйгөйдү туюндуруу үчүн төмөнкүдөй критерийлер бар: өзгөрүүлөрдү талап кылган кырдаал кыскача мүнөздөлөт; кызыкдар адамдардын чөйрөсү так аныкталат; сандык көрсөткүчтөр менен өлчөнөт; өзгөрүүлөргө дуушар болот; жамааттагы турмуш шарттарына тиешелүү маселе каралат. Эгерде көйгөйдү туюндурууга байланыштуу кыйынчылыктар пайда болсо, анда учурдагы кырдаалды сүрөттөп берсе болот. Кырдаал өткөн чакта, же келечекте эмес, учур чакта түзүлгөн болуш керек. Ашыкча сөздөрдөн жана өткөн чакка кайра-кайра кайта бергенден оолак болуу зарыл. Жергиликтүү жамаат чече албай турган глобалдык факторлорду козгобош керек. Мисалы, “аймакта жаратылыш газы жок”, же “деңизге жеткиликтүүлүк жок”. Көйгөйдүн туюндурулушу жана кырдаалды сүрөттөө терс көрүнүштүн пайда болуу себептерин аныктоого жардам берет. Анткен менен көйгөйдүн терс кесепеттерин аныктап алуу, учурдагы көйгөй бүгүнкү күндөгү жана келечектеги кырдаалга кантип таасирин тийгизгенин көрсөтүү да маанилүү. Мына ушинтип “себеп – көйгөй – натыйжа” чынжыры түзүлөт. Ал пландоонун кийинки этаптарында көйгөйдү чечүүнүн мүмкүн жолдорун аныктоого, алардын эффективдүүлүгүн баалоого жана эң эле туура чечим кабыл алууга жардам берет. Көйгөй бир нерсенин жоктугу катары эмес, анын таасир этүүсү катары туюндурулуш керек. Мисалы, эгерде фельдшердик-акушердик пункттун жоктугу көйгөй болсо, аны чечүүнүн жолу ФАПты ачуу деп айтылат. Чындыгында жамаатта жашаган эркектердин саламаттыгынын начар абалы көйгөй болсо, ФАПтын курулушу бул көйгөйдү чече албайт. Бардык көйгөйлөр аныкталгандан кийин кайсы көйгөй өзөктүк болорун чечүү зарыл. Андан кийин “көйгөйлөр дарагы” түзүлсө болот. Эгерде көйгөй өзөктүк көйгөйгө карата себеп болуп эсептелсе, ал төмөн жакка жайгаштырылат; эгерде көйгөй өзөктүк көйгөйдүн натыйжасы болуп эсептелсе, анда жогору жактан орун алат; эгерде көйгөй өзөктүк көйгөйгө карата себеп да, натыйжа да болуп эсептелбесе, ал ошол эле деңгээлде кала берет. “Дарак” жоонойгон сайын ал бардык саналган көйгөйлөрдү өзүнө камтый берет (6-сүрөттү караңыз).


**6-сүрөт. “Көйгөйлөр дарагы”**



Мисалды алып карайлы: Кара-Жал ААда таза суунун жетишсиздигин жергиликтүү жамаат өзөктүк катары аныктаган. Жумушчу топ көйгөйдү пайда кылган бир катар факторлорду аныктаган: суу менен камсыздоо кызмат көрсөтүүсү жок, суу кууру жок, колонканын колдонулушуна көзөмөл жок, аны колдонуу эрежелери тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлбөйт. Анткен менен бул факторлор өз кезегинде бир катар башка себептер менен шартталган: финансынын, тажрыйбанын, жашоочулардын активдүүлүгүнүн жоктугу ж.б. (7-сүрөттү караңыз).

Андан кийин көйгөйлөрдүн кесепеттерин аныктап алуу зарыл. Бул үчүн аларды эмне болгонуна жана келечекте эмне болмоктугуна жараша бөлүштүрүү керек. Биринчи кезекте түздөн-түз кесепеттер, ал эми кийинки катарларда буга чейинкилердин айынан болгон кесепеттер жайгаштырылат. Кесепеттерди ушул көйгөйдүн алкагына киргенге чейин түзө бериш керек.

**7-сүрөт. Таза суу жетишсиздиги көйгөйүнүн пайда болуу себептери**



### 3.2.3. Максаттарды, тапшырмаларды жана иш-чараларды аныктоо

**Максат – бул ЖӨБ органынын кайсы бир мезгилдин соңуна карата так соңку багыты, ал эми тапшырма – кайсы бир мезгил ичиндеги аракеттер. Мисалы, ЖӨБ органынын максаты жылдын соңунда калкты таза суу менен камсыздоону 15% көбөйтүү болсо, тапшырма – үч айдын ичинде суу түтүк системаларын оңдоп-түзөө. Иш-чара – бул тапшырманы аткарууга жана максатка жетүүгө салым кошуу үчүн ЖӨБ органынын бир жолку иш-аракети. Мындай учурда ремонттук иштерди сатып алууга жарыяланган тендер иш-чара катары каралса болот.**

***Максатты кантип туюндуруу керек?***

Максат аныкталган артыкчылыктуу көйгөйдүн базасында туюндурулат. Маңызы боюнча, максат – бул ошол көйгөйдү чечүүнүн жыйынтыгы. Ал көйгөй толук көлөмдө чечилди дегенди билдирет. Максат – бул биргелешкен аракеттер планын (мындан ары – БАП) ишке ашыруунун натыйжасында жамаатта боло турган өзгөрүүлөр. Максаттардын негизги миссиясы – БАПтын алкагында артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча пландалган иштер кандай жыйынтыкка алып келе турганын көрсөтүү.

Тапшырмалар, өнүмдөр, ортодогу жана соңку жыйынтыктар сандык жана сапаттык жактан өлчөнүүгө тийиш. Максат сандык мүнөзгө ээ болбосо деле болот, бирок максат кийин анын жетишкендиктеринин таасири бааланa тургандай туюндурулуш керек.

Максат аракетке түртөт. Ошондуктан максатты туюндуруу өзгөрүүлөрдү билдире турган зат атоочтордон башталыш керек. Мисалы, “көбөйүү”, “кыскаруу”, “башталыш”, “азаюу”, “жакшыруу”, “жетишүү”. Максат адатта кыска айтылып, бир сүйлөмдөн, өтө сейрек учурда эки сүйлөмдөн турат. Адатта максат ага жетүүнүн жолдорун жана ыкмалардын сүрөттөлүшүн камтыбайт.

**5-таблица. Туура жана туура эмес туюндурулган максаттардын салыштырылышы**

| Туура туюндурулган максаттар | Туура эмес туюндурулган максаттар |
|---|---|
| Таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө жарандардын канааттануу деңгээлин жогорулатуу | Таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча ишкана ачуу |
| Таза сууга жеткиликтүүлүгү бар айыл тургундарынын үлүшүн 10% көбөйтүү | Жаңы суу түтүгүн куруу |
| Жашоочулардын кечкисин айылдын көчөлөрүндө ээн-эркин басып жүрүүсүнө жетишүү | Айылдын көчөлөрүндө жарык берүүчү системаны оңдоо |
| Айылдык аймактагы жаштар арасында кылмыштуулуктун санын кыскартуу | Бош убакытта спорт менен машыгуу үчүн шарттарды түзүү менен XXX айылдык аймагында жаштар арасында кылмыштуулукту токтотуу |
| Аялдар үчүн жумуш орундарынын санын көбөйтүү | Сүттү кайра иштетүү чөйрөсүндө аялдар үчүн жаңы жумуш орундарын түзүү |
| Жергиликтүү бюджеттин айкындуулугуна жетишүү | Жергиликтүү бюджет боюнча маалыматты сайтка жайгаштыруу менен айылдык аймактын калкынын ага жеткиликтүүлүгүн камсыздоо |

Максат аныкталып, туюндурулгандан кийин төмөнкүдөй суроолордун жардамы менен анын тууралыгын текшерүүгө болот.

- Биз эмнени өзгөрткүбүз келет?
- Кандай жыйынтыкка жеткибиз келерин элестете алабызбы?
- Максатка жеткенибизди кантип билебиз?
- Бул максатка жетүү үчүн биз эмне кылабыз?
- Муну чындап эле каалап жатканыбыз аныкпы?
- Алдыга коюлган максатка жетүү үчүн кандай ресурстар талап кылынат? Биздин карамагыбызда бул ресурстар барбы? Эгерде болбосо, аларды тарта алабызбы?
- Бул жыйынтык максатка жетүү үчүн корото турган аракеттерди актайбы?
- Тапшырманы кантип туюндуруш керек?

Ар бир максатка жетүү бир катар тапшырмаларды аткарууну талап кылат. Тапшырма процесс эмес, соңку жыйынтык болуп эсептелет. Тапшырма канчалык айкын болсо, артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү боюнча иштерди пландоо жана жүзөгө ашыруу да ошончолук жеңил болот. Тапшырманы так туюндуруу да БАПтын ишке ашырылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү процессин жеңилдетет. Тапшырмалар аларды аткарууну өлчөп, баалай алгыдай туюндурулат.

Максат “Биз кайда баратабыз?” жана “Эмне?” деген суроолорго жооп берсе, тапшырма “Кандай жолдор менен баратабыз?” жана “Кантип?” деген суроолорго жооп издейт.

*МИСАЛ:*

*Максат – жарандардын таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө канаатта-*

*нуу деңгээлин жогорулатуу. Бул максатка жетүү үчүн бир катар тапшырмаларды аткаруу зарыл.*

*1-тапшырма. Кызмат көрсөтүүнү туюндуруу: 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү.*

*2-тапшырма. Кызмат көрсөтүүнүн баасын баалоо: айылдык аймактын калкы арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана таштанды чыгарууга тарифти калк менен макулдашуу.*

*3-тапшырма. Кардарлардын базасын түзүү: айылдык аймактагы бардык айылдардагы ар бир үй кожолугу жана менчиктин түрдүү формасындагы жергиликтүү уюмдар менен таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө келишимдерди түзүү.*

*4-тапшырма. Керектөөчүлөргө кошумча кызмат көрсөтүү: 2017-жылдын ортосунан кеч эмес мөөнөттө бардык айылдардагы негизги жана алыскы көчөлөрдү, жергиликтүү билим берүү жана медициналык мекемелердин короолорун таштандыны өз-өзүнчө чогултуу үчүн атайын аянтчалар жана таштанды контейнерлер менен жабдуу*

*5-тапшырма. Керектөөчүнүн кызмат көрсөтүүгө карата мамилесин өзгөртүү: ар бир кварталда ар бир айылдын аймагында жана бардык айылдык аймакта акцияларды жана ишембиликтерди өткөрүү; туруктуу негизде жылына бери дегенде эки жолу ар бир айылдагы бала бакчада жана мектептерде айылдын аймагында тазалыкты сактоо боюнча атайын иш-чараларды (сынактарды, акцияларды, ачык сабактарды, жолугушууларды, илимий-көркөм тасмаларды көрсөтүүнү ж.б.) уюштуруу.*

***Иш-чараны кантип туюндуруу керек?***

Ар бир тапшырманы аткаруу процесси өзүнчө иш-чаралардан турат, алар бир жолку же туруктуу мүнөзгө ээ.

*МИСАЛ:*

*1-тапшырма. Кызмат көрсөтүүнү туюндуруу: 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү.*

*Бул тапшырманы аткаруу үчүн бир катар иш-чаралар талап кылынат.*

*1-иш-чара. Муниципалдык ишкананы каттоо үчүн баштапкы документтерди даярдоо.*

*2-иш-чара. Муниципалдык ишкананы Юстиция министрлигинде каттоо.*

*3-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иш планын жана бюджетин иштеп чыгуу.*

*4-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иши үчүн бөлмөлөрдү жабдуу.*

*5-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иши үчүн атайын техниканы жана башка материалдык ресурстарды сатып алуу.*

*Жана башкалар.*

### 3.2.4. Жыйынтыктарды жана индикаторлорду аныктоо

***Жыйынтыкты кантип туюндуруу керек?***

Жыйынтык – бул иш-чараларды аткаруунун натыйжасында алынган өнүм.

*МИСАЛ:*

*1-иш-чара. Муниципалдык ишкананы каттоо үчүн баштапкы документтерди даярдоо.*

*Жыйынтык: Каттоо үчүн баштапкы документтер даярдалды: муниципалдык ишкананын уставы, уюмдаштыруу документтери, протокол.*

***Индикаторлорду кантип аныктаса болот?***

Индикаторлор (лат. indicator — көрсөткүч) – бул өлчөгүчтөр, көрсөткүчтөр, алар биргелешкен аракеттер планынын ишке ашырылышын баалап, ага мониторинг жүргүзүүгө жол берет, ошондой эле пландалган жыйынтыктарга жетип-жетпегенин көрсөтөт. Индикаторлор – бул алынган жыйынтык пландалган жыйынтыкка дал келгенинин (же дал келбегенинин) сандык же сапаттык тастыктамасы же далили. Ал “Эмне үчүн сиз алдыга койгон максатка баратам деп ойлойсуз?” жана “Эмне үчүн сиз максатка жеттим деп ойлойсуз?” деген суроолорго жооп берет.

Индикаторлор максат аныкталып, тапшырмалар коюлгандан кийин иштелип чыгат жана белгилүү критерийлерге жооп бериш керек.

***Конкреттүүлүк***. Индикаторлор БАПтын кайсы жеринен кандайдыр бир өзгөрүүлөр күтүлсө, ошол тармактар менен конкреттүү байланышта болуш керек. Ошону менен бирге тышкы таасир менен байланышта болгон жана БАПтын аткаруучуларынан көз каранды болбогон көрсөткүчтөрдү индикатор катары колдонуудан алыс болуш керек. Мисалы, эгерде БАП айылдык аймактын ички жолдорунун абалын жакшыртууга багытталса, оңдолгон ички жолдордун километринин саны индикатор болуп берет. Ал эми

республикалык маанидеги жолдун ремонту БАПтын аткаруучуларынан көз каранды эмес, ошондуктан ал жолдун километри БАПтын индикаторлору боло албайт.

***Тактык***. Индикаторлорду өлчөө жана чечмелөө эки башка түшүнүк бербеши үчүн алар айкын сүрөттөлүүгө тийиш. Мисалы, эгерде ветеринардык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүк деңгээлин жогорулатуу индикатор катары кабыл алынса, "жеткиликтүүлүк" деген сөз эмне мааниде айтылып жатканы баарына түшүнүктүү болуш керек. Алыскы айылда заманбап технологиялар жана жабдуулар менен малдарды жасалма жол менен уруктандыруу пунктунун ачылышы аймактагы калган айылдарда жашаган фермерлер үчүн жеткиликтүү болбошу мүмкүн. Же болбосо бул кызмат көрсөтүүлөрдүн ашыкча кымбат болушу аны көпчүлүк үчүн жеткиликтүү кылбайт. Ошондуктан мындай кырдаалда жеткиликтүүлүк физикалык жеткиликтүүлүк индикатору менен өлчөнөт – фермерлер менен жасалма жол менен укруктандыруу пункту ортосундагы аралык, ошондой эле баа жеткиликтүүлүгү – фермерлердин күтүүлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн салыштыруу менен кызмат көрсөтүүгө баалардын деңгээли.

***Ишенимдүүлүк***. Тандалып алынган индикаторлордун өзгөрүүсү БАПтын кийлигишүүсү, иши менен тикелей же кыйыр түрдө шартталганын ырастаган жүйөлүү далилдер болуш керек. Мисалы, жамааттарда ичеги оорулары менен ооруган адамдардын санынын азайышы – бул жаңы хлоратордук станцияны жана бактерияга каржы жабдууларды орнотуунун жыйынтыгы.

***Салыштырылуучу***. Узак мөөнөттүү өзгөрүүнү аныктоо үчүн ошол эле индикаторлор узак мезгил бою өлчөнүп турууcу зарыл. Мисалы, калктын маалымдуулук деңгээли, ичеги оорулары менен ооругандардын саны, жергиликтүү бюджеттин айкындуулугунун жогорулашы ж.б. Анткен менен БАПтын артыкчылыктары жана тапшырмалары өзгөргөнүнө жараша, же өзгөчө күтүлбөгөн таасирлерден улам дайыма колдонулган индикаторлорго тиешелүү өзгөртүүлөр, түзөтүүлөр киргизилсе болот.

***Жеңил чогултулчу*** – алгылыктуу мөөнөттөрдө жана акылга сыярлык баада тандалып алынган индикаторлор боюнча маалымат чогултуунун чыныгы мүмкүнчүлүгү болуш керек. Мисалы, көчөгө жарык берүүнү уюштуруу үчүн орнотулган устундардын саны, же айыл өкмөтүнүн, мэриянын маалымат керегесинде илинген бюджет тууралуу маалыматты камтыган документтердин саны.

***Текшерилүүчү***. Жыйналган маалыматтар текшерүү үчүн жеткиликтүү болууга, маалыматтын такталган булактарына ээ болууга тийиш. Мисалы, жарандардын ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө канааттануусунун деңгээли анкеталар жана сурамжылоо өткөрүү методологиялары менен тастыкталууга тийиш. Бюджет тууралуу маалыматты өз убагында жарыялаганда күнү көрсөтүлүп, маалымат керегесинде сүрөттөр менен илиниш керек.

Индикаторлордун өз мааниси болуш керек: сандык – сан менен көрсөтүлөт, сапаттык – балл, же пайыз менен көрсөтүлөт. Ошондой эле индикаторлор "ооба" же "жок", болбосо башка ушул өңдүү ырастоолор менен баалана алат.

*МИСАЛ*

*1-тапшырма. Кызмат көрсөтүүнү туюндуруу: 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү.*

*Тапшырманын аткарылышынын индикаторлору*

| ***Индикатордун сүрөттөлүшү*** | ***Индикатордун мааниси*** | ***Индикатордун мүнөзү*** |
|---|---|---|
| ***Муниципалдык ишкананы каттоо*** | ***1*** | ***Сандык*** |
| ***Уруксат берчү документтерди өз убагында алуу*** | ***"Ооба" же "жок"*** | ***Сапаттык*** |
| ***Үй кожолуктары жана уюмдар менен түзүлгөн келишимдердин саны*** | ***100*** | ***Сандык*** |
| ***Орнотулган контейнерлердин жана таштанды кутуларынын саны*** | ***50*** | ***Сандык*** |
| ***Калктын таштанды тазалоого жана чыгарууга канааттануусунун деңгээли*** | ***50%*** | ***Сандык*** |

Адамды өлчөө индикаторлору гендердик жактан ажыратып туруш керек. Мисалы: Бала бакчанын ачылышы 6 кишини жумуш менен камсыздады. Алардын ичинен экөө эркек жана алтоо аял.

### 3.2.5. БАПтын жергиликтүү бюджеттен аткарылышынын ресурстук камсыздоосун даярдоо

Өнүгүү боюнча ар бир ишмердик материалдык, адам, убакыт жана финансы ресурстарын талап кылат. Жергиликтүү жамааттарда өнүгүүнүн финансы ресурстары менен камсыздоо маселеси өзгөчө курч турат. БАП – бул жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун биргелешкен аспабы болгондуктан, БАПты аткарууда финансы ресурстарынын маанилүү булагы болуп жергиликтүү бюджет эсептелет. Жергиликтүү бюджет – бул айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети, аны түзүүнү, бекитүүнү жана аткарууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жүзөгө ашырат[1].

[1] 2003-жылдын 25-сентябрындагы №215 "Финансы-экономикалык негиздер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы.

Жергиликтүү бюджетке карата чыгаша бөлүгүн түзүүнүн салттуу тартиби бар. Биринчи этабында бюджеттин корголгон беренелери боюнча чыгашалар аныкталат: айлык акы, Социалдык фондго чегерүүлөр, тамактануу, коммуналдык чыгашалар. Экинчи этабында ченемдик документтер менен аныкталган чыгашалар пландалат: иш сапарына кеткен чыгашалардын нормалары, кызматтык транспортту тейлөө ж.б., ошондой эле чарбалык жана башка чыгашалар. Үчүнчү этабында гана өнүгүү пландарын аткарууга каражат бөлүнөт. Мындай мамиле жергиликтүү бюджетти "мүмкүнчүлүгүнө жараша" түзүү тенденциясынын уландысы болуп эсептелет. Ушул убакытка чейин чыгаша милдеттенмелерин тапшырмаларды жана иш-чараларды каржылоо зарылчылыгынан улам, б.а., "керектөөлөрүнө жараша" аныктоо салты калыптанган жок. Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн түзүүдө учурдагы усулдарды жана принциптерди карманууну зарылчылыгына карабастан бюджетти программанын негизинде, жамааттын керектөөлөрүнө ылайык түзүү принциптерине бара-бара өтүү кеңеши берилет. Программалык бюджетке карай алгачкы кадам катары жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу эркектерге жана аялдарга тең таасирин тийгизүү принциптерин сактоо менен Биргелешкен аракеттер планында көрсөткөн артыкчылыктуу керектөөлөргө чыгаша бөлүктү түзүүдө таяныч болуп калышы ыктымал.

**БАПты аткарууда каржылоонун негизги булагы – жергиликтүү бюджет. Жалгыз гана жергиликтүү бюджет жамааттын бардык керектөөлөрүн канааттандыра албайт. Пландын биргелешкен мүнөзүн эсепке алуу менен, анын аткарылышын каржылоо үчүн башка ресурстарды тартуу логикалуу болмок. БАПты аткаруу үчүн финансы ресурстарынын кошумча булактары төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн: жергиликтүү бюджет – шаардын же айылдын жергиликтүү жамаатынын бюджети; жергиликтүү фонддордун жана коомдук уюмдардын каражаттары; демөөрчүлөрдүн каражаттары; гранттар.**

БАП боюнча жумушчу топтун негизги максаты – көйгөйдү чечүүгө багытталган тапшырмаларды жана конкреттүү иш-чараларды иштеп чыгуу, БАП иш-чараларын анын ичинде жергиликтүү бюджеттен каржылоо варианттарын сунуштоо. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын Финансы-экономикалык бөлүмү (ФЭБ) БАП боюнча иш-чараларды каржылоо булактарын жана керектөөлөрдү аныктайт. Жергиликтүү бюджеттин кийинки жылга долбоорун түзүү үчүн жооп берген ФЭБ БАПтын аткарылышына кете турган чыгашаны пландайт. Жергиликтүү бюджетти пландоо үчүн ФЭБ АА аймагындагы бюджеттик мекемелерден жана уюмдардан бир жылга керектөөлөрү тууралуу маалыматты сурайт (бюджеттик уюмдардын керектөөлөрүнө кетчү каржылоону чечмелеп чыгат). Ушул эле схема боюнча ФЭБ БАПты аткаруу мүмкүнчүлүктөрүн аныктап, АА аймагындагы тиешелүү уюмдардан жана мекемелерден БАПтын тигил же бул иш-чарасына пландалган чыгымдар тууралуу маалыматты сурайт. Мисалы, таза сууга байланышкан маселелерди чечүү боюнча эсептөөлөрдү кызмат көрсөткөнү үчүн керектөөчүлөрдөн акча чогултуунун эсебинен түзүлгөн өз бюджетин эсепке алуу менен ТСКАКБ бере алат. Финансы-экономикалык бөлүм АӨ башчысы аныктаган мөөнөттүн ичинде БАПтын иш-чараларын жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржылоо мүмкүнчүлүгү барбы, же каржылоонун дагы башка кандай булактар бар деп анализ жасайт. Анализ эки этап менен өтөт. Биринчи этапта ФЭБ жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүн талдап, тиешелүү уюмдардан жана мекемелерден БАП иш-чараларын каржылоо керектөөлөрүнүн чечмеленишин талап кылат. Экинчи этапта ФЭБ жумушчу топко түрдүү булактардан, анын ичинде жергиликтүү бюджеттен каржылана ала турган БАП иш-чараларынын баасынын чечмеленишин, деталдуу эсебин берет. Жумушчу топ ЖӨБ органында БАПтан тышкары башка дагы тармактык программалар жана пландар бар болгонун, алар да жергиликтүү бюджеттен каржыланарын унутпаш керек.

Жумушчу топ БАПтын аткарылышын камсыздоонун мамлекеттик тапшырык, түрдүү эл аралык донордук долбоорлор менен кызматташтык өңдүү варианттарын ойлонуштуруш керек. Мисалы, ушул тапта Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги мамлекеттик социалдык тапшырык механизмин колдонуу менен жыл сайын республикалык бюджеттин каражаттарын бөлүп турат жана түрдүү социалдык долбоорлорду ишке ашырууга конкурс жарыялап келет. Бул долбоорлор БАПка кириши мүмкүн. Бирок ошону менен бирге тапшырманы аткарууга муниципалитет аймагындагы, же башка жерлерден коммерциялык эмес уюмдар тартылыш керек. Айыл чарба министрлиги жана башка уюмдар донорлор менен биргеликте айыл чарба чөйрөсүндөгү, мисалы, жайыттарды башкаруу, ирригация ж.б. чөйрөдөгү долбоорлорду ишке ашырууда.

Андан кийин БАП долбоору ФЭБ адистери негиздеп жана тастыктап берген каржылоонун ыктымал булактары менен жумушчу топко кайтат.

Айрым тапшырмаларды жана иш-чараларды каржылоо булактары болбогон учурда ЖӨБдүн аткаруучу органынын башчысы жумушчу топ менен биргеликте финансы каражаттарын тартуунун альтернативалык мүмкүнчүлүктөрүн карап чыгыш керек.

### 3.2.6. Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн БАПтын ресурстук камсыздоосун даярдоосу

Ар бир муниципалитеттин аймагында ТСКАКБ жана СПА өңдүү коомдук бирикмелер же уюмдар түзүлгөн. Алар кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткирүүчүлөрү болуп эсептелет жана бул кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан иш-чаралар боюнча эсептерди бере алат. Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн багыттар боюнча пландоо жолугушууларын өткөргөн маалда бул уюмдардын өкүлдөрүн чакырып, тигил же бул иш-чаралар боюнча сунуштоолорун, тыянактарын сураш керек. Анткен менен жеткирүүчүлөрдүн маалыматтарына толугу менен таянуу да туура эмес. Себеби алар тигил же бул себептерден улам жаңылыш болуп калышы ыктымал. Балким тышкы эксперттин жардамы менен кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн чыгашаларын кошумча кайра эсептеп чыгуу керек. Эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына караштуу муниципалдык ишкана бар болсо, анда КТК үчүн жыйым, же таштанды аянтынын курулушу өңдүү эсептөөлөрдү аталган ишкананын бухгалтери бериш керек.

### 3.2.7. БАПты жыйынтыктоо жана жол-жоболоштуруу

Эмесе, жумушчу топ БАПтын багытын аныктады, тапшырмаларды, иш-чараларды сүрөттөп берди, талап кылынган финансы ресурстарын эсептеди дейли. Эми адам ресурстарын, аткаруу мөөнөтүн аныктап, планды жол-жоболоштуруу калды.

Планды жол-жоболоштурууда “Жооптуулар” деген сабында аты-жөнүн, кызматын, иштеген жерин көрсөтүү менен конкреттүү адамдар көрсөтүлүш керек. Көбүрөөк жоопкерчиликти өзүнө ЖМБА-иш-чаралар комплексин өткөрүүгө жана БАПты иштеп чыгууга тартылган адамдар алат. Алар: жумушчу топтун мүчөлөрү, демилгелүү топтун лидерлери жана мүчөлөрү, ЖӨБдүн аткаруучу органынын адистери (кызматкердин адистигин жана пландын багытын эске алуу менен), жергиликтүү кеңештин депутаттары (пландын багытын жана кеңештеги туруктуу комиссиянын тематикасын эске алуу менен).

Бул этапта план эмнелер жасалыш керек болгонун ачык көрсөтөт. Эми бул үчүн кандай кесипкөй тажрыйба керектигин түшүнүп, сүрөттөө зарыл. Көп учурда кандай кесипкөй тажрыйба бар болгону күн мурдатан белгилүү болот. Буга карабастан бул жерде иш-чаралар планын колдо болгон адам ресурстары көз карашынан алганда аткара алабызбы – мына ушуну текшерүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүк түзүлөт. Иш-чараларды аткаруу үчүн жоопкерчилик жумушчу топтун, демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн жана тартылган эксперттердин ортосунда бөлүштүрүлүш керек. Ким, эмне жасай турганын айтып коюу аздык кылат. Тапшырма алуу менен пландын максатына жетүү үчүн жоопкерчилик байланышкан. Ошондуктан тапшырмаларды аткарууда ар бир адамдын жөндөмдүүлүгү, квалификациясы жана тажрыйбасы көңүлгө алыныш керек. Тапшырма берип жатканда ал үчүн жооптуу адамдар алардан эмне талап кылынып жатканын түшүнгөнүн текшерүү зарыл.

**Демилгелүү топтордун мүчөлөрү Биргелешкен аракеттер планында жооптуу аткаруучулар катары аталган адамдардын аты-жөнү – бул бир жагынан ошол адамдын демилгесин тааныгандык болсо, экинчи жагынан жыйынтык болуш үчүн ага коом алдында жүктөлгөн жоопкерчилик. Аймактын өнүгүүсү үчүн жоопкерчиликти ЖӨБ органдары менен тең бөлүшүп, жамаат мүчөлөрү өз мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет, маалымдуулук деңгээлин арттырат, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө социалдык өнөктөштүк үчүн аянтча түзүшөт. Жергиликтүү кеңеш жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жамааттын өнүгүүсү боюнча биргелешкен ишке жарандарды тартуу менен калктын ишенимине ээ болушат, конструктивдүү диалог түзүшөт. Ал эми сапаттуу кызмат көрсөтүү менен жалпы күнүмдүк артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү мунун жыйынтыгы болуп калат.**

Пландын иш-чараларын аткаруу мөөнөттөрү ченемдик талаптар, уюмдун талаптары жана аларды ишке ашыруудагы объективдүү шарттар жана мүмкүнчүлүктөр, анын ичинде ар бир жооптуу адамдын. Планды жол-жоболоштурууда “Мөөнөттөр” сабында кайсы иш-чаралар аткарылыш керек болгон конкреттүү күндөрдү көрсөтүү зарыл.

Пландын форматы “Бенефициарлар” (түз жана кыйыр) сабын да караштырат. Бенефициарлар – бул БАПтын аткарылышында артыкчылыктуу көйгөйдү чечүүдөн пайда алчу максаттуу аудитория. Мисалы, орто мектептеги шартты жакшыртуудан бенефициарлардын төмөнкүдөй категориясы пайда алат: окуучулар, мугалимдер, окуучулардын ата-энеси, жалпысынан жамаат. Ошону менен бирге окуучулар, мугалимдер, окуучулардын ата-энелери – булар түз бенефициарлар. Анткени алар тике же түз пайда алышат. Жамаат – кыйыр бенефициар. Себеби билим берүүнүн сапатын жакшыртуудан кыйыр пайда алат. Күрөш залын ачуунун натыйжасында тике пайданы спорт менен машыгып, ден соолугун бекемдей турган жаштар

алат. Кыйыр пайданы жамаат алат. Анткени мыйзам жана тартип бузуулар азаят. Ошондой эле кыйыр пайданы үй-бүлөлөр да алат. Себеби аракечтердин саны азаят. Бенефициарлардын санын жумушчу топтун мүчөлөрү аныктайт. Бул сан каржылоо булактарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өзгөрүп турат.

Мөөнөттөрдү жана жоопттууларды аныктап, түз жана кыйыр бенефициарлардын санын эсептегенден (бенефициарлар боюнча көрсөткүчтөр гендердик жактан ажыратылган болуш керек) кийин БАПтын жолжоболоштурулган, эскертүүлөрдү жана сунуштарды эсепке алуу менен даярдалган долбоор ЖӨБ органына берилет. ЖӨБ коомдук талкуу уюштуруп, жергиликтүү кеңештин кароосуна жиберет. Планга тиркелген ЖТ отчетуна БАПты даярдоонун алкагында өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу маалымат камтылыш керек. Ал пландын негиздүүлүгүн тастыктайт.

### 3.2.8. БАПты иштеп чыгууда типтүү каталар - пландын мазмун жана ресурстар менен толтуруу

- Жумушчу топ ЖМБА-иш-чараларынын жүрүшүндө жашоочулар көтөрүп чыккан көйгөйлөргө анализ жүргүзбөйт, натыйжада көйгөй эмес, анын пайда болуу себеби болуп калууда.
- Алардын баамында, жашоочулар көйгөйдү чечүү үчүн сунуштаган жолдор эффективдүү болгон, бирок адистер тарабынан анализденген эмес. Натыйжада көйгөйдү чечүүгө таасирин тийгизген эмес. Мисалы, жашоочулар маданий-тарыхый мурасты сактап калуу үчүн маданият үйүн куруп, ал жерде музей ачыш керек деп чечкен. Бирок курулган маданият үйү бош турат. Анткени музейди ачуу үчүн жамаатта акча жок. Ал эми мунун ордуна аймактын колдонмо искусствосун сактоо максатында жаштар үчүн мастер-класстарды уюштуруу керек эле.
- Көп учурда ЖМБА процессинде жаңырган көйгөйлөр анализдин жүрүшүндө жумушчу топ аныктабай калган башка көйгөйдүн себеби болуп чыга келет. Мисалы, балдарга көп суук тийип, жөтөлгөнүнүн себебин жарандар мектептерде жылуулук начар болгону менен түшүндүрүшөт. Чындыгында балдар кышында шамалдуу аймактан мектепке чейин бир нече километрди жөө басып келишет.
- Көйгөйдүн пайда болуусуна түз таасирин тийгизбеген себептер туура эмес аныкталган. Ошону менен бирге көп учурда себеп катары финансынын жетишсиздиги айтылат. Мисалы, таза суу менен начар камсыздоонун себеби катары суу түтүк системасынын ремонту үчүн жергиликтүү бюджеттен каржылоонун жоктугун аташат. Анткен менен ремонт жасалгандан кийин деле кырдаал оңолуп кеткен жок. Көрсө, ремонт иштерине акча жетпегени эмес, ТСКАКБ жетекчилигинин айынан кызмат көрсөтүү начар сапатта болгону көйгөйдү жаратып келген экен.
- Эркектерге жана аялдарга тең таасирин тийгизүү принциптеринин сакталганына карата БАПка гендердик анализ жүргүзүлбөйт. Мисалы, “дене тарбияны жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттар менен камсыздоо” өңдүү жергиликтүү маанидеги маселени чечүүдө өткөн жылы футбол аянтчасын курууга каражат бөлүнгөн. Ал эми бул жылы күрөш залынын ремонту же шаймандарды сатып алуу үчүн каражат бөлүнүп жатат; б.а., бул маселени чечүүдө аялдардын кызыкчылыктары эске алынган эмес.
- Иш-чаранын баасын эсептөө жана каржылоо булактары формалдуу берилген, аны ФЭБ адистери даярдаган эмес, мында айрым жашоочулардын гана пикирлери чагылдырылган.
- Тапшырмалар жана иш-чаралар туура эмес аныкталган, бул болсо БАПты ашыкча деталдаштырууга алып келүүдө.
- Себептер бир тараптуу жана туура эмес аныкталган, бул болсо майнапсыз чечимдерди, аракеттерди жана иш-чараларды пайда кылды.
- ЖӨБ жетекчилиги жарандардын сунуштарына эч ойлонбостон макул болот. Натыйжада аларды объективдүү себептерден улам аткаруу мүмкүн эмес, же андан майнап чыкпайт. Мисалы, ЖӨБ суу мунарасын курууга макул болду. Бирок бул чечим майнапсыз болуп калды. Анткени башка ыкмалар менен деле арзан жана тез суу менен жабдууну уюштурса болот.

## 3.3. Биргелешкен аракеттер планын макулдашуу жана жалпыга жарыялоо

### 3.3.2. Кызыкдар тараптарды маалымдоо

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер планы көп сандагы кызыкдар жактарга тиешелүү. Алар: айрым социалдык топтордун, катмарлардын, жарандардын атынан калк; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдары, анын ичинде жетекчилери; мамлекеттик башкаруу органдарынын аймактык бөлүмдөрү (жергиликтүү мамлекеттик администрация, жумушка орноштуруу кызматы, кесипкөй билим берүү, социалдык коргоо системалары ж.б.); чарба жүргүзүүчү объекттер жана алардын бирикмелери (ишканалар, жумуш берүүчүлөр жана аларды бириктирген ассоциациялар); коомдук бирикмелер (саясий, экологиялык, илимий, кесипкөй ж.б.).

**6-таблица. Жергиликтүү өнүгүүдөгү кызыкчылыктар менен бириккендердин тобу1**

| Калк | Бизнес-жамаат | ЖӨБ органдары |
|---|---|---|
| Материалдык кызыкчылыктар:<br>– турак жай шарттарын жакшыртуу;<br>– кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүн кеңейтүү ж.б.<br>Социалдык кызыкчылыктар:<br>– социалдык жактан коргоону камсыздоо ж.б.<br>Экологиялык кызыкчылыктар:<br>– айлана-чөйрөнүн тазалыгын сактоо;<br>– рекреация зоналарын кеңейтүү ж.б. | Материалдык кызыкчылыктар:<br>– сырье базасын кеңейтүү;<br>– жумушчу күчтүн квалификациясын жогорулатуу;<br>– кошумча финансы ресурстарын тартуу ж.б.<br>Социалдык кызыкчылыктар:<br>– муниципалитетте социалдык туруктуулукту камсыздоо;<br>– бизнестин имиджин жакшыртуу ж.б.<br>Саясий кызыкчылыктар:<br>– жергиликтүү бийлик органдары менен байланышты бекемдөө | Материалдык кызыкчылыктар:<br>– бюджетти толуктоо;<br>инвесторлорду тартуу;<br>Саясий кызыкчылыктар:<br>– муниципалитеттин имиджин жакшыртуу;<br>– бийликти жана таасирин бекемдөө<br>Материалдык эмес кызыкчылыктар:<br>– жергиликтүү салттарды жана адаттарды сактоо;<br>– башка муниципалитеттер менен маданий алаканы бекемдөө ж.б. |

Бул тараптардын баарына ишмердиктин кандай түрлөрү муниципалитеттин аймагында артыкчылыктуу катары өнүгөрү, кайсы көйгөйлөр биринчи кезекте чечилери, кайсы бизнес биринчи кезекте жергиликтүү бийлик жана жергиликтүү жамаат тарабынан  колдоо табары баары бир. Мындан улам кызыкдар тараптарга БАПтын мазмуну, аны иштеп чыгуу процесси, пландалган жыйынтыктар тууралуу маалымат берүү зарыл. Маалымдоонун ыкмаларын, көлөмүн жана каналдарын ар бир муниципалитет өз алдынча аныкташ керек. Маалымат өнөктүгүнүн форматын иштеп чыгууда “Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу” Окуу материалдар топтомунун “Коомдук иш-чаралар (чогулуштар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары” аттуу үчүнчү бөлүгүн колдонсо болот.

**7-таблица. Байланыш (маалымдоо) каналдарын тандоо**

| Максаттуу аудитория | Кабарлоонун түрү | Маалымат берүү каналы |
|---|---|---|
| Жарандар (шайлоочулар) | Кулактандыруу, жарыянаама | Эл көп чогулган жерде, ММКда жайгаштыруу |
| | Чакыруу билети | Үйлөргө, батирлерге жеткирүү, почта менен жиберүү |
| Жергиликтүү кеңештин депутаттары, саясий партиялар | Чакыруу кат | Почта же курьер менен жиберүү |
| “Бюджетчилер” (мугалимдер, дарыгерлер, кызматчылар) | Кулактандыруу, жарыянаама | Мекемелерде жана уюмдарда жайгаштыруу |
| | Чакыруу билети | Уюмдарга таратуу |
| Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жетекчилери | Чакыруу кат | Почта же курьер менен жиберүү |
| Ата-энелер | Чакыруу билети | Балдары аркылуу таратуу |
| Ишкерлер (ишканалардын жетекчилери, дыйкандар, жеке ишкерлер) | Чакыруу кат | Почта же курьер менен жиберүү |
| | Кулактандыруу, жарыянаама | Эл көп чогулган жерде, ММКда жайгаштыруу |
| Коомдук лидерлер, БӨУ | Чакыруу кат | Почта же курьер менен жиберүү |
| | Кулактандыруу, жарыянаама | Эл көп чогулган жерде, ММКда жайгаштыруу |
| Этникалык топтордун өкүлдөрү | Кулактандыруу, жарыянаама | Ошол топтун өкүлдөрү көп чогулган жерде жайгаштыруу |
| | Чакыруу билети | Үйлөргө, батирлерге жеткирүү, почта менен жиберүү |
| Ыктымал инвесторлор жана жаңы менчик ээлери | Чакыруу кат | Почта же курьер менен жиберүү |

[1] “Муниципалдык түзүлүштөрдө стратегиялык пландоо боюнча методикалык сунуштоолор” басылмасынын негизинде, А. Н. Широкова, С. Н. Юркова / “Орусиялык мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу боюнча илимий борбор” ФМИМ (В. Е. Рохчиндин, К. Н. Знаменскийдин эмгектери колдонулду), 2011. Сайттагы шилтемеси:  http://municipal-sd.ru/?q=node/36

Анткен менен маанилүү максаттуу аудитория катары жергиликтүү жамаат – жарандар кала берүүдө. Маалымдоодо аларга өзгөчө көңүл буруш керек. Маалымдоодон тышкары жамаат үчүн коммуникациялык иш-чара дагы бир маанилүү максатты көздөйт – кайра байланышка ээ болуу, жарандардын Биргелешкен аракеттер планы тууралуу пикирлерин алуу. Бул үчүн чогулуштар туура келет.

### 3.3.3. Биргелешкен аракеттер планын чогулушта талкуулоо

Жергиликтүү жамааттын Типтүү уставынын 26.3-пунктунда мындай деп белгиленген: "Айылдык чогулушта демилгелүү топтордун саны жана алардын курамы, биргелешкен аракеттердин планы жергиликтүү жамаат менен макулдашылат, андан кийин айылдык чогулуштардын, коомдук угуулардын катышуучуларынан келип түшкөн ой-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен биргелешкен аракеттер планы, демилгелүү топтордун курамы жана саны айыл өкмөт башчысынын чечими (же айылдык кеңештин токтому) менен бекитилет. Бул маалымат айыл өкмөтүнүн маалыматтык керегесине илинүү жолу менен жалпы элге жеткирилет".

Биргелешкен аракеттер планына карата чогулушту айылдык аймактын ар бир айылында (чакан шаардын ар бир районунда) өткөрсө болот, же башка айылдардын (райондордун) өкүлдөрүн борбордук айылдагы чогулушка чакырса болот. Күн тартибине төмөнкүдөй маселелер кошулушу мүмкүн.

- Кириш. Регламентти жана катышуучулардын жүрүм-турум эрежелерин бекитүү. Чогулуштун максаттары жана тапшырмалары.
- ЖМБА-иш-чараларынын жыйынтыктары (өткөрүлгөн ЖМБА-иш-чараларынын саны, катышуучулардын саны, анын ичинде аялдардын саны, ар бир айыл (район) боюнча артыкчылыктуу көйгөйлөр, кандай артыкчылыктуу көйгөйлөр БАПка киргизилди, кандай себептер менен айрым артыкчылыктар БАПка кирбей калды).
- БАП долбоорунун бет ачары (БАП долбоорун бет ачарын багыттар боюнча (артыкчылыктуу көйгөйлөр) өткөрсө болот, бет ачарлар үчүн демилгелүү топтун лидерлери тартыла алат).
- Демилгелүү топтордун курамын макулдашуу.
- Чогулуштун катышуучуларынан БАП боюнча суроолор (сунуштарды да жазуу түрүндө чогултса болот).
- Суроолор жана жооптор.
- Жыйынтык чыгаруу.

Дагы толугураак маалыматты "Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу" Окуу материалдар топтомунун "Коомдук иш-чаралар (чогулуштар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары" аттуу үчүнчү бөлүгүнөн таба аласыз.

### 3.3.4. БАПты ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органынын бекитүүсү

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук бийликтин органдары болгондуктан алар үчүн пландоо документтеринин легитимациясы (жергиликтүү жамааттын макулдугун алуу) жана легалдаштыруусу (белгиленген тартипте бекитүү) абдан маанилүү. Ошону менен бирге ЖӨБ органынын өнүгүү пландарын жана программаларын кабыл алуусу муниципалитеттин өкүлчүлүктүү органынын гана компетенциясына киргизилген.

БАП долбоорун жергиликтүү кеңештин кароосуна алып чыгардан мурда жумушчу топ чогулуш маалында алынган жамааттын сунуштарын жалпылаштырат, баалайт жана долбоорго кошот. Айрым сунуштар четке кагылышы мүмкүн. Өзгөчө эгерде алар мурда жумушчу топ тарабынан каралса жана пландан чыгарылса.

Пландын долбоорун ЖӨБдүн аткаруучу органынын башчысы жактырып, жергиликтүү кеңешке белгиленген тартипте өткөрүп берет. ЖМБА-иш-чаралар боюнча материалдар, калктан сунуштар, пландын бюджетинин булактары боюнча маалыматтар БАП долбооруна тиркеме болуп эсептелет. Пландын долбоорун адатта жергиликтүү кеңештин экономика, финансы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясы карайт.

Демилгелүү топтун мүчөлөрүнө БАПты бекитүү тууралуу жамаатты өз убагында маалымдоо үчүн кеңештин сессияларына катышуу кеңешин беребиз. Бирок сессияга катышуу бир жолку мүнөзгө ээ болбош керек. Демилгелүү топтор бардык сессияларга катышууга укуктуу. Атүгүл алар жергиликтүү кеңеш менен тыгыз кызматташууга жана маалымат менен алмашууга кызыкдар болуш керек.

**Жергиликтүү кеңеш кабыл алган Биргелешкен аракеттер планы коомго жарыяланыш керек – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маалымат керегелерине илинип, сайтта жайгаштырылыш керек же ММКда жарыяланууга тийиш.**

### 3.3.5. БАПты макулдашууда жана жалпыга жарыялоодо типтүү каталар жана жаңылуулар

- ЖӨБ органдары БАП боюнча маалыматтык материалдарды даярдабайт же өз убагында даярдабайт жана калк БАП долбоорун талкуулоого жигердүү катышпайт. Натыйжада жарандар өз ролун баамдабастан БАПты аткарууга катышкысы келбейт. Бул болсо биргелешип пландоонун маңызын жокко чыгарууда.
- ЖӨБ органы БАП боюнча материалдарды даярдоого формалдуу мамиле жасайт. Мындай план аткарылбай калат.
- БАП бир кыйла көлөмдүү документ жана адатта толугу менен маалымат керегесине илинбейт же ММКда басып чыгарылбайт. Бул болсо жашоочуларга аны менен кеңири таанышып чыгууга жол бербей келет.
- Демилгелүү топтун мүчөлөрү ЖӨБ органдарын сындайт, бирок маселени чечүү жолдорун сунуштабайт.
- ЖӨБ органдары каражаттын жана ресурстардын, анын ичинде адам ресурстарынын жетишсиздигин айтып, Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуудан баш тартып келет. Мында ЖӨБО жамаат менен биргелешип планды иштеп чыгуу процессинде эле бул маселелердин кайсы бир бөлүгү чечилип калаарын унутуп коюуда.
- Өкүлчүлүктүү органдын ченем чыгаруучулук процесси өтө формалдашкан, жамааттын пландарды жана программаларды талкуулоого кеңири катышуусун камсыздабайт.
- Өкүлчүлүктүү органдын ченем чыгаруучулук процесси такыр эле формалдаштырылган эмес (мисалы, жергиликтүү кеңештин иш регламенти жок). Бул болсо жамааттын эркин жана артыкчылыктарын белгилеп калууга тоскоол болот.
- Жамааттын жана демилгелүү топтордун өкүлдөрү башкаруунун түрдүү органдарынын функцияларын жана милдеттерин түшүнбөйт жана ар бир маселе үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын айыптап келишет. Мисалы, ЖӨБ органдарынан пенсияларды көбөйтүүнү талап кылышат.

### 3.3.6. Документтер – БАПты иштеп чыгуунун жана талкуулоонун өнүмү

- Биргелешкен аракеттер планынын Мисалы (1-тиркеме).
- Жергиликтүү кеңештин токтомун даярдоо жана кабыл алуу боюнча кадамдар (3-тиркеме).
- Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жергиликтүү кеңештин Регламентин сактоо эрежелери (4-тиркеме).
- Жергиликтүү кеңештин сессиясын өткөрүү тартиби (5-тиркеме).
- Жергиликтүү кеңеш кабыл алган токтомдордун күчүнө кирүүсүнүн тартиби (6-тиркеме).

# 4-глава. Биргелешкен аракеттер планын аткаруу

## 4.1. БАПты аткарууга катышкандардын ролдору

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планы (БАП) – бул жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ортосунда диалог куруунун жана жергиликтүү өнүгүүнү биргелешип пландоонун алгачкы аспабы. Ал көйгөйлөрдү классификациялоого жана стратегиялык багыттарды аныктоого жардам берет. БАП жергиликтүү өнүгүүнү пландоонун жалпы процессинде база да, эки ортодогу этап да болуп эсептелет. БАП эки негизги жыйынтыкка жетүүнү максат кылат: жарандардын күнүмдүк керектөөлөрүнүн бир бөлүгүн канааттандыруу жана узак мөөнөттүү стратегиялык комплекстүү жергиликтүү өнүгүү программаларын, тематикалык (сектордук) саясатты жана башкаруу пландарын түзүү. БАП сөзсүз түрдө жергиликтүү бюджетте чагылдырылат, бирок муниципалитеттин бардык мүмкүн болгон ресурстар булактарын колдонот (ушул окуу китебинин 2.1-пунктун караңыз).

БАПты аткаруу, мыйзамдарга ылайык, ЖӨБ органдарынын компетенциясына кирет. Ошондуктан БАПты ишке ашыруу процессинде координациялоочу ролду аткаруучу орган – мэрия же айыл өкмөтү аткарат. Түрдүү себептерден улам аткаруучу органда өнүгүү боюнча иш-чараларды аткаруу үчүн ресурстар чектелүү болот. Ошондуктан планды аткарууга катышкандардын баарынын – аткаруучу органдын (мэрия же айыл өкмөтү), жергиликтүү кеңештин, демилгелүү топтордун жана жергиликтүү жамааттын – ролун так аныктап, макулдашып алуу маанилүү.

### 4.1.1. ЖӨБдүн аткаруучу органынын ролу

Өнүгүү боюнча бардык иштердей эле, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамаат менен ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планын аткаруу процесси акчаны, ресурстарды, адамдарды, технологияларды башкаруу дегенди божомолдойт.

Башкаруу процессин туура жолго салуу үчүн ЖӨБдүн аткаруучу органы бир нече негизги өз ара байланышта болгон функцияларды сапаттуу аткаруусу зарыл[1].

***Пландоо.*** Бул функциянын жардамы менен иштин максаттары, каражаттар жана алдыга коюлган максаттарга жетүүнүн өзгөчө эффективдүү усулдары, өнүгүүнүн ыктымал багыттарына божомол, стратегиялык пландар аныкталат. БАПка карата пландоо функциясы аткарылып калган болот.

***Уюштуруу.*** Бул жерде ЖӨБдүн аткаруучу органына негизги роль берилген – БАПтын аткарылышын уюштуруу жана координациялоо. Бул үчүн алдыга коюлган максаттарга жетүү, персонал, материалдар, акча каражаттары менен камсыздоо үчүн шарттарды түзүү зарыл.

***Мотивация.*** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен жамааттын кызматташуу духу, жалпы максаттар үчүн биргелешкен, координацияланган иш өңдүү жагымдуу фон түзүү жагынан алып караганда көп нерсе аткаруучу ЖӨБ органдан көз каранды.

***Контроль.*** Планды аткаруу процессинин катышуучуларынын баары эле ЖӨБдүн аткаруучу органына түздөн түз баш ийбегенин эске алганда “ишен, бирок текшер” эрежесин карманыш керек. Демилгелүү топтун мүчөлөрү, жамаат өкүлдөрү акысыз иштей турганын, алардын да өз турмушу, иши бар болгонун унутпаш керек. Мындан улам алар БАПты аткарууга катышууда бардык убактысын бөлө албайт жана бир нерсени байкабай калышы мүмкүн.

Эгерде БАПты аткаруу процессин ченемдик укуктук актылар көз карашынан алганда, анда ЖӨБдүн аткаруучу органдарында ал түрдүү нускамалар, типтүү жоболор менен регламенттештирилет.

Негиз катары эффективдүүлүктүн өзөктүк көрсөткүчтөрүн колдонуу менен Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо тартиби жөнүндө Жобону, ошондой эле “Административдик кызмат ордуна убактылуу келген мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын кызматтык нускамасын түзүү, бекитүү, сактоо жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби жөнүндө” методикалык көрсөтмөнү алса болот.

Жогорудагы документтерге ылайык, кызматчынын жеке иш планы өзүнчө акы менен таризделет жана мамлекеттик органдын статс-катчысы (аппарат жетекчиси), ЖӨБ органынын вице-мэри (башчынын орун

[1] Менеджменттин негиздери. Сайтка шилтеме: http://www.college.ru/economics/part2/21.htm#.Vjt1r7fhDrc

басары) тарабынан бекитилет. БАП боюнча ишмердик белгилүү бир функционалдык милдеттерди аткаруу менен түздөн түз байланышта болгондуктан, тиешелүү адис БАП тапшырмаларын жеке иш планына кошуш керек. БАП боюнча ишмердикти бөлүштүрүү процессин жооптуу катчы же ЖӨБдүн аткаруучу органынын башчысынын макулдашуусу боюнча бекитилген адис ишке ашырат.

Кызматчы жана анын түздөн түз жетекчиси зарыл болгон учурда кызматчынын жеке иш планын өзгөртүп, түзөтүүлөрдү киргизе алышат. Ошондой эле кызматчынын тапшырмаларына түзөтүүлөр киргизилгенин өзүнчө бир акт менен көрсөтүшөт. Квартал аяктагандан кийин кызматчы 2 жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө жетекчиге аткарылган иштер тууралуу отчет тапшырыш керек. Анда белгиленген иш-чаралардын аткаруунун натыйжасы көрсөтүлүүгө тийиш. Кызматчыдан аткарылган иштер тууралуу отчет алынгандан кийин 3 жумушчу күндүн ичинде анын тике жетекчиси жеке пландын аткарылышын текшерет.

*МИСАЛ:*

*Кырдаалдын сүрөттөлүшү: Таштанды өз убагында чыгарылып турбагандыктан муниципалитеттин аймагынын санитардык абалы канааттандырбайт, таштанды туш келди жерге төгүлүп келет.*

*БАП максаты: жарандардын таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө канааттануу деңгээлин жогорулатуу.*

*Бул максатка жетүү үчүн бир катар тапшырмаларды жана иш-чараларды аткарыш керек.*

***1-тапшырма. Кызмат көрсөтүүнү түюндүрүү: 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү.***

*1.1-иш-чара. Муниципалдык ишкананы каттоо үчүн алгачкы документтерди даярдоо.*
*1.2-иш-чара. Муниципалдык ишкананы Юстиция министрлигинде каттоо.*
*1.3-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иш планын жана бюджетин иштеп чыгуу.*
*1.4-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иши үчүн бөлмөлөрдү жабдуу.*
*1.5-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иши үчүн атайын техниканы жана башка материалдык ресурстарды сатып алуу.*

***2-тапшырма. Кызмат көрсөтүүнүн баасын аныктоо: айылдык аймактын калкы арасында маалыматтык жана түшүндүрүү өнөктүгүн өткөрүү жана калк менен таштанды чыгарууга тарифти макулдашып алуу.***

*2.1, 2.2, 2.3-иш-чаралары ж.б.у.с.*

Тапшырмаларды чечип, иш-чараларды аткаруу ЖӨБдүн аткаруучу органынын бир нече адистеринин компетенциясына кирип калышы мүмкүн. Ошондуктан аларды аткаруу боюнча милдеттерди туура бөлүштүрүү өтө маанилүү. Жогоруда сүрөттөлгөн кырдаалда тапшырмалар жана иш-чаралар ТКЧ маселелери боюнча адистердин, ФЭБ адистеринин, АӨ жооптуу катчысынын, юристтин компетенциясына кирет. Бул адистердин ар бирине кызматтык милдеттенмелерине ылайык, тапшырманы коюу актысы түзүлөт (10-тиркемени караңыз). Андан кийин милдеттендирилген тапшырманы аткаруунун жыйынтыктары муниципалдык кызматчынын ишин баалоодо эсепке алынат.

### 4.1.2. Жергиликтүү кеңештин ролу

Биздин өлкөнүн мыйзамдары жергиликтүү кеңештерди калк түзгөн негизги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катары белгилешет. Жергиликтүү кеңештер аймактын өнүгүү программаларын, пландарын бекитүү үчүн жооп берет, БАП анын бир бөлүгү катары эсептелет. Алар негизги ченемдик укуктук актыларды чыгарат, жергиликтүү жамааттын турмуш тиричилигин уюштурууда маанилүү маселелер боюнча чечим кабыл алышат.

ЖӨБ өкүлчүлүктүү органдар тиешелүү аймактын өнүгүү программаларын, пландарын бекитүүдө өзгөчө укукка ээ. Бул документтердин долбоорлорун ЖӨБ аткаруучу органдар – шаарлардын, поселоктордун жана айылдардын аймагында мэрия жана айыл өкмөтү – даярдайт. БАПты кабыл алгандан кийин жергиликтүү кеңеш анын аткарылышын, ошонун ичинде каражаттардын максаттуу колдонулуп-колдонулбаганын контролдоо укугуна ээ. Кеңеш өз отурумдарында тиешелүү жетекчилердин отчетторун угат. Жергиликтүү кеңеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде маселелерди кароого жана алар боюнча чечим кабыл алууга укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин жумушчу органдары болуп туруктуу комиссиялар эсептелет. Алардын негизги ишине кеңештин кароосунда болгон маселелерди алдын ала карап чыгуу жана даярдоо; кеңештин чечимдерин жүзөгө ашырууга катышуу; ошол чечимдерди тиешелүү аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар аткаруусун көзөмөлдөө кирет. Кеңеште убактылуу комиссиялар да түзүлө алат.

Жогоруда айтылгандан улам, жергиликтүү кеңеш 8-сүрөттө сунушталган схемага ылайык, БАПтын аткарылышын бекитет жана контролдойт.

© Өнүктүрүү саясат институту | 2015 | www.dpi.kg

**8-сүрөт. Биргелешкен аракеттер планын аткарууда жергиликтүү кеңештин ролу**




Жергиликтүү кеңештин ролу кененирээк анын ишинин регламентинде сүрөттөлүш керек, аны ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы Жергиликтүү кеңештин ишинин Типтүү регламентинин негизинде бекитет. Типтүү регламент 2013-жылдын 25-ноябрында ЖӨБЭММАнын № 01-24/65 буйругу менен бекитилген (Типтүү регламент ушул окуу китебинин ажыратылгыс бөлүгү болуп эсептелген дискке сакталган).


## 4.2. Жыйынтыктарга мониторинг жана баалоо жүргүзүү

БАПты бекитүү менен бирге эле жумушчу топ жана ЖӨБдүн аткаруучу органы жыйынтыктарга мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын ойлонуштуруш керек. Мониторинг жана баалоонун эффективдүү системасы: а) алынган жыйынтыктарды буга чейин коюлган максаттар жана тапшырмалар менен салыштырууга; б) алдыга коюлган максатка канчалык жакындаганыңызды аныктоого; в) белгиленген мөөнөттөн кечигип-кечикпегениңизди билүүгө жардам берет. Мониторинг жана баалоо – бул программанын же долбоордун соңундагы "окуя" эмес. Бул чечим кабыл алган адамдарга айрым иш-чаралардын же жалпысынан долбоордун ийгилигин баалоого жардам берген үзгүлтүксүз процесс. Майнаптуу мониторинг жана баалоо план аткарылып жаткан мөөнөт ичинде маанилүү маалыматтарды маал-маалы менен чогултуп турууну жана анализ жүргүзүүнү талап кылат.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде мониторингди уюштуруунун лидери болуп жергиликтүү кеңеш эсептелет. БАПта каралган тапшырмаларга жана индикаторлорго анализ жасоо мониторинг жана баалоо программасын түзүүдө биринчи кадам болуп эсептелет. Ал тапшырма менен индикаторлордун актуалдуулугун текшерип, жаңы маалыматты эсепке алууга жардам берет. Андан кийин отчеттуулук системасын түзүү өтө маанилүү, ал бардык уюштуруучу-аткаруучулардын иши белгилейт. Бул болсо БАПта белгиленген максаттарга жетүү үчүн бардык аткаруучулардын жоопкерчилигин камсыздайт.**

Мониторинг жана баалоо жарандар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын биргелешкен аракеттери менен өткөрүлөт. Ошондуктан тиешелүү топ "Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу" (мындан ары – БМжБ же БМжБТ) деп аталат. Мындан улам бул процесстин ар бир тарабында өзүнүн максаттары жана кызыкчылыктары болот. Бул максаттарды жана кызыкчылыктарды баамдабастан майнаптуу мониторинг жана баалоо мүмкүн болбойт, иш жүргөндөй гана элес калтырат, көңүл калууга жана өз ара наразылыктарга алып келет. Тапшырмалар жана индикаторлор аныкталып, отчеттуулук системасы түзүлүп, зарыл маалыматтар чогултулгандан кийин сиз долбоордун жыйынтыктарын баалоого даяр болосуз. Жергиликтүү кеңештин Типтүү уставынын талаптарына ылайык, жергиликтүү кеңеш БМжБ топторун түзө алат (9-сүрөттү караңыз).

**9-сүрөт. БМжБ тобун түзүү боюнча иш-аракеттердин ырааттуулугу**




БМжБ тобунун мүчөлөрү өз ишин жүзөгө ашыруу үчүн билимге жана көндүмдөргө ээ болуш керек. Айыл өкмөтү (мэрия) БМжБ тобун мониторингге жана баалоого окутууну уюштурат, ошондой эле алардын ишин жүзөгө ашырууда практикалык жардам көрсөтөт.

Мониторинг жана баалоо тобунун механизмдери жана жол-жоболору тууралуу "Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу" окуу материалдар топтомунун "Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине пландуу мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүүсү" аттуу төртүнчү бөлүгүндө сүрөттөлгөн.

## 4.3. Отчеттуулук

Отчеттуулуктун эффективдүү системасы бардык уюм-аткаруучулардын ишинин көрсөткүчтөрүн белгилеп калат. Иш жүзүндө ал БАПта белгиленген максаттарга жана тапшырмаларга жетишүүдө канчалык ийгиликтүү болгону тууралуу жооптуу тараптардын баарын системалаштырылган маалымдоону камсыздайт. Жумушчу топ өз ыңгайына жараша отчеттуулуктун стандарттуу формасын даярдай алат.

АӨ башчысы БАПтын ишке ашырылышы тууралуу жыл сайын калкты маалымдап туруш керек. Жыл башында айыл башчысы социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын же өнүгүү стратегиясынын аткарылышы боюнча отчет бергенде, БАПтын ишке ашырылышы тууралуу отчетту кошуп кетсе да болот. Анткени маңызы боюнча БАП ошол программанын же стратегиянын иш-чаралар планы болуп эсептелет эмеспи.

*МИСАЛ*

*2015-жылдын 30-январында Ак-Чий айылдык аймагында жашоочулардын чогулушу өтүп, анын жүрүшүндө айыл өкмөт башчысы БАПтын 2014-2015-жылдар аралыгында аткарылышы тууралуу маалымат берди. Башчы БАПты иштеп чыгуу процесси тууралуу айтып берип, план жамааттын көйгөйлөрүн чечүү үчүн түзүлгөнүн, ал көйгөйлөрдү жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча 16 иш-чаранын алакагында артыкчылыктуу деп тандап алышканын айтты. Ошол иш-чараларга 314 киши, анын ичинде 87 аял катышты. ЖМБА жыйынтыктары боюнча планды иштеп чыгууга жигердүү катышкан 3 демилгелүү топ түзүлдү. Андан кийин план жергиликтүү бюджет боюнча коомдук угууда талкууланды. Ага 143 киши, анын ичинде 31 аял катышты. Планды айылдык кеңештин депутаттары бекиткен.*

*Эки жылда биринчи артыкчылыктуу көйгөй – ички жолдордун абалын оңдоо жаатында төм. иштер жасалды: ички жолдордун 4 километрине майда кум төгүлдү, 7 ички көпүрө курулду. Тике пайданы 1500 киши, кыйыр пайданы 700 киши алды. Баары болуп 457 000 сом сарпталды. Алардын ичинен 107 000 сому жергиликтүү бюджеттен бөлүндү, 250 000 сом АРИСтен, 40 000 сом жайыт комитетинен алынды. Жергиликтүү жамаат 35 000 сомду акчалай, 25 000 сомду эмгек салымы менен берди (жолдорду оңдоого 115 киши катышты). Ошондой эле 2,5 млн. сомго экскаватор сатып алынды. Пайданы аймактын бардык жашоочулары (3 728 киши) алууда. Долбоорду 2014-жылы жергиликтүү бюджеттен 26 304 сом көлөмүндө колдоо үчүн туруктуулук планы жана финансы планы түзүлдү.*

*Андан кийин башчы башка дагы аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөр, анын ичинде аракеттердин сүрөттөлүшү, жамааттын, жергиликтүү бюджеттин, демөөрчүлөрдүн жана өнүгүү долбоорлорунун салымдары боюнча толук маалымат берди.*

**БАПтын аткарылышы тууралуу отчет боюнча чогулушту ага бардык кызыкдар жактар катыша ала тургандай уюштуруу мүмкүн эмес. Кандай болгон күндө да айрым жарандар жана уюмдар коомдук иш-чарага катыша албай калат. Бирок бул нерсе алар маалымат албаш керек дегенди билдирбейт. Отчет бардык кызыкдар жактарга жетиш үчүн аны жазуу жүзүндө даярдап, таратуу зарыл.**

Отчет маалымат бюллетендери, плакаттар, китепчелер ж.б. маалыматтык материалдар форматында берилсе болот. Аудиторияны элестетип да көрүш керек – пландын аткарылышына ким кызыкдар, ким катышкан, келечекте кимдин колдоосу зарыл болот – баары БАПты аткаруунун жүрүшү жана жыйынтыктары тууралуу маалыматты алууга тийиш.

## 4.4. БАПты аткаруу процессиндеги типтүү каталар

- Биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу аткаруучу органдын – мэриянын же айыл өкмөтүнүн бардык адистеринин ортосунда бөлүштүрүлбөйт. Аны башчы же мэр, анын орун басары, бир адис гана аткарат. Бул пландын өзүн, же болбосо аталган кызмат адамдарынын күнүмдүк милдеттерин көп жакшы аткарбай калууга алып келет. Пландын тапшырмалары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары ортосунда бөлүштүрүлүп берилгени маанилүү.
- Мэриянын же айыл өкмөт аппаратынын адистери БАПты ишке ашыруу боюнча өз ара иш алып барышпайт, өз маселелери боюнча гана алектенип, маалымат алмашпайт. Бул катаны болтурбоо үчүн үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүп туруу керек.
- Жергиликтүү кеңеш БАПты ишке ашыруу боюнча жалпы отчетту өнүгүү программасы боюнча отчет катары карабайт. Бул болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинде жарандардын артыкчылыктарын эсепке алууда жергиликтүү кеңеш тарабынан контролдун сапатынын азайышына алып келет.
- БАП боюнча ишти алдын ала кароо, жергиликтүү кеңештин сессиясында карап чыгуу үчүн корутундуларды даярдоо боюнча туруктуу комиссиялардын чабал иши кеңештин ролу формалдуу болуп, депутаттардын маалыматка көп жакшы ээ болбой, ишке көп тартылбай калуусуна алып келет. Бул болсо биргелешкен иштер аспабы катары БАПтын эффективдүүлүгүн олуттуу түрдө азайтууда.
- Мониторинг жана баалоо боюнча топтун мүчөлөрү өз функцияларын туура эмес түшүнүшөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык жана чарбалык иштерине аралашууга умтулушат. БМжБ тобунун мүчөлөрүнө алардын укуктары жана милдеттенмелери тууралуу алдын ала окуу өткөрүү жолу менен мындай каталарды болтурбай коюуга мүмкүн.

## 4.5. БАПты аткаруу үчүн документтер

- Кызматчыга тапшырма берүү актысы (10-тиркеме).
- Кызматчыга берилген тапшырмага түзөтүүлөрдү киргизүү актысы (11-тиркеме).
- Кызматчы жасаган иштер тууралуу отчет (12-тиркеме).
- Биргелешкен аракеттер планынын аткарылышы тууралуу отчеттун мисалы (13-тиркеме).

# 5-глава. Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамааттын жана ЖӨБ органдарынын Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу жана аткаруу практикасы

Бийлик менен мамилелерде турмуштук позицияны тандап алууда ар бирибизде эки жол болот. Биринчи жол – патерналисттик же бирөөнүн оозун карап отура берүү – күтүү жолу. Бул жолду мамлекеттин жана башкаруу органдарынын көйгөйлөрдү чечишин, жыртыкты жамашын, кесим нан беришин же маанилүү суроолорго жооп кайтарышын күтүп отура бергенге көнүп калган адамдар тандайт. Бул үчүн алар мамлекетке өзүнүн көпчүлүк укуктарын беришет. Алардын ичинен эң баалуусу – добуш укугу жана өз пикирине ээ болуу укугу. Бул жол менен диктатура барат. Бирок экинчи жол да бар – аракеттенүү жолу. Бул жолду өз жашоосун жакшыртууга умтулган, болочок муундун камын ойлогон, активдүү аракеттерге жөндөмдүү эркин адамдар тандайт. Бул жол күч-аракетти, билимди, пландоону, өзгөрүүлөрдү көрүү каалоосун талап кылат. Экинчи жол татаал, бирок ал эртеңки күнгө жетелейт. Ал эми биринчи жол артка таштайт.

Кыргызстандын көпчүлүк муниципалитеттеринде ЖӨБ органдары артыкчылыктарын өздөрү аныктап, планды иштеп чыгууга өздөрү катышкан жарандардын демилгесин колдоп кетишти. БАП жашоочулардын өздөрү үчүн да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн да куткаруучу тегерек болуп калды.

## Ак-Чий АА биргелешкен аракеттер планынын жардамы менен жарык болуп калды




Айылды көрктөндүрүү маселелери эч кимди кайдыгер калтырбайт. Бирок ошого карабастан дал ошол маселелер калдык принцип боюнча каржыланып, жылдар бою чечилбей келет. Мына ушундай кырдаал Ак-Чий айылдык аймагында да түзүлүп келген. Бирок жакындан бери ал жакта биргелешкен аракеттер планынын (БАП) жардамы менен көзгө көрүнөрлүк өзгөрүүлөр болуп жатат.

Буга чейин тигил же бул калктуу конуштагы жашоону жакшыртуу боюнча демилге жогору жактан көтөрүлчү. Өнүгүү пландарын негизинен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери даярдап келген. Ошондуктан жергиликтүү калк катышпай, же ага маалымат жетпей калчу, иш-чараларга тартылчу эмес. Бүтпөй калган иштердин көбөйүүсүн мына ушуну менен түшүндүрсө болот.

Бирок үч жыл мурда Ак-Чий айылдык аймагы Өнүктүрүү саясат институтунун колдоосу (ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында) менен биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу боюнча жумуштарды баштады. Бул эмнени түшүндүргөн? Чечимди иштеп чыгууга жана артыкчылыктуу көйгөйдү тандап алууга карата мамиле толугу менен өзгөрдү. Процесске калктын бардык катмары – жаштар жана пенсионерлер, жумушчулар жана үй кожойкелери, эркектер жана аялдар тартылды.

Сегиз ЖМБА-сессиядан кийин эң негизги көйгөйлөр аныкталды. Алар алтоо болду: элеттик жолдордун абалы, көчөлөргө жарык өткөрүү, мектепке чейинки билим берүү, жаштардын бош убактысын өткөрүү маселелери (спорт залдар, маданият үйлөрү, жабдуулар), жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишинде ачык-айкындуулук, жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү. Бул "оорулуу" маселелердин баары чогуу түзүлгөн биргелешкен аракеттер планына кирип, аны айылдык кеңеш өз токтому менен бекитип берди.

Андан кийинки окуялар көрсөткөндөй, БАПты түзүү жаңы жана ийгиликтүү практика болуп калды. Ушундай усулдун жардамы менен ЖӨБ органдары жергиликтүү тургундарды муниципалитетти көрктөндүрүү

жана өнүктүрүү боюнча артыкчылыктуу багыттарды тандап алуу процессине гана тартпастан, ошону менен бирге белгиленген пландарды ишке ашырууга катышуусун камсыздай алышты. Негизинен адамдар жалпы ишке акчалай же жумуш жасап, кызмат көрсөтүү менен салым кошууга даярдыгын билдиришти.


Адамдардын жалпы эмгекке катышууга макулдугун берүүсүн эмне менен түшүндүрсө болот? Анткени алар артыкчылыктуу көйгөйлөрдү өздөрү тандап алышты, алар менен макулдашылды. Башкача айтканда, демилге төмөн жактан чыкты, ал эми бул болсо ЖӨБ үчүн да, калк үчүн да чоң жетишкендик болду.

Мисал катары көчөлөргө жарык берүү маселеси кантип чечилгенин айтсак болот. Биринчиден, адамдардын өздөрү бул көйгөйдү айтып чыгып, андан кийин чечүү жолдорун биргелешип издешти. Натыйжада активисттерден, депутаттардан жана АӨ кызматкерлеринен турган атайын комиссияны түзүштү. Бул комиссия кырдаалга анализ жасап, борбордук көчөлөргө жарык берүүнү сунуштады.

Айылдык чогулуштарда бул чечимди ар бир жашоочуга жеткирип, ошол эле заматта жамааттын бардык мүчөлөрүнүн жоопкерчилик чөйрөсүн аныктап, милдеттерди бөлүштүрүп беришти. Көчөлөргө орнотулган чырактарды күйгүзүп, өчүрө турган адамды элеттиктер өздөрү тандап алышты.

Ошентип бүгүнкү күндө Ак-Чий аймагындагы үч айылдын көчөлөрү жарык болуп турат жана караңгыда жөө жүргөндөн коркпосо болот. 47 чырак айлана-тегерекке жарык берип турат. Ал эми бул иштерге жергиликтүү бюджеттен 215 миң сом жумшалды, жашоочулар акчалай жана эмгек түрүндө салым кошушту.

## Көк-Ирим ААда БАП тууралуу китепченин жардамы менен процесске жамааттын көптөгөн жашоочуларын тартуу мүмкүн болду




Тогуз-Торо районундагы Көк-Ирим айылдык аймагы эки айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктоо боюнча иш-чараларды өткөргөндөн кийин “2014-2016-жылдарга Көк-Ирим айылдык аймагынын Биргелешкен аракеттер планы” аттуу китепчени чыгарды.

Китепченин кириш бөлүгүндө биргелешкен аракеттер планы (БАП) айылдык аймактын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө багытталганы жана жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилгени айтылат. Ошондой эле БАП аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын бир бөлүгү болгону, жергиликтүү кеңештин Уставынын талаптарына ылайык иштелип чыкканы жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн, кеңештин депутаттарынын жана айыл өкмөт аппаратынын катышуусу менен талкууланганы белгиленген.

Андан кийин муниципалитет тууралуу кыска маалымат берилди. Анын ичинде айылдык аймак тууралуу жалпы маалыматтар, ЖӨБ органдары, социалдык-демографиялык кырдаал, жер ресурстары, социалдык объекттер жана коомдук уюмдар тууралуу маалымат берилген.



Китепчеде жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоо (ЖМБА) усулу менен эки айылда артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо боюнча жыйынтыкталган маалымат берилет. 12 ЖМБА-иш-чарасы өткөрүлүп, ага 332 киши, анын ичинде 190 аял катышты. ЖМБАнын жана биргелешкен аракеттер планынын жыйынтыктары чогулуш маалында калк менен макулдашылды. Бул чогулушка 92 киши, анын ичинде 39 аял катышты. Натыйжада эки айыл боюнча 8 артыкчылыктуу көйгөй аныкталып, аларды чечүү үчүн 130 иш-чара пландалды.

Китепченин олуттуу бөлүгү тиркемелерден,

анын ичинде башчынын ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүү тууралуу тескемесинен; ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү графигинен, ЖМБА-иш-чаралары боюнча отчеттордон; демилгелүү топтордун жана биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун курамынан; кеңештин БАПты жана БМжБТ курамын бекитүү тууралуу чечимдеринен турат. Тиркемелер калктын керектөөлөрүн аныктоонун алкагында АӨ аппаратынын ишин тастыктайт. Демилгелүү топтун жана БМжБ тобунун мүчөлөрүнүн тизмесин сүрөттөрү менен кошо жарыялоо ошол адамдарга ЖӨБ органдары менен дагы да жигердүү иштешүүгө, эки айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө катышууга түрттү.

Бул китепче эмне үчүн чыкты? Себеби китепче төмөнкү максаттарга жетүүгө жардам берди: кеңеш депутаттарына БАП тууралуу кеңири маалымат берүүгө, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн БАПка жеткиликтүүлүгүн камсыздоого; БАПты түзүү боюнча иштердин бардык жыйынтыктарын бир документке чогултууга жана муну менен артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн донорлорду, инвесторлорду тартууга; АӨ аппаратынын документтерди жүргүзүү боюнча дараметин жогорулатууга салым кошту.

Бекмамат АБЫЛКАСЫМОВ, ДТ мүчөсү: "Айылдык чогулуш маалында мен маалыматты толук көлөмдө албай калгам, докладдардын бардык чоо-жайын эстеп калуу оор болду. Бирок аткарылган иштер тууралуу китепчени окуп отуруп, АӨ аппараты канчалык көп жумуштарды жасаганын баамдадым; жашоочулар жолугушууларда эмнелерди айтып, кандай көйгөйлөр көтөрүлгөнүн жана эки айыл үчүн кайсы көйгөйлөр артыкчылыктуу болгонун эстедим. Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү үчүн кандай иш-чаралар жасалары тууралуу толук маалымат алдым. Китепче бардык тургундарга таратылып берилбей калганы өкүнүчтүү. Бирок муниципалитеттин өнүгүүсүнөн кабардар болуш үчүн жердештериме элеттик китепканага баш багып, китепчени окуп чыгуусун сунуштайм".

Билал КАСЫМКУЛОВ, депутат, жергиликтүү кеңештин төрагасы: "Айыл өкмөтүнүн бардык иши, айылдык кеңештин чечимдери бир документте көрсөтүлдү. Бул болсо жашоочуларга жана жергиликтүү кеңештин депутаттарына толук маалыматты берет. Китепченин жардамы менен калктын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча белгиленген пландардын ишке ашуусуна көз салуу оңой болот деп ойлойм".

Бурул ЧОЛПОНКУЛОВА, китепканачы: "Бул окуу китеби – биз, биздин айылдык аймак жана көйгөйлөрүбүз, аларды чечүү боюнча сунуштарыбыз тууралуу алгачкы китеп. Китепканага келген тургундар китепчеге да көңүл буруп, аны окуп турушат".

БАП боюнча китепченин курамы

- Кириш сөз
- Муниципалитет тууралуу кыска маалымат
- ЖМБА-иш-чаралары тууралуу кыска маалымат
- Артыкчылыктуу көйгөйлөр жана алардын кыскача сүрөттөлүшү
- Биргелешкен аракеттер планы
- Тиркемелер
- ЖМБА-иш-чараларынан отчеттор
- Демилгелүү топтун мүчөлөрүнүн тизмелери
- Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун мүчөлөрүнүн тизмеси
- Жергиликтүү кеңештин токтомдору, АӨ башчысынын/шаар мэринин тескемелери

## Бешик-Жондо БАП бала бакчалардын жоктугу көйгөйүн чечүү мүмкүнчүлүгүн берди – балдар да, энелер да ыраазы!



Бешик-Жон ири айылдык аймак болуп эсептелет. Ага төрт айыл кирет жана алардын баары чоң. Айылдык аймакта 12 миңден ашык киши жашайт, алардын жарымы аялдар. Аймакта мектепке чейинки курактагы дээрлик бир жарым миң бала жашайт. Ошону менен бирге үч жыл мурда аймакта 50 орундуу бир гана бала бакча бар болчу. Ал жакка кирүү театралдык жогорку окуу жайга өткөндөй эле оор болчу.

Ал эми наристелерди тарбиялоо, алардын бош убактысын уюштуруу, мектепке даярдоо көйгөйү жыл сайын улам курч болуп турду. Ата-энеси чет жакка жумуш издеп кеткен наристелер чоң ата, чоң энесинин колунда калып, күн бою кароосуз жүрө

беришчү. Анын үстүнө бала бакчалардын жоктугунан улам көптөгөн аялдар иштеп, үй-бүлөлүк бюджетке салым кошкондун ордуна үйдө бала багып отуруп калган.

ЖМБА-иш-чараларын өткөргөндөн кийин бул көйгөй чечиле баштады. ЖМБА-сессияларынын алкагында тогуз көйгөй, анын ичинде бала бакчанын жоктугу артыкчылыктуу болуп табылды. Андан соң биргелешкен аракеттер планы (БАП) иштелип чыгып, ал айылдык кеңеште бекитилип, план ишке ашырыла баштады.

Анткен менен эсептер жаңы конуш өтө кымбатка туруп калаарын көрсөттү. Ошондуктан ойлонуп көрүп, элеттиктер колдонууга бериле элек жаңы мектептин имаратын бала бакча катары колдонуу керек деген тыянакка келди. Бул сунушту кеңештин сессиясында депутаттар да колдоп беришти. Жергиликтүү жашоочуларды кубандырып, Билим берүү министрлиги да сунушту четке каккан жок.

Алдыга коюлган тапшырманы ишке ашыруу үчүн 14 адамдан турган, Миндайым АРЗИЕВА жетектеген "Билим" аттуу демилгелүү топ түзүлдү. Арзиева бала бакчанын долбоорун даярдап чыгып, грант алууга өтүнмө берди. Конкурстан жеңе албаса да, элеттиктер бул ишке билек түрүнө киришти: жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 250 000 сомго кудук казылып, 230 метр тосмо тартылып, дарбаза орнотулуп, килем, парда сатып алынды.

Жашоочулар да четте карап турушкан жок. Алар чогултуп берген акчага 50 матрац, ондогон шейшеп, жаздык, 10 бет жуучу жай, ашкана үчүн электр меши, оюнчуктар, идиш-аяк, муздаткыч сатып алынды. Кайрымдуулук марафондун жардамы менен дагы 62 000 сом чогулуп, ага балдар үчүн керебеттер сатып алынды. Жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн акчадан, ата-энелердин акчалай жана эмгек салымынан тышкары элеттиктерге "Мерсико" фонду да жардам берди. Натыйжада чыгымдардын жалпы суммасы 800 миң сомду түздү.

2013-жылдын август айында Бешик-Жондогу жаңы бала бакча эшиктерин ачты. Бүгүнкү күндө бул жерге 110 бала келип турат. Болжолдуу эсептөөлөргө караганда, бул долбоор 700дөн ашык жашоочуга пайда алып келди.

Чу дегенде эле бул иштин ийгиликтүү жыйынтыкталганы элетиктерге дем берип койду. 2013-жылдын август айында Баймундуз айылында 50 орундуу бала бакчанын курулушу башталды. Мунун алдында айыл өкмөтү жер участогун аныктап берди, сессияда депутаттар 1 497 000 сом бөлүп берүүнү чечсе, жашоочулар 250 000 сомду накталай чогултуп беришти. Ал эми Финансы министрлиги дем берүүчү грант катары дагы 2,7 млн. сом бөлдү. Буга элеттиктер ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын конкурсуна катышып, жеңип алган миллион сомду кошуңуз, натыйжада жаңы социалдык объект 4,21 млн. сомду түздү.

Бүгүнкү күндө бул жерде жүзгө жакын бала тарбияланат. Бала бакчанын педагогдорду балдарды окуганга, жазганга, санаганга үйрөтүшөт. Ал эми алардын ата-энелери болсо талаада же фермаларда, ишканаларда иштешүүдө же соода кылышууда.

Алдына койгон максатка жетүү үчүн Жон айылынын жашоочулары да ушул жолду тандап алышты. Алар да БАПты иштеп чыгууга киришти. Көп убакыт коротпостон, алар Бешик-Жон жана Баймундузда бала бакчаны ачуу боюнча уюштуруу тажрыйбасынын ичинен эң жакшысын алууну чечишти. Айылдын аймагында бош турган имараттар болбогондуктан, ал эми курулушка өтө көп акча кеткендиктер элеттиктер жашоочулардын биринин үйүн бала бакча катары колдонууну чечишти. Адегенде марафон өткөрүшүп, ал жерде 65 миң сом чогулду. Бул акчага жайкы ашкана, даараткана куруп, керебет, шейшеп, төшөктөрдү сатып алышты. Имараттын капиталдык ремонтун жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн 30 миң сомдун эсебинен өткөрүштү. Буга да калк жигердүү катышты.



Биргелешкен аракеттер планы адамдардын бириккенинен улам ишке ашты – кадимки үй толук кандуу бала бакчага айланып, ал жерде 33 балага орун табылды.

Эми кезекте – Карача айылында бала бакча ачуу турат. Чогулуш өтүп, анда жаңы бала бакчанын курулушу боюнча бардык уюштуруучулук иштер талкууланды. Жаңы объект үчүн ыңгайлуу участок тандалып алынып, эми каржылоо булактары изделүүдө. Карачада да жакынкы жылдары бул маселе чечилеринен шек санагандар такыр жок.

## Ленин айылдык аймагы таштандыны жеңди



Адамдарда, өзгөчө шаар тургундарында аймактарда, айыл өкмөтүндө жашоо жай, тынч, бир калыпта өтө берет деген пикир калыптанып калган. Элеттик турмушту уйкуга баткан хандык, же сазга салыштыруу да бекеринен эмес болуш керек. Бул жерде ар ким өз чарбалыгы менен күн көрөт, а эгерде жаман жолдор, көчөлөрдөгү таштандылар сыяктуу бир нерсе кыжырга тийсе, "бул жергиликтүү бийликтин баш оорусу" деп кол шилтеп коюшат деген ой келбей койбойт экен. Жакынкы убакытка чейин Ленин айылдык аймагы тууралуу дал ушинтип айтса жарашмак. Бирок бүгүнкү күндө бул жерде көп нерсе өзгөрдү. Биринчи кезекте адамдар өзгөрдү. Алардын маанайы, жигердүү турмуштук позициясы өзгөрүп, өзүнө болгон ишеним пайда болду.

Элеттиктер бул нерсеге бир заматта эле келген жок. Аларга бюджеттик процессте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачык-айкындуулугу жана калк алдындагы отчеттуулугу темалары боюнча өткөн окуулар жардам берди. Андан кийин элеттиктер тапшырманы түзгөндү, мисалы, ЖӨБОнун жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдөгү жөндөмдүүлүгүн кантип баалаш керек, көйгөйлөрдү кантип аныктап, ЖӨБдүн институционалдык колдоого болгон керектөөлөрүн кантип туюндуруп, кызматкерлеринин дараметин кантип күчөтсө болот дегенди үйрөнүштү.

Бардык жерде калк бир өңчөй эмес. Атүгүл жалпы жамаат үчүн пайдалуу иштерге да реакция ар кандай болушу мүмкүн. Мунасага жана биримдикке жетүү – оңой тапшырма эмес. Ошондуктан Ленин аймагында айыл өкмөтүндөгү жана жергиликтүү жамааттагы калк кулак төшөп уккан өзөктүк фигуралар менен сүйлөшүүлөр башталды. Алар менен маектешүүлөр фокус-топторду түзүүгө жол берди. Топторго жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, депутаттар, чарбалык жана коомдук уюмдар кирди.

Өткөрүлгөн ЖМБА-иш-чараларынын жыйынтыгы боюнча 10 демилгелүү топ уюштурулуп, калк көтөрүп чыккан эң көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн 2012-жылга Биргелешкен аракеттер планы кабыл алынды.

Жашоочуларды биринчи кезекте таза суу менен камсыздоо жана сугат суунун жетишсиздиги, таштанды чыгаруу ж.б. маселелер тынчсыздандырды. БАПты талкуулоо маалында айтылган бул артыкчылыктардын баары андан кийин айылдык чогулуштун күн тартибине киргизилди. Бул болсо соңку чечимди калк кабыл алышы үчүн жасалды. Айрым айылдыктардын айтымында, көйгөйдү биргелешип аныктоого, андан кийин чечим издеп, тапшырмаларды коюуга карата мындай мамиле адамдарга жакты. Анткени алардын пикирлери менен эсептешип, сунуштары кабыл алынып жатты.

Мындай учурда Биргелешкен аракеттер планы элеттиктердин биригүүсүндө өтө иштиктүү аспап болуп калды. Ага фокус-топтордун жана анкеттөөнүн жыйынтыктары боюнча жергиликтүү тургундар көтөрүп чыккан 10 көйгөйлүү маселени ишке ашыруу боюнча 46 иш-чара кошулду.

Артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн бири таштанды жыйноо жана чыгаруу болуп калды. Сузак райондук санитардык-эпидемиологиялык станциянын кызматкери К.Тагаев жугуштуу оорулардын жайылуусуна себепчи болуп, айлана-чөйрөгө олуттуу коркунуч жараткан таштандылардан кутулуш керектигин айтты.

Натыйжада баары таштанды жыйноо жана чыгаруу менен алектенчү ТКЧ түзүү керек деген пикирге келишти. Экономисттер ар бир үй кожолук 40 сомдон төлөй турганын эсептеп чыгышты, ал эми жергиликтүү бийлик полигон үчүн аймак бөлүп берди. Аймактын жашоочулары таштанды чыгаруу графиги менен таанышып чыгышты.

Ошентип иш кызыды. Элеттиктер тазалык – саламаттыктын кепилдиги болгонун, ага көз салып туруш керектигин, санитардык функциясын аткарган ТКЧга акчаны өз убагында төлөп туруш керектигин түшүнүштү. Таштанды чыгаруу иши жолго коюлду – мунун эмнеси бар экен деген ой келиши мүмкүн. Бирок биргелешип пландаганда айылдар да жайлуу болуп, айлана-чөйрө да тазарып, жашоо да ыңгайлуу болуп калат экен.

# Тиркемелер

## 1-тиркеме. БАПты иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун иш планынын мисалы

| БАП боюнча иштин жалпы планы | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Кадамдар | Күтүлгөн негизги жыйынтыктар | Иш-аракеттер | Мөөнөттөрү жана узактыгы | Жооптуулар | Кошумчалар |
| | **БАП боюнча уюштуруу иштери** | | | | | |
| 1 | Жумушчу топту (ЖТ) түзүү | Жумушчу топ түзүлдү | 1.1. Айыл өкмөтүнүн (АӨ) же мэриянын чечими менен БАПты даярдоо боюнча жумушчу топ (ЖТ) түзүлөт. | ЖМБА-иш-чараларынын жыйынтыгы боюнча пландоо жолугушуулары аяктаганга чейин бир аптанын ичинде | АӨ башчысы, АӨнүн жооптуу катчысы | |
| | Жумушчу топтун мүчөлөрүн пландоонун негиздерине окутуу | ЖТ пландоо, көйгөйдү туюндуруу, максаттарды, тапшырмаларды жана иш-чараларды аныктоо боюнча билимге жана көндүмдөргө ээ болду | ЖТнын ЖМБА боюнча отчетунун негизинде жумушчу топтун мүчөлөрү: | | | |
| | БАПты даярдоо боюнча жумушчу топтун иши | | | | | |
| | БАП боюнча жумушчу топтун алгачкы отуруму | 1. ЖТ мүчөлөрү ЖМБА-иш-чаралары боюнча пландоо жолугушуусу тууралуу маалымат, отчет алышты. 2. ЖТ мүчөлөрү блоктор/багыттар боюнча топтоштурулду. 3. БАП боюнча иштин жалпы планы түзүлдү жана бекитилди. 4. БАПты даярдоо боюнча План/график түзүлдү жана бекитилди. | ЖТнын алгачкы отуруму уюштурулду жана өткөрүлдү | Жумушчу топту түзүү тууралуу чечим кабыл алгандан кийин 5 күндүн ичинде | АӨ башчысы, БАП боюнча жумушчу топтун төрагасы | |
| | Блоктор/багыттар боюнча БАПтын жумушчу тобунун пландоо жолугушуулары (зарыл болсо 2-3 жолу) | 1. Көйгөйдүн туюндурмасы, аныкталган себептердин реалдуулугу, аталган көйгөйлөрдүн кесепеттери боюнча анализ жүргүзүлдү. 2. Адистердин, маморгандардын өкүлдөрүнүн жана эксперттердин колдоосу менен көйгөйдү чечүү боюнча сунушталган варианттарга анализ жасалды. Мында алтернативалык чечимдер каралды. 4. Кыска мөөнөттүү максаттар жана тапшырмалар аныкталды. 5. Адистердин жана тиешелүү мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн колдоосу алдында тапшырмаларга тиешелүү иш-чаралар иштелип чыкты. 6. Зарыл болгондо БАПтын аныкталган маселелери боюнча эксперттердин корутундусу алынды | 1. Адистер, эксперттер, маморгандардын тиешелүү багыттар боюнча адистери чакырылды. 2.Пландоо жолугушуулары уюштурулуп, өткөрүлдү | ЖТнын биринчи отурумунан кийин 15-30 күндүн ичинде | Айыл өкмөт башчысы, БАП боюнча жумушчу топтун төрагасы, блоктор/багыттар боюнча жооптуулар | |
| | Айыл өкмөттүн ФЭБ адистери БАПты ишке ашырууга жергиликтүү бюджеттен ресурстук камсыздандырууну даярдашат | БАПты аткаруу үчүн жергиликтүү бюджет боюнча иш-чаралардын эсептери/чечмелениши даярдалды; | ФЭБ БАП иш-чаралары боюнча эсептерди/чечмелөөлөрдү/сметаларды даярдайт | Пландоо жолугушуулары өткөндөн кийин 3 күндүн ичинде | АӨ башчысы, АӨ ФЭБ башчысы | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөрдүн БАПты ишке ашырууга ресурстук камсыздоону даярдоосу | БАПты аткаруу үчүн эсептер/чечмелөөлөр даярдалды; | Жеткирүүчүлөр БАП иш-чаралары боюнча эсептерди/чечмеленишин/сметаларды даярдайт | Пландоо жолугушуулары өткөндөн кийин 3 күндүн ичинде | АӨ башчысы, кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр (СПА, ТСКАКБ, уюмдар, мекемелер) | |
| | БАП боюнча жумушчу топтун экинчи отуруму | 1. Биргелешкен аракеттер планынын долбоору даярдалды. 2. Өткөрүлгөн пландоо жолугушуулары боюнча отчет. 3. БАП долбоорунун маселелери боюнча эксперттердин корутундусу | ЖТнын экинчи отуруму уюштурулду жана өткөрүлдү | Пландоо жолугушуулары өткөндөн кийин 5 күндүн ичинде | Айыл өкмөт башчысы, БАП боюнча жумушчу топтун төрагасы, блоктор/багыттар боюнча жооптуулар | |
| | **Биргелешкен аракеттер планынын Долбоорун жергиликтүү жамаат менен талкуулоо** | | | | | |
| 3 | АА деңгээлинде айылдык чогулуш өткөрүү | БАП долбоору айылдык чогулушта жергиликтүү калк менен макулдашылды, | 3.1. Айылдык чогулушту кеңири маалымат өнөктүгүнүн коштоосунда уюштуруу жана өткөрүү. Кабыл алынган чечимдер боюнча Протокол түзүлөт; | БАП долбоору иштелип чыккандан кийин _________ жумушчу күндүн ичинде | АӨ башчысы | |
| | | Жергиликтүү жамааттан жаңы сунуштар алынды | 3.2. Чогулуш маалында түшкөн сунуштардын негизинде БАП долбоорун ийнине жеткире иштеп чыгуу; | | | |
| Жергиликтүү кеңеште Биргелешкен аракеттер планын бекитүү жана жалпыга жарыялоо | | | | | | |
| | БАП долбоорун карап чыгуу боюнча бюджет боюнча туруктуу комиссиянын иши. | 1. БАП долбоорун карап чыгуу боюнча АК туруктуу комиссиясынын отурумун өткөрүү. 2. Изилдөөлөр жүргүзүлүп, маалымат алынды, БАП долбоору боюнча жашоочулар арасында сурамжылоо жүрдү. 3. БАП долбоору боюнча АК туруктуу комиссиясынын тыянагы даярдалды | | АӨ айылдык кеңешке кайрылгандан кийин 14 күндүн ичинде (айылдык чогулушту өткөргөндөн кийин 3 күндүн ичинде), | АӨ башчысы, АК, айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын төрагасы | |
| | Айылдык кеңештин сессиясын өткөрүү | 1. БАПты даярдоо боюнча АӨ башчысынын маалыматы угулду. 2 . Биргелешкен аракеттер планы бекитилди | | Айылдык чогулуш өткөндөн кийин 20 күндүн ичинде | АК төрагасы, АК жооптуу катчысы | |
| | АК чечиминин расмий жарыяланышы жана БАПты маалымат керегесине жайгаштыруу | Биргелешкен аракеттер планынын долбоору жергиликтүү кеңештин (АК) сессиясында бекитилди | АК сессиясында БАП долбоорун карап чыгуу жана бекитүү | АК регламентине ылайык | АК төрагасы, АК жооптуу катчысы | |

## 2-тиркеме. ЖМБА алкагында пландоо жолугушуусу тууралуу отчетунун бөлүгү катары көйгөйдү сүрөттөөнүн мисалы

1. **Катышуучулардын саны:** **15**
   Алардын ичинен аялдар: 8
   Алардын ичинен АК депутаттары: 0
   Алардын ичинен АӨ кызматкерлери: 0
   Жамааттар: 15

2. **Артыкчылыктуу көйгөйдү сүрөттөө таблицасы**

| Көйгөйдүн сүрөттөлүшү | Таза суу жетишсиздиги |
|---|---|
| **Себептер** | Суу менен камсыздоо системасына капиталдык ремонт жасалган эмес. Скважиналардын саны жана кубаттуулугу айылдын керектөөлөрүн канааттандыра албай жатат. Жаңы конуштарда суу менен камсыздоо линиялары өткөрүлгөн эмес. Таза суу сугат суу катары колдонулуп жатат. |
| **Кесепеттер:** | Айылда социалдык чыңалуу бар. Балдар, жаштар, кары адамдар арасында ичеги оорулардын саны өстү. Айылдын жеке секторлорунда туристтерди тейлөө чөйрөсүндө чакан бизнестин деңгээли түштү. |
| **Чечүү жолдору** | Капиталдык ремонт иштерин этап-этабы менен жүргүзүү үчүн жергиликтүү бюджетте каражат караштыруу. Айылдын жаңы конуштарында жаңы суу түтүк линияларын өткөрүү үчүн инвестицияларды тартуу. Таза сууну максаттуу пайдалануу тууралуу жашоочулар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Ар бир короого суу ченегичтерди орнотуу. |
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Суу менен жабдуу системасынын ремонт иштери үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү, кошумча скважиналарды орнотуу. Инвестицияларды тартуу, калк менен иш алып баруу. Калктын таза сууну колдонуусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү. |
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Жергиликтүү жамаатты мобилдештирүү: маалымдоо, бул маселени чечүү боюнча мониторинг жана баалоо жүргүзүү, калк менен иштөө. Өз ыйгарым укуктарына ылайык, бул маселени чечүүдө АӨнүн көмөгү. |
| **Жергиликтүү жамаат эмне кыла алат?** | Өз салым катары каражат чогултуу. АК чечимдерин аткаруу. Көйгөйдүн чечилишине мониторинг жана баалоо жүргүзүү. Ашар иштерин аткаруу. |
| **Башкалар эмне кылалат/ресурстар?** | - |

| Көйгөйдү сүрөттөө | Ички жолдордун начар абалы |
|---|---|
| **Себептер** | Ички жолдорго капиталдык ремонт жасалган эмес. Чоң таштар жолду тосуп турат. Жамгырдан кийинки жана жер алдындагы суулар жолду бузууда. Турак жай жана чарба курулмаларын курууда, бак отургузганда тургундар кызыл чекти карманышпайт. |
| **Кесепеттер:** | Машинелер кварталдарды аралап өтүп, белгилеген жерине кыйынчылык менен жетүүдө. Айдоочулардын машиненин ремонтуна жана күйүүчү майга чыгашалары көбөйдү. Тез жардам машинеси оорукчанга жете албай калган учурлар болгон. Бостери – туристтик зонанын чордону катары жагымдуулугун жоготууда. Бул болсо өз кезегинде жергиликтүү бюджетке жана жеке сектордун экономикалык өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизүүдө. |
| **Чечүү жолдору** | 2015-жылы жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү, ошондой эле донорлорго гранттык өтүнмө жазуу. Анализ жүргүзүү жана адис жол куруучуларды тартуу менен акт түзүү. Көп иштерди ашар жолу менен жашоочулар өздөрү деле бүтүрөт. Болгону муну уюштуруш керек. Кварталдык комитеттердин ишин күчөтүү зарыл. |

| | |
|---|---|
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Акт түзүү, анализ жүргүзүү, ремонт иштери боюнча бюджетти даярдоо, жергиликтүү бюджеттен кандайдыр бир каражат караштыруу. Жеке конок үйлөрүнүн, пансионаттардын ээлери менен сүйлөшүү жүргүзүү жолу менен атайын техниканы тартуу, демөөрчүлөрдү табуу ж.б. Жамгыр сууларын буруп кетүү үчүн арык системасын калыбына келтирүү. |
| **АӨ салымы/ ресурстар?** | Өз ыйгарым укуктарына ылайык, бул маселени чечүү боюнча АӨнүн көмөгү: жолдун ремонт иштерине каражат бөлүүнү эсепке алуу менен жергиликтүү бюджетти бекитүү. Жашоочулар менен биргелешип аракеттенүү тууралуу сүйлөшүү. АӨ менен ашар иштерин уюштуруу. Аткарылган иштерге көзөмөл жүргүзүү. |
| **Жергиликтүү жамаат эмне кыла алат/ресурстар?** | Өз үйлөрдүн жанында ашар жолу менен жарым-жартылай ремонт иштерин жүргүзүү. Жамгыр суулары жолду бузбашы үчүн өз убагында арыктарды тазалап туруу. |
| **Башкалар эмне кылалат/ ресурстар?** | - |

## 3-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планынын форматы

**Көйгөйдүн аталышы:** *Таштанды жыйноо жана чыгаруу иштери уюштурулган эмес*

**Кыска мөөнөттүү максат:** *XXX айылдык аймагында таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча башкарууну жакшыртуу;*

**Бенефициарлар:** *Айылдык аймактын 1000 жашоочусу*

| № | Тапшырмалар | Иш-чаралар | Жыйынтык/ көрсөткүч | Мөөнөт-төр | Жооптуу-лар | Ресурстар/ каржылоо булактары | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | ЖБ | РБ | Донорлор | Баш-касы |
| | | | | **Багыты: Инфраструктура** | | | | | |
| 1. | **1-тапшырма.** 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү. | **1-иш-чара.** Муниципалдык ишкана катары каттоо үчүн алгачкы документтер топтомун даярдоо. | Алгачкы документтер даярдалды, анын ичинде муниципалдык ишкананын Уставы, уюмдаштырчу документтер, протокол | Сентябрь 2015 | Артыкбаев К. – АӨ башчысынын орун басары | | | | |
| | | **2-иш-чара.** Жергиликтүү жашоочулар менен муниципалдык ишкананын тапшырмаларын талкуулоо | Чогулуш өткөрүлдү/ маалымат материалдары даярдалды | Сентябрь 2015 | Артыкбаев К. – АӨ башчысынын орун басары\ДТ лидери | | | | |
| | | **3-иш-чара.** Юстициялык органдарда каттоодон өткөрүү | | Сентябрь 2015 | Айылдык кеңеште а/ч боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | | | | |

## 4-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин токтомун даярдоо жана кабыл алуу боюнча кадамдар

1-кадам. Жергиликтүү кеңештин сессиясында кароо үчүн зарыл суроолорду/көйгөйлөрдү аныктоо.
2-кадам. Мэриянын же айыл өкмөттүн жооптуу катчысы токтом долбоорун даярдайт жана жергиликтүү кеңештин сессиясын өткөрүүгө даярдык көрөт.
2-1-кадам. Жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыгындагы токтомдор, ошондой эле ишкердикти жөнгө салган токтом долбоорлору коомдук талкууга чыгарылыш керек. Бул үчүн мэриянын же айыл өкмөтүнүн, жергиликтүү кеңештин маалымат керегесинде кабар илиниш керек, бир айдын ичинде коомдук угуулар, айылдык чогулуштар өткөрүлүш керек.
2-2-кадам. Талкуунун жүрүшүндө катышуучулардан түшкөн сунуштар кабыл алынат, каралат, жалпылаштырылат. Коомдук талкуунун жыйынтыгы боюнча корутунду маалымат даярдалат, ал токтом долбооруна тиркелген Маалымкат-негиздемеге чагылдырылат.
3-кадам. Ишке ашырууда жергиликтүү бюджеттен каржылоону караштырган токтом долбоору каралбайт жана каржылоо булагы аныкталганга чейин кабыл алынбайт.
4-кадам. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын кароосуна ченемдик укуктук актылардын долбоорун белгиленген тартипте киргизүү.
5-кадам. Токтом долбоору сессиянын күн тартибине кошулду, отурумда аны кабыл алуу боюнча добушка коюлат.
6-кадам. Токтом долбоору шайланган депутаттардын жалпы санынан көпчүлүк добуш менен өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен негиз катары кабыл алынды.
7-кадам. Жергиликтүү кеңештин катчысы кайсы баяндамачынын маселеси боюнча айылдык кеңеш чечим кабыл алса, ошону менен бирге кабыл алынган токтомду 5 жумушчу күндүн ичинде жолжоболоштурушат.
8-кадам. Тиешелүү басылмаларда, жергиликтүү кеңештин расмий сайттарында жарыялоолор.
9-кадам. Мамлекеттик ченемдик укуктук актылар реестринде катталды.

## 5-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин сессиясын даярдоонун жана өткөрүүнүн тартибинин кадамдары

| Кадамдар | Кадам аткарылганын тастыктаган документтер | Жооптуулар | Барбы, же жокпу |
|---|---|---|---|
| 1-кадам. Жергиликтүү кеңештин профилдик туруктуу (убактылуу) комиссияларынын төрагалары менен сессиянын күн тартиби алдын ала талкууланды. | 1. Сессиянын күн тартибинин долбоору. | | |
| 2-кадам. Сессиянын күн тартибине жаңы пландан тышкаркы маселелерди макулдашуу. | 2. Тиешелүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын корутундусу же чечими. | | |
| 3-кадам. Депутаттарды же башка адамдарды чакыруу. | 3. Сессия тууралуу маалымат айылдык аймактагы айылдарда эл көп жүргөн жерлерге сессияга 10 календардык күн калганда илинет.<br>4. Депутаттарга жана чакырылган конокторго жазуу жүзүндө кабарлама. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4-кадам. Жергиликтүү кеңештин сессиясын өткөрүү үчүн зарыл документтердин пакети даярдалды. | 5. айыл өкмөтүнүн же мэриянын жооптуу катчысы даярдаган токтом долбоору, аны тиешелүү туруктуу (убактылуу) комиссиялардын төрагалары менен макулдашып, жергиликтүү кеңештин төрагасы жактырыш керек;<br>6. токтом долбооруна маалымкат-негиздеме (маалымат);<br>7. салыштырма таблица (колдонуудагы токтомго өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор киргизилген учурда);<br>8. тиешелүү туруктуу (убактылуу) комиссиянын корутундусу же чечими;<br>9. токтом долбоору мамлекеттик органдардын тиешелүү бөлүмдөрү, уюмдар, мекемелер, ишканалар, жергиликтүү жамаат менен макулдашылганы тууралуу маалыматты камтыган документтер (зарыл болсо);<br>10. өткөрүлгөн экспертизалардын жыйынтыгында даярдалган эксперттик корутундулар (зарыл болсо). | | |

## 6-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин сессиясын өткөрүү эрежелери

| Кадамдар | Кадамдар аткарылганын тастыктаган документтер | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 1-кадам. Депутаттарды жана сессияга катышууну каалагандарды каттоо. | Депутаттарды каттоо журналы. | |
| 2-кадам. Каттоо башталгандан кийин 15 мүнөттүн ичинде кворум болбогон учурда 30 мүнөткө тыныгуу жарыяланат. Эгерде 30 мүнөттүн ичинде кворум чогулбаса, сессия өткөн жок деп эсептелет. | Жергиликтүү кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынан жарымынан кем эмеси чогулганда укуктуу болот. | |
| 3-кадам. Жергиликтүү кеңештин жол-жоболук маселелер боюнча чечими катышкан депутаттардын санынан көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат | токтом менен таризделбейт | |
| 4-кадам. Отурумда сессиянын күн тартибинин долбоору аны негиз катары кабыл алуу үчүн добуш берүүгө коюлат. | Сессиянын күн тартиби катышкан депутаттардын санынан көпчүлүк добуш менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен негиз катары кабыл алынды.<br><br>Жергиликтүү кеңештин сессиясынын протоколу. | |
| 5-кадам. Күн тартибине киргизилген жана сессиянын башында жергиликтүү кеңештин депутаттары бекиткен маселелер каралат. | Маселенин демилгечисинин, туруктуу (убактылуу) комиссиянын төрагасынын же кызмат адамынын доклады/отчету. | |
| 6-кадам. Маселени жана токтом долбоорун кароодо депутаттардын жазуу жана оозеки түрүндө түшкөн эскертүүлөрү жана сунуштары (өзгөртүүлөр, толуктоолор) угулат, алар талкууланат жана добушка коюлат | Туруктуу (убактылуу) комиссиянын корутундусу. | |
| 7-кадам. Талкуу (жарыш сөз) бүткөндөн кийин баяндамачы соңку сөз менен чыгууга акылуу. | Сессиянын протоколу. | |

© Өнүктүрүү саясат институту | 2015 | **www.dpi.kg**

| | | |
|---|---|---|
| 8-кадам. Андан ары депутаттар добуш берүүнүн формасы боюнча сунуш киргизүүгө укуктуу. | Талкууланып жаткан маселе боюнча токтом долбоорунун текстине депутаттардан сунуштар (өзгөртүүлөр, толуктоолор). | |
| 9-кадам. Депутаттардан түшкөн бардык сунуштар (өзгөртүүлөр, толуктоолор) түшкөн кезегине жараша добушка коюлат. | Депутаттардын жалпы санынан көпчүлүк добуш албаган сунуштар четке кагылды деп эсептелет. | |
| 10-кадам. Талкуунун жыйынтыгы боюнча баяндамачынын суроолорго берген жообу жергиликтүү кеңештин депутаттарын канааттандырбаса, же баяндамачы каралып жаткан маселени терең иликтебесе, же мыйзамдардагы нормаларга карама-каршы келсе. | депутаттардын жалпы санынан көпчүлүк добуш менен депутаттардын эскертүүлөрүн жана сунуштарын эсепке алуу менен жергиликтүү кеңештин кийинки сессиясына киргизүү укугу менен маселени кайра иштеп чыгууга жиберүүгө укуктуу | |
| 11-кадам. Депутаттардын жалпы санынан көпчүлүк добуш менен колдоого алынган депутаттын сунушу кабыл алынды деп эсептелет жана токтом долбоорунун текстине кошулат. | Токтом долбоорунун тексти. | |
| 12-кадам. Токтомду жалпысынан кабыл алуу үчүн добуш берүү. | Бекитилген токтом. | |
| | | |

## 7-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин кабыл алынган токтомунун күчүнө кирүү тартиби

| Кадамдар | Кадам аткарылганын тастыктаган документтер | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 1-кадам. Жергиликтүү кеңештин катчысы кайсы баяндамачынын маселеси боюнча айылдык кеңеш чечим кабыл алса, ошону менен бирге кабыл алынган токтомду 5 жумушчу күндүн ичинде жол-жоболоштурушат | Кабыл алынган токтомдун толук иштелип чыккан тексти. | |
| 2-кадам. Жергиликтүү кеңештин төрагасы токтомго аны кабыл алган күндөн тарта 5 жумушчу күндүн ичинде кол коёт. | Кол коюлган кабыл алынган токтомдун тексти. | |
| 3-кадам. Жергиликтүү кеңештин токтомун айыл өкмөтүнүн же кеңеши аппаратынын жооптуу катчысы каттайт. | Каттоо журналына жергиликтүү кеңештин токтому катталганы тууралуу жазуу. | |
| 4-кадам. Жергиликтүү кеңештин токтому күчүнө кириш үчүн расмий жарыялануга тийиш. | Тиешелүү басылмаларда же ЖӨБ, ЖМА органдарынын, облустун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, ЖӨБЭММАнын расмий сайттарында жарыялоолор. | |
| 5-кадам. Токтомдун көчүрмөсү ЧУА Мамреестрине киргизүү үчүн Юстиция министрлигинин облустук башкармалыгына жолдомо. | Облбашкармалыктан материалдарды алуу жана аларды ЧУА реестрине кошуу үчүн Юстиция министрлигинин борбордук аппаратына жиберүү. | |
| 6-кадам. Кабыл алынган чечимдер тууралуу коомчулукту кеңири маалымдоо. | Жергиликтүү кеңештин токтомунун көчүрмөсү айылдык аймактын маалымат керегелеринде жайгаштырылат, , ЖӨБ органынын сайтында жайгаштырылат. | |

# 8-тиркеме. Кара-Жал айылдык аймагынын XXVI чакырылыштагы айылдык кеңешинин ачык сессиясынын программасы

Өтчү күнү: 05.11.2014

Өтчү жери: Тегизчил айылындагы клуб, 9:30дан 12:05ке чейин

| Убактысы | Иш-чара | Жооптуулар |
|---|---|---|
| 9:30-10:00 | Каттоо | Бейшебаева А.- жооптуу катчы |
| 10:00-10:05 | Саламдашуу | Мукалаев Т. - төрага |
| 10:05-10:10 | | Бейшебаева А. - жооптуу катчы<br>Мукалаев Т. - төрага |
| 10:10-10:15 | КР Гимни, сессиянын ачылышы | Мукалаев Т. - төрага |
| 10:15-10:20 | Регламентти жарыялоо | Мукалаев Т. - төрага |
| 10:20-10:25 | Күн тартибин бекитүү<br>Каралчу маселелер<br>1. Айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысынын 2014-жылдагы иши тууралуу маалымат<br>2. 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысынын программасы | Мукалаев Т. - төрага |
| 10:25-10:40 | Кара-Жал айыл өкмөт башчысынын маалыматын угуу<br>1. Айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча Кара-Жал айыл өкмөт башчысынын 2014-жылдагы иши тууралуу маалымат | Тамаев Ө. – айыл өкмөт башчысы |
| 10:40-10:55 | Айыл өкмөт башчысынын маалыматы боюнча туруктуу комиссиялардын корутундусун угуу | Алымбаев Н. – жер комиссиясынын төрагасы<br>Атыгаев Т. – бюджет жана социалдык маселелер боюнча комиссия төрагасы |
| 10:55-11:15 | Суроо-жооптор, жарыш сөздөр<br>Депутаттар, калк | Мукалаев Т. - төрага |
| 11:15-11:20 | Токтом долбоорун талкуулоо, добуш берүү | Мукалаев Т. - төрага |
| 11:20-11:35 | Кара-Жал айыл өкмөт башчысынын маалыматын угуу<br>2. 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча Кара-Жал айыл өкмөт башчысынын программасы | Тамаев Ө. – айыл өкмөт башчысы |
| 11:35-11:40 | Айыл өкмөт башчысынын маалыматы боюнча туруктуу комиссиялардын корутундусун угуу | Атыгаев Т. – бюджет жана социалдык маселелер боюнча комиссия төрагасы |
| 11:40-11:55 | Суроо-жооптор, жарыш сөздөр<br>Депутаттар, калк | Мукалаев Т. - төрага |
| 11:55-12:00 | Токтом долбоорун талкуулоо, добуш берүү | Мукалаев Т. - төрага |
| 12:00-12:05 | Сессиянын жабылышы, КР Гимни | Мукалаев Т. - төрага |
| | | |

# 9-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын протоколунун мисалы

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**АК-СУУ РАЙОНУ**

**КАРА-ЖАЛ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН КАРА-ЖАЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**

**КАРА-ЖАЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ КАРА-ЖАЛЬСКОГО АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

Кара-Жал айылдык аймагынын айылдык кеңешинин 26-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги 12-сессиясынын

**ПРОТОКОЛУ**

**2014-жылдын 5-ноябры, Тегизчил айылы**

Сессиянын төрагасы: Айылдык кеңештин төрагасы Т.А.Мукалаев.
Сессиянын катчысы: жооптуу катчы А.О.Бейшенбаева.
Катышкандар: Айылдык кеңештин 9 депутаты: Т.Мукалаев, А.Тойгоналиев, А.Карыбаев, К.Эсенгулов, Т.Атыгаев, Н.Алымбаев, Ж.Карыбаев, А.Бабаев, Н.Супатаев.
Катышпагандар: депутаттар А.Осмоналиев, И.Алпарова – жөндүү себептер менен.
Сессия ачык өттү.
Чакырылгандар: Тегизчил, Боз-Булуң, Жаңы-Арык, Кара-Жал айылдарынын тургундары 23 киши катышты.
Ак-Суу райондук мамлекеттик администрация башчысы – аким Ж.А.Байсеитов.
Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлдөрү: 7 киши.
Айылдык аймактагы айылдык кеңештердин төрагалары, катчылары.

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

**1-маселе**: Айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча Кара-Жал айыл өкмөт башчысы Ө.Ш.Тамаевдин 2014-жылдагы иши тууралуу маалымат

**2-маселе:** 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча Кара-Жал айыл өкмөт башчысынын программасын бекитүү

Кириш сөз менен сессиянын төрагасы Т.Мукалаев чыкты. Ишти баштаар алдында катышкан депутаттардын саны такталды. Айылдык кеңештин 11 депутатынын ичинен 9у катышууда, кворум бар. Сессиянын ишин баштоо сунушталды. Сунуш бир добуштан колдоого ээ болду. Сессия ачык деп жарыяланды.

Сессиянын төрагасы Т.Мукалаев сессия ачык режимде өтүп жатканын билдирип, катышуучулар менен тааныштырды.

Күн тартиби менен тааныштырардын алдында ал айылдык аймактагы соңку жаңылыктар менен бөлүштү. Айылдык кеңештин депутаты, К.Эшимбеков атындагы орто мекептин директору Т.Атыгаев иште жетишкен ийгиликтери үчүн райондогу мектептердин арасынан 1-орунду ээледи.

Айыл өкмөтүнүн салык инспектору "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун отличниги" төш белгиси менен сыйланды.

Сессиянын төрагасы Т.Мукалаев күн тартибин айтып, добуш берүү башталды. Депутаттар бир добуштан күн тартибин бекитишти. Сессияны бекитилген регламентке ылайык өткөрүү чечими кабыл алынды. Т.Мукалаев сессияга катышып жаткан жергиликтүү тургундарга жана коноктorго кайрылып, сессиянын ишинин жүрүшүндө кандайдыр бир тоскоолдуктарды жасабоону өтүнүп, суроо-жооптор, каалоолор үчүн кошумча убакыт берилерин айтты. Сессия өз ишин баштады.

**1-маселе** боюнча айыл өкмөт башчысы Ө.Ш.Тамаев сөз сүйлөдү. Ал айыл аймагы тууралуу кыскача айтып берип, 2014-жылы инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча иш-чараларга токтолду.

2014-жылы инвестицияларды жана гранттарды тартуунун натыйжасында 6 объект боюнча иштер аткарылды. Алар: 1) Аймактын борбору Тегизчил айылына негизги трассадан кирген жерден баштап узундугу 1,70 км жолдун ремонту. 2) Тегизчил айылындагы ФАПтын ремонту. 3) Тегизчил айылындагы бала бакчанын курулушу. 4) Жаңы-Арык айылындагы "Звероферма" насос станциясынын реконструкциясы. 5) Аймакты жашылдандыруу боюнча иштер, көчөттөрдү отургузуу. 6) Тегизчил айылында жаштар борборунун ачылышы.

Аткарылган иштерди баалоо жана корутунду даярдоо үчүн айылдык кеңештин финансы, бюджет,

социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча, ошондой эле жер маселелери, мал чарбасы жана экология боюнча туруктуу комиссияларга тиешелүү тапшырмалар берилди.

***1-корутундуну*** жер маселеси, мал чарбасы жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Н.Алымбаев берди.

1. Аймактын борбору Тегизчил айылына кирүүчү трассадан башталган жана анын уландысы айылдын ичиндеги Рахмат көчөсүнүн жолунун 1,70 км аралыгында оңдоо иштери жасалган. Жолдун айылга чейинки 1,0 км аралыгынын асфальты толугу менен жаңыртылган. Айылдын ичиндеги 0,7 км аралыгы "быдырлоо" жолу менен оңдолгон. Корутундуга ылайык, жолдун ушул экинчи аралыгы начарыраак жасалган, себеби шагылдын үстүнө куюлган асфальты азыраак болуп калган.

2. Жаңы-Арык айылындагы "Звероферма" насос станциясынын реконструкциясы тууралуу маалымат. Смета боюнча баасы 1,4 млн. сом. Бул каражатка насостун ремонту боюнча жумуштар пландалган. Тендер өткөрүлүп, подрядчы аныкталды. Жерди казып, эски насосторду текшере келгенде алар мындан ары колдонууга болбой калганы белгилүү болду. Буга байланыштуу насосторду алмаштыруу үчүн кошумча смета түзүлүп, экинчи тендер өткөрүлдү. Ушул тапта жумуштар токтоп турат. Анткени экинчи смета боюнча каражат күтүлүүдө.

3. Комиссия 2014-жыл үчүн жашылдандыруу боюнча иштердин жыйынтыгын текшерип, көчөттөрдүн 40 пайызы өспөй калганы аныкталган. Комиссиянын мүчөлөрү көчөттөр үчүн жооптуулар менен кезигип, себебин билишкен. Быйыл күн катуу ысып, сугат суу жетишсиз болгону көчөттөрдүн жарымы өспөй калганына себеп болгон.

Н.Алымбаев туруктуу комиссиянын корутундусун окуп берди.

***2-корутундуну*** кеңештин бюджет, социалдык маселелер, мунципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү Т.Атыгаев тааныштырды.

1. Тегизчил айылындагы ФАПтын ремонтунун жүрүшү тууралуу маалымат берилди. Учурда оңдоо иштерине каралган 2 721 800 сомдун ири бөлүгү колдонулду. Жумуштардын ремонту канааттандырарлык эмес деп бааланды.

2. Тегизчил айылында Ысык-Көл облусунун өнүктүрүү фондун башкаруу дирекциясы 30 орундуу бала бакчанын курулушун каржылай баштады. Долбоордун сметалык баасы 12,0 млн. сомду түзөт. Учурда 1,0 млн. сом бөлүнүп, пайдубалын түптөө иштери башталган.

3. Тегизчил айылындагы айыл өкмөттүн имаратында жаштар борбору ачылып, заманбап оргтехникалар менен жабдылган. Бул борбор жаштар үчүн ар кандай долбоорлорду ишке ашыруу, иш-чараларды өткөрүү үчүн шарттарды түзүп берүүдө.

Т.Атыгаев жогоруда аталган үч иш-чаранын корутундусун окуп берди.

Сессиянын катышуучулары 1-маселени талкууга өтүштү.

Жарыш сөзгө чыккандар:

1. А.Тойгоналиев, депутат: - Быйыл аймакка өнүктүрүү фондунан 17,0 млн. сом бөлүнгөн. Бул фонддун каражаттары пландуу негизде элдин санына жараша аймактарга бөлүнөт, ошондуктан инвестиция тартуу үчүн башка булактарды издөө зарыл.

2. Н.Супатаев, депутат: - "Звероферма" насос станциясынын оңдоо иштерине баарыбыз кол кабыш кылып жатабыз. Өмүрбек Шакирович, жазгы сугатка даяр болуп калабы?

Жооп: Тендер өткөрүлдү. Азыр биз бардык тиешелүү структуралар менен иштешип жатабыз. Өнүктүрүү фондунан каражат которулары менен подрядчылардан талап кыла баштайбыз.

3. А.Карыбаев, депутат: - Бир жылда 17,0 млн. сом тартуу жакшы деп эсептейм. Мен бардык айыл өкмөттөргө да ушундай жетишкендиктерди каалайм. Туруктуу комиссиялардын корутундуларында кемчиликтер бар экени айтылды. Акча тартуу оңой эмес. Ошондуктан каражатты туура колдонууга умтулушубуз керек.

Ө.Тамаев: - ФАПтагы ремонттук иштердин жүрүшүн биз депутаттар менен чогуу көзөмөлдөп, подрядчыларга эскертүүлөрдү жасап турдук. Мындан ары да көзөмөлдү уланта беребиз. Жол маселеси татаал. Оңдолгон участок өткөрүлүп алына элек. Бирок биз бардык кемчиликтерди четтетүүгө аракеттенебиз.

4. Ж.Дүшекеев, Тегизчил айылынын тургуну: - 17,0 млн сом жакшы сумма. Бирок ветеринария маселеси көңүл сыртында калып жатканын белгилеп койгум келет. Учурда мал оорулары көбөйдү. "Купканы" уюштуруп берсеңер абдан жакшы болмок.

Төрага Т.Мукалаев негизги темадан четтебөнү жана 1-маселе боюнча гана суроо узатууну өтүндү. Ал сессиянын соңунда өтүнүчтөр жана сунуштар үчүн өзүнчө убакыт берилерин кошумчалады.

5. С.Шамуратова, Жаңы-Арык орто мектебинин директору: - Ушундай иштер жасалып жатканы жакшы болду. Бул жылы биздин мектепке жаңы даараткана куруп беришти. Өнүктүрүү фондунан бул максатта 72.0 миң сом бөлүндү. Бирок бул сумма маалыматка кирбей калган экен. Мен эки маселе боюнча кайрылып жатам. Биринчиси – мектептердеги өрт коопсуздугу. Бул максатта мектептерге каражат бөлүнүп берилиш керек. Экинчиси – окуучулардын тиш маселеси. Стоматологиялык жардам көрсөтчү көчмө пункттарды чакырышыбыз керек.

Т.Мукалаев Өмүрбек Шакировичке кайрылып, бардык сын-пикирлер туура кабыл алынып, кемчиликтер четтетилет деген үмүтүн билдирди. Андан кийин эки туруктуу комиссиянын корутундусун добуш берүүгө койду. Корутундулар бир добуш менен бекитилди.

Т.Мукалаев 1-маселе боюнча токтом долбоорун окуп берди.

**№1 Т О К Т О М**

Кара-Жал айылдык кеңешинин кезексиз сессиясында Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө. Тамаевдин 2014-жылы айыл аймагына инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча жасаган иштери тууралуу маалыматы угулду.

Туруктуу комиссиялардын төрагаларынын корутундусун угуп чыгып, туруктуу комиссиялардын корутундуларын талкуулап, Кара-Жал айылдык кеңеши **токтом кабыл алды:**

1. Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө. Тамаевдин 2014-жылы айыл аймагына инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча жасаган иштери тууралуу маалыматы эске алынсын.
2. Айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссияларынын корутундуларында белгиленген жана айылдык кеңештин депутаттарынын сессияда айткан сын-пикир, сунуштары эске алынсын.
3. Кара-Жал айыл өкмөт башчысы пландалган ишти аягына чейин чыгарууга, 2014-жылга айыл аймагына инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча пландалган иштерди сапаттуу бүткөрүүнү камсыздоого милдеттендирилсин.
4. 2014-жылга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча пландын аткарылганы тууралуу толук маалымат айыл өкмөт башчысынын 2014-жылы жасалган иштери тууралуу отчету менен бирге берилсин.
5. Ушул токтомдун 2, 3, 4-пункттарынын аткарылышына көзөмөл айылдык кеңештин финансы, бюджет жана социалдык маселелер, муниципалдык менчик, ошондой эле жер маселелери, мал чарбасы жана экология боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.
6. Ушул токтом расмий жарыяланган күндүн тартып күчүнө кирет.

Токтомдун долбоору добушка коюлуп, бир добуш менен бекитилди.

**<u>2-маселе</u>** боюнча Ө.Тамаевге сөз берилип, ал 2015-2017-жылдарга карата айылдык аймакка инвестицияларды тартуу боюнча программаны окуп берди. Программага бала бакчаны, мектептерди, жолдорду оңдоо, аймакты жашылдандыруу иштерин уланта берүү, Р-3 сугат каналын тазалоо, көчөлөрдү жарыктандыруу, жасалма уруктандыруу пунктун иштетүү, үрөн фондун түзүү, аймакта балык чарбасын өнүктүрүү өңдүү маселелер кирген.

Айылдык аймакка 2015-2017-жылдарга инвестицияларды тартуу программасы айылдык кеңештин бюджет, социалдык маселелер жана мунципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралды. Туруктуу комиссиянын мүчөсү Т.Атыгаев 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды тартуу боюнча программанын долбоору боюнча корутундуну окуп берди. Корутундуда программа аймактагы бардык көйгөйлүү маселелерди эсепке алуу менен түзүлгөнү белгиленген. Ал тартылган каражаттардын максаттуу колдонулушун көзөмөлдөө зарыл экенин белгиледи. Жасалма уруктандыруу пунктун ачуу тууралуу маселеге токтолуп, максаттуу колдонуу керектигин айтты. Анткени буга чейин ПРООНдун жардамы менен атайын аппарат сатып алынган, бирок кандайдыр бир себептер менен колдонулбай келатат. “Айылдык бюджеттин тартыш болгону баарыбызга белгилүү. Жарыктандыруу боюнча айта турган болсом, бул жерде өзүбүз аракет жасашыбыз керек деген ойдомун”, - деп айтты Т.Атыгаев.

Программаны окуп чыгып эки сунуш киргизели дегенбиз.

1. Жаңы-Арык айылындагы орто мектептин имараты өтө эски. Жыл сайын ремонт жасоого туура келет. Жаңы мектеп куруу тууралуу маселе көптөн бери эле көтөрүлүп келатат. Дагы бир жолу бул маселеге көңүл буруп койсоңор.

2. Жергиликтүү тургундардын талабы боюнча аймакка бир “купка” керек. Тегизчил айылында “купка” бар болчу, кошуна айылдын бардык жашоочулары ал жерге малын салып кетишчү. Учурда ал жерде кошуна участокто турак жайлар курулуп жатат, мындан улам “купканын” ээси аны иштетүүгө макулдук бербей жатат.

Кошумча сын-пикирлерди эске алып, Т.Атыгаев корутундуну окуп берди.

2-маселе боюнча суроо-жооп, талкуу башталды.

1. А.Бабаев: Менде айыл өкмөттүн программасы боюнча суроом бар:

1) Эмне үчүн жеке ишкерлерге инвестицияларды тартууга көңүл бурулбайт?

2) Инвестициялардын көбү эле өнүктүрүү фондунан пландалыптыр. Башка булактар менен иштегенге да аракет кылсаңар.

Жооп. Ө.Ш.Тамаев: Жаңы-Арыктагы мектептин маселеси чечилсе, айылдын бала бакчасына байланышкан маселе да чечилмек. Мектептин курулушу боюнча долбоордук-сметалык документтер 58,0 млн. сомго түзүлгөн. Сумма көп болгондуктан бул маселе да оңой менен чечилбей жатат. Бирок биз бул багытта иштерибизди улантып жатабыз.

"Купка" өтө олуттуу маселе. Жаңы "купка" үчүн орун даярдалды, бул маселени 2015-жылы чечебиз деп пландап турабыз.

2. Ж.Карыбаев: Учурда элеттиктер негизинен айыл чарбасы менен күн көрүүдө. Анткен менен сапаттуу үрөн алууга көңүл бурулбай калууда. 32 миң сомго үрөн алсак чүрүш болуп калды. "Купка" да олуттуу маселе. Азыр "ивермек" сыяктуу уколдорду саюуга тыюу салынып жатат. Мал кырылып, оорулар да күч алды. Айыл чарбасына көңүл буруп койсоңор.

Ө.Ш.Тамаев: Айыл өкмөтү ветеринардык адистерден малды өз убагында вакцинациядан өткөрүп турууну талап кылып келатат. Биз Каракол шаарына жакын турабыз. Ал жерде такыр көзөмөл жок. Адамдар эч кандай документтерсиз эле мал багып, алып-сатып иштешүүдө. Оорулар көбүнчө ошол жактан келүүдө. Экинчи жагынан учурда элдин малы көбөйүүдө. Ошондуктан ветеринардык көзөмөл баары үчүн көйгөйлүү маселе болуп турат. Бул эми мамлекеттик деңгээлде чечилчү маселеге айланды. Уруктандыруу боюнча айта турган болсом, чындыгында эле кемчиликтер бар. Урматтуу депутаттар, бул жерде силердин жардамыңар керек болуп турат. Биздин адистер бул аппаратты иштете албай жатышат. Жакшы адис керек. Көрсө, элди башынан көндүрүш керек экен.

3. Т.Атыгаев: Кыш босогодо турат. Мектептерди электр генераторлору менен камсыздоо тууралуу бизге жогору жаткан тапшырма берилген. Экинчиден, жылдык отчетто ар бир ведомствонун жетекчиси электр энергиясынын чыгашасы боюнча анализ бериш керек. Жылдык отчетто аймак боюнча анализ жүргүзөбүз.

Ө.Ш.Тамаев: - Мектептерге генератор сатып алуунун кажети жок, себеби генератор жылуулукту эмес, электр энергияны гана камсыздай алат.

4. "Купка" боюнча кандай чукул чаралар көрүлөт? Жер семирткичтер маселеси да актуалдуу бойдон кала берүүдө.

Ө.Ш.Тамаев: - "Купкага" жер даярдалган. Бизде өзүбүздүн үрөн чарбабыз жок. Жыл сайын айыл башчыларына үрөндөр алынуучу жерлер, райондогу жана облустагы үрөн чарбаларында сатылган үрөндөрдүн баасы тууралуу маалыматтар таратылат. Өкмөт тарабынан каралган үрөндөр боюнча муктаждыктарды айыл башчылары изилдеп, аныктап, өтүнмө берилет. Өзүңөр билгендей, айыл өкмөттүн бюджети тартыш. Каражат жетпей жатат. Ошондуктан биз маалыматтарды гана берип турабыз.

5. А.Карыбаев:– Программада көбүнчө Тегизчил айылы тууралуу гана сөз болууда. Башка айылдарга да көңүл бурсаңар болмок. Экинчи маселе, Жаңы-Арык айылына маршрутка каттаган борбордук көчө бар. Анын маршрутун узартып берүүнү өтүнгөнбүз. Бирок жолдордун абалы начар болгондуктан алар ал тарапка каттагысы келбей жатат.

Ө.Ш.Тамаев: - Акыркы жылдары дээрлик жыл сайын жолдорго шагыл төгүлүп келатат, мурдагыдай кир болбой калды. 101-маршрут боюнча кайрылгам. Ал шаардык транспорт болгондуктан айылдын аймагына кире албайт экен. Бирок ошого карабастан бизге да каттап жатат.

6. Т.Мукалаев: - Жаштардын окуусуна да көңүл буруп койсоңор.

7. А.Байболотов, Боз-Булуң айылынын аксакалдар соту: Бизде эң чоң көйгөй – иштен кеткен айыл өкмөт башчынын ордуна жаңысын таба албай жатышат. Эгерде варианттар болбосо, анда башка айылдардан таап берерсиңер. Экинчи маселе – жаңы конуштун жолу. Үчүнчүсү – мал чарбасы. Быйыл мал июль айында араң көчтү, ушуга көңүл бурсаңар. Алыскы жайыттар кандай болуп жатат? Ветврачты чакырсак да көйгөйлүү маселе болуп жатат. Аны көпкө чейин күтүп калуудабыз.

Ө.Тамаев: - Эл да активдүүлүгүн көрсөтүш керек. Өз ара кеңешип, жаңы айыл башчыны чыгаргыла. Айыл башчы айылдын чогулушунда шайланат. Жайыттар тууралуу айта турган болсом, азыр алар жетиштүү. Көптөр алыс жакка барбай жатат. Бизге бөлүнгөн жайыттарды өзүбүз ээлешибиз керек. Жаңы конуштун жолу кийин салынган, жакында эле каттоодон өткөн. Өзүңөр билгендей, аны аты коюлган адамдын балдары жасап беребиз дешкен. Буга чейин эки-үч жыл катары менен кум төгүлүп, бир топ эле оңолуп калды.

8. Программаны кунт коюп уктук, жакшы планыңар бар экен, ишиңер илгери болсун. Аппаратыңар менен бирге аларды ишке ашырууга аракет жасагыла.

9. Т.Мукалаев: Мен сиздин чачыңыз айыл өкмөткө келгенде агарды деп дайыма айтам. Эгерде биргелешип программаны ишке ашырсак баарыбызга жакшы болот. Токтомду окуурдан мурда өзүңүздүн оюңузду айтсаңыз.

Ө.Ш.Тамаев: - Колдон келишинче аракет кылып жатабыз. Жасачу иштер дагы көп эле. Чечилиш керек болгон маселелер да арбын.

Т.Мукалаев: - Экинчи маселе кызыктуу болду. Программага эки пунктту кошуу сунушу түштү. Алар:

1) Жаңы-Арыктагы орто мектептин курулушу

2) "Купканын" ачылышы

Ошондой эле дыйкандарды үрөн жана жер семирткичтер менен камсыздоо маселесине көңүл буруу.

Экинчи маселе боюнча даярдалган токтомдун долбоору окулуп, добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгында кошумчаларды эске алуу менен токтом жалпы жолунан бекитилди.

**№2 Т О К Т О М**

Кара-Жал айылдык кеңешинин кезексиз сессиясында Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө. Тамаевдин 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программасын бекитүү тууралуу маалыматы угулду.

2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча айыл өкмөтүнүн программасынын долбоору тиешелүү туруктуу комиссияларда каралган. Туруктуу комиссиялардын корутундуларынын негизинде Кара-Жал айылдык кеңеши **токтом кабыл алды:**

1. Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө. Тамаевдин 2015-2017-жылдарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программасы бекитилсин.
2. Айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссияларынын корутундуларында белгиленген жана айылдык кеңештин депутаттары айткан сунуштар, сын-пикирлер эске алынсын.
3. Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысына 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча иштери бекитилген программанын негизинде жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.
4. Айыл өкмөтүнүн башчысына айылдык кеңештин сессиясында 2015-жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча 2015-2017-жылдарга айылдык аймакка инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программасын ишке ашыруунун жүрүшү тууралуу маалымат берүү жагы милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомдун 2, 3, 4-пункттарынын аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин тиешелүү туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.
6. Ушул токтом расмий жарыяланган күндүн тартып күчүнө кирет.

Сессиянын аягында сөз Ак-Суу райондук мамадминистрация башчысы – аким Ж.А.Байсеитовго берилди.

- Бүгүн “Элдин үнү” долбоорунун алкагында ачык сессияга катышып отурабыз. Бул долбоор жакшы иштерди аткарып жатат. Долбоордун аталышы эле айтып турат – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жашоочулар өздөрү катышыш керек. Мисалы, Боз-Булуң айыл өкмөтү башчысы жок жашап келатат. Анткени айлык акы аз, билимдүүлөр ал жакка баргысы келбейт. Бул жерде жергиликтүү депутаттарда да жоопкерчилик болуш керек. Эмне үчүн айыл өкмөтүнүн башчылыгына киши издешпейт? Бизде чечилиш керек болгон маселелер көп эле. Жогору жактагы айрым адамдардын жоопкерчиликсиз мамилесинен жана популисттигинен электр энергиясына байланыштуу маселе жаралды. Бизде электр энергиясы боюнча көз карандысыздык болуш керек. Экинчи маселе, бюджеттин тартыштыгы тууралуу айтып жатасыңар. Учурда жер салыгынын ставкасы 373 сомду түзөт. Ушуну экиге көбөйтсө эле бюджет канчага көбөйөрүн элестетип көргүлөчү. Азыр 373 сомго эч нерсе келбейт. Айыл өкмөтү депутаттар менен активдүү кызматташса, жакшы жыйынтык болот деп эсептейм. Өзгөчө жыл жыйынтыгы чыгарылып, кийинки жылдын пландары талкууланып жатканда мен бардык сессияларга катышууга аракет жасайм.

Ж.Карыбаев: - Биз бардык сын-пикирлерди жана сунуштарды айттык. Дайыма айыл өкмөтүнүн жанында болуп, жардам бергенге аракет кылып келатабыз.

| | |
|---|---|
| Сессиянын төрагасы | Т.Мукалаев |
| Катчы | А.Бейшенбаева |

## 10-тиркеме. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясынын корутундусунун мисалы

**Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө.Ш.Тамаевдин Кара-Жал айылдык аймагы боюнча 2015-2017-жылдарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программасынын иш-чаралары боюнча Кара-Жал айылдык кеңешинин финансы, бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын**

**КОРУТУНДУСУ**

Кара-Жал айылдык кеңешинин финансы, бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөлөрү Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө.Ш.Тамаевдин 2015-2017-жылдарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программасынын иш-чараларын карап, талкуулап чыгышты. Алар:

- Тегизчил айылында 60 орундуу жаңы бала бакчанын курулушу
- Аймактагы төрт айылда төрт чакан насосту алмаштыруу жана оңдоо
- Боз-Булуң айылындагы бала бакчанын ремонту
- Тегизчил айылындагы К.Эшимбеков атындагы орто мектептин ремонту
- Жашылдандыруу иштеринин алкагында төрт айылда 5000 көчөт отургузуу

- Тегизчил айылынын Соно көчөсүндөгү, Жаңы-Арык айылындагы жаңы конуштун көчөсүндөгү, Боз-Булуң айылында Кадыралиев көчөсүндөгү жана Кара-Жал айылында Эшимбеков көчөсүндөгү жолдорду оңдоп-түзөө
- Р-3 каналын механикалык тазалоо
- Тегизчил айылындагы парктын тегерегине тосмолорду орнотуу
- Үрөн фондун түзүү
- Тегизчил айылында жасалма уруктандыруу боюнча пунктту ачуу
- “Таза айыл” сынагын өткөрүү
- Тегизчил айылында Рахмат көчөсүндө 7 чырак, Боз-Булуң айылындагы Кадыралиев көчөсүндө 5 чырак, Жаңы-Арык айылындагы Жолдошбай көчөсүндө 5 чырак, Кара-Жал айылындагы Эшимбеков көчөсүндө 3 чырак орнотуу
- Тегизчил айылында эки балык чарбасын уюштуруу
- Тегизчил айлындагы Кара-Суу каналын механикалык тазалоодон өткөрүү

Программада көрсөтүлгөн иштер бүгүнкү күндө аймактагы эң көйгөйлүү маселелер болуп эсептелет. Комиссиянын мүчөлөрү программаны талкуулап чыгып, кошумча сунуш киргизишти. Программага малды ар кандай оорулардан коргоо үчүн «купка» орнотууга жана Жаңы-Арык айылында орто мектептин курулушун баштоого тиешелүү пункттарды киргизүү сунушталды.

Айылдык кеңештин финансы, бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөлөрү айыл өкмөтүнүн башчысы Ө.Ш.Тамаев сунуштаган 2015-2017-жылдарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программанын алкагында иш-чараларды карап, талкуулап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келет:

**КОРУТУНДУ**

1. Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө.Ш.Тамаевдин 2015-2017-жылдарга инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча программасы жалпы жолунан жактырылсын.
2. Программага малды тери ооруларынан коргоо үчүн «купка» орнотуу жана Жаңы-Арык айылындагы орто мектептин курулушун баштоо пункттарын киргизүү сунушталсын.

Айылдык кеңештин финансы,
бюджет, социалдык маселелер
жана муниципалдык менчик боюнча
туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Бабаев

**Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө.Ш.Тамаевдин 2014-жылдын 9 айында инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча жасаган иштерине байланыштуу айылдык кеңештин финансы, бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын**

**КОРУТУНДУСУ**

Айылдык кеңештин **финансы, бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча** туруктуу комиссиясынын мүчөлөрү 2014-жылы инвестицияларды жана гранттарды тартуу менен 2014-жылы айыл өкмөт тарабынан аткарып жаткан иштери менен таанышып чыгышты.

ФАПтын кызматкерлери менен биргеликте ФАПтын имаратын оңдоо боюнча долбоор иштелип чыгып, дем берүүчү грантты алуу үчүн КР Финансы министрлигине 2014-жылдын 12-мартындагы (№ 01-5/66) айыл өкмөттүн жолдомо каты менен сунушталган. Долбоор колдоого алынып, тендер өткөрүлгөн. 2014-жылдын 7-июлунда жалпы баасы 2721,9 миң сомду түзгөн долбоорду ишке ашыруу боюнча тендер өткөрүлүп, «Чынгыз Интернешнл Групп» ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган. 2014-жылдын 9-июлунда долбоорду ишке ашыруу боюнча Ысык-Көл фондун башкаруу дирекциясы, айыл өкмөтү жана «Чынгыз Интернешнл Групп» ЖЧК ортосунда үч тараптуу келишим түзүлгөн. 2014-жылдын 4-августунда «Чынгыз Интернешнл Групп» ЖЧКнын эсебине 734 900 сом которулуп, имаратты оңдоо иштери башталган. 2014-жылдын 2-октябрында 1,4 млн. сом которулган. Комиссия жеринде объектти карап чыгып, төмөнкүлөрдү белгиледи:

1. Бүгүнкү күнү имараттын тышы шыбалып, чатыры жабылып бүткөн, терезелери алмаштырылган. Учурда имараттын ичи жасалууда. Жасалып жаткан иштер смета менен салыштырылды. Оңдоо иштеринин сапаты орто деп бааланды, кемчиликтери бар. Тамбурлар сапатсыз кирпичтерден тургузулган. Чатырындагы жыгач материалдары өрткө каршы каражаттар менен жасала элек. Полдордун астына нымга каршы иштер жасалган эмес, астындагы тумбалары сапатсыз жасалган.
2. 2014-жылы бала бакчанын курулушу Ысык-Көл өнүктүрүү фондун башкаруу дирекциясынын планына киргизилди. Курулуш иштерине жарыяланган тендер 2014-жылдын октябрь айында

өткөрүлүп, «Тунук Курулуш» ЖЧК жеңип алган жана бул ишкана менен 12,4 млн. сомго келишим түзүлгөн. Курулушту баштоого 1 000 000 сом бөлүнгөн. Бүгүнкү күндө бала бакчанын имаратынын пайдубалынын траншеясы казылды.

3. 2014-жылы айыл өкмөттүн имаратында жаштар борбору салтанаттуу түрдө ачылган. Жаштарга колдоо көрсөтүү боюнча «Жаштар үчүн перспективалар» долбоорунун алкагында борбор 193 379 сомдук эмеректер жана оргтехникалар менен камсыздалды.

Ушул тапта жаштар борборунда түрдүү иш-чараларды жана акцияларды өткөрүү үчүн бардык шарттар түзүлдү. Айылдык кеңештин **финансы, бюджет, социалдык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча** туруктуу комиссиясы айыл өкмөт башчынын 2014-жылдын 9 ай ичинде инвестицияларды жана гранттарды тартуу менен аткарган иштерин карап чыгып төмөнкүдөй корутундуга келди:

**КОРУТУНДУ**

1. Айыл өкмөт башчынын 2014-жылы инвестицияларды жана гранттарды тартуу менен аткарган иштери канааттандырарлык деп белгиленсин.
2. Тегизчил айылындагы ФАПтын имаратын оңдоо иштериндеги кемчиликтерди эске алып, кемчиликтерди оңдоо жана ремонт иштерин сапаттуу бүтүрүлүшүн көзөмөлгө алуу айыл өкмөт башчыга милдеттендирилсин.
3. Тегизчил айылындагы жаңы башталып жаткан бала бакчанын курулушу сапаттуу бүтүрүлүшү толук көзөмөлгө алынсын.

Айылдык кеңештин финансы,
бюджет, социалдык маселелер жана
муниципалдык менчик
боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Бабаев

**Кара-Жал айыл өкмөтүнүн башчысы Ө.Ш.Тамаевдин 2014-жылдын 9 ай ичинде инвестицияларды жана гранттарды тартуу менен аткарган иштери боюнча айылдык кеңештин жер маселелери, мал чарбасы жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын**

**КОРУТУНДУСУ**

Айылдык кеңештин **жер маселелери, мал чарбасы жана экология боюнча** туруктуу комиссиясынын мүчөлөрү 2014-жылы инвестицияларды жана гранттарды тартуу менен 2014-жылы айыл өкмөт аткарып жаткан иштер менен таанышып чыкты.

**1.** Айылдык кеңештин **жер маселелери, мал чарбасы жана экология** боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөлөрү аймактын борбору Тегизчил айылына кирүүчү асфальт жолуна жана анын айылдын ичиндеги уландысы Рахмат көчөсүнө жасалган капиталдык оңдоо иштерин иликтеп чыкты.

Каракол-Балыкчы мамлекеттик трассасынан аймактын борбору Тегизчил айылына кирүүчү жол жана анын уландысы, айылдын ичиндеги Рахмат жолу көптөн бери оңдолбой, эскилиги жеткен. 2014-жылы ДЭУ-35 ишканасы жолду оңдогон. Эски асфальттын үстүнө жаңы асфальт төшөлгөн. Ал эми айылдын ичиндеги уландысы – Рахмат көчөсүнүн эски асфальтынын үстүнө шагыл төгүлүп, битум куюлуп, “быдырлоо” жолу менен оңдолгон. Жолдун жаңы асфальт төшөлгөн аралыгынын сапаты жакшы, ал эми ички участоктун сапаты начарыраак, себеби битум азырак куюлуп калган. Жаңы асфальт 1,0 км жолго төшөлүп, 0,70 км аралыгы быдырлоо жолу менен, бардыгы 1,70 км жол жасалды.

Ошондой эле Тегизчил айылынын Рахмат көчөсүндө жашаган Т.Турдумамбетова, С.Чынгышбаев, Ж.Каленов ж.б. алты адамдан жолдун абалы тууралуу сурамжылоо жүргүзүлдү. Алар жолдун абалы кыйла жакшырганын айтышып, ыраазычылык билдиришти.

**2.** Айылдык кеңештин **жер маселелери, мал чарбасы жана экология боюнча** туруктуу комиссиясынын мүчөлөрү Жаңы-Арык айылындагы “Звероферма” насос станциясынын 2014-жылы башталган оңдоо иштеринин сапатын текшерип чыгышты.

“Звероферма” насос станциясынын ремонту боюнча смета түзүлгөндөн кийин, 2014-жылдын 2-кварталында Ысык-Көл өнүктүрүү фондун башкаруу дирекциясы сметасы 1 499 187 сомду түзгөн оңдоо иштерине тендер өткөрдү. Тендерде жеңүүчү деп табылган “Тунук-Курулуш” ЖЧК ишке киришкен. Узундугу 560 м аралыкта диаметри 500 мм болгон темир трубаларды казып чыгарганда, алар дат басып, ар кайсы жерлери тешилип, ишке жараксыз болгону аныкталган. Трубалар бир топ тереңдикте жаткандыктан аларды полиэтилен трубалары менен алмаштыруу керектиги белгиленген. Буга байланыштуу атайын комиссия түзүлүп, жеринде протокол жана тиешелүү корутунду акт түзгөн. Бул документтерде трубалар жердин астында 1 м тереңдикте полиэтилен трубаларын орнотуу зарылдыгы көрсөтүлгөн. Башталган ишти аягына чыгаруу максатында трубаларды алмаштырууга 1 890 318 сомго кошумча смета түзүлүп, 28-октябрда тендер өткөрүлгөн.

Суу керектөөчүлөр ассоциациясынын директору Р.Бейшеев ремонт иштеринин биринчи этабы – трубаларды жер астынан алып чыгуу өз убагында бүткөнүн айтты. Иштин жүрүшүнө айыл өкмөт башчысы Ө.Ш.Тамаев, айыл башчы И.Алымбеков, "Жаңы-Арык -12-14" СПАнын директору Р.Бейшеев жооптуу болуп, көзөмөлдөп жатышты.

Комиссия объектти текшерүүдө насос станциясынан сугат каналга чейинки 560 м аралыктагы диаметри 500 мм болгон трубалар казылып чыгарылып, жаңы трубаларды орнотууга орду даярдалганын көргөн. Сметада каралган 1 499 187 сом подрядчыга которулган. Учурда жаңы трубаларды орнотууга бөлүнгөн каражатты күтүшүүдө.

3. **Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча жыл сайын өткөрүлчү үч айлыктын алкагында 2014-жылы тартылган инвестицияга ар түрдүү көчөттөр отургузулду.**

Айылдык кеңештин **жер маселелери, мал чарбасы жана экология боюнча** туруктуу комиссиясынын мүчөлөрү 2014-жылы аймактагы Тегизчил, Жаңы-Арык, Боз-Булуң жана Кара-Жал айылдарында отургузулган көчөттөрдүн абалы менен жеринде таанышып келишти.

2014-жылы Ак-Суу токой чарбасынан 156 000 сомго, Каракол токой чарбасынан 285 000 сомго, баары болуп **441 000 сомго сатып алынган 8 310 көчөт отургузулган**.

1. ***Жаңы-Арык айылына*** бардыгы болуп 2050 түп көчөт бөлүнгөн: карагай - 150 түп; ак кайың - 300 түп; ак терек - 600 түп; кара жыгач - 1000 түп.

1. Ден соолукту чыңдоо борборунун тегерегине: 20 түп карагай, 100 түп кара бак, 50 түп кайың, 50 түп терек. Жоoптуу – кароолчу Калметов Мунабар.

2. Мечиттин жанына: 20 түп карагай, 50 түп кара бак, 20 түп кайың, 100 түп терек. Жоoптуу – Иманалиев Ырыскелди.

3. Мектепке: 100 түп карагай, 200 түп кайың, 200 түп терек. Жооптуу: мектептин администрациясы

4. Суу алгыч: 10 түп карагай, 20 түп кайың. Жооптуу – Мамбеталиев Т.

Тегеректи кыдырганда көчөттөрдүн 65% тамыр алып өсүп кеткени аныкталды.

Айыл башчынын айтымында, 2014-жыл кургакчыл болгондугуна байланыштуу көчөттөрдүн баары эле тамыр жайып кете алган жок.

Айылдын тургундарынын ичинен 5-6 кишиден жаңы отургузулуп жаткан көчөттөр тууралуу сурамжылоо жүргүзүлдү. А.Албанов, Д.Алиев, С.Шабдалиев ж.б. жыл сайын жаңы көчөттөр отургузулуп, айылды көрктөндүрүү иштери жүрүп жатканын белгилешти

2. ***Кара-Жал, Тегизчил айылдарында*** бардыгы болуп 2050 түп көчөт отургузулду: 150 түп карагай, 300 түп ак кайың, 600 түп ак терек, 1000 түп кара жыгач.

Бул көчөттөр Тегизчил айылындагы паркында, мектептин, клубдун, мечиттин тегерегине, Тегизчил, Кара-Жал айылдарынын суу алгычынын ичине, Кара-Жал айылынын мүрзөсүнүн четине отургузулду. Мындан тышкары борбордук Рахмат көчөсүн көрктөндүрүү максатында "Ак бата", "Ала-Тоо" дүкөндөрүнө жана элге көчөт таратылды. Отургузулган көчөттөргө ар бир мекеме жетекчиси, дүкөн ээлери жооптуу болуп дайындалып, айыл башчы көзөмөлдөп турат.

Комиссиянын текшерүүсү учурунда отургузулган көчөттөрдүн 60% тамыр алып өсүп кеткени анык болду. Айыл башчы муну аба ырайы ысык болуп, сугат суу таңсыктыгы менен байланыштырды.

3. ***Боз-Булуң айылына*** бардыгы болуп 2050 түп көчөт бөлүнгөн: карагай - 150 түп, ак кайың - 300 түп, ак терек - 600 түп, кара жыгач - 1000 түп.

Бөлүнгөн көчөттөр мектептин, бала бакчанын, ФАПтын тегерегине отургузулган. Көпчүлүк көчөттөр клубдун жанында жайгашкан "Сабатар" паркына отругузулган. Ар бир мекеме жетекчи өзүнүн аймагында отургузулган көчөттөрдү сугаруу иштерин уюштуруп, көзөмөлгө алган. Клубдун кароолчусу Орозбаев Б. парктын ичиндеги көчөттөрдү сугарат. Комиссия көчөттөрдүн 65-70% тамыр жайганын аныктады.

Айылдык кеңештин **жер маселелери, мал чарбасы жана экология боюнча** туруктуу комиссиясы айыл өкмөт башчынын 2014-жылдын 9 ай ичинде инвестицияларды жана гранттарды тартуу менен аткарган иштерин карап чыгып төмөнкүдөй корутундуга келет:

**КОРУТУНДУ**

1. Айыл өкмөт башчынын 2014-жылдын 9 айында инвестицияларды жана гранттарды тартуу боюнча аткарган иштери канааттандыраарлык деп белгиленсин.

2. 2014-жылы жогоруда каралган "Звероферма" насос станциясынын оңдоо иштерин бүтүрүү боюнча тиешелүү чараларды көрүү айыл өкмөт башчыга милдеттендирилсин.

Айылдык кеңештин жер маселелери,
мал чарбасы жана экология
боюнча туруктуу комиссиясынын
төрагасы Н.Алымбаев

## 11-тиркеме. Кызматчыга милдет коюу жөнүндө актынын мисалы

**Кызматчыга милдет коюу жөнүндө**
**АКТ**

Кызматчынын аты-жөнү: ________________________________________.
Түзүмдүк бөлүнүш: _Аппарат ________
Ээлеген кызматы: ___ТКЧ маселелери боюнча башкы адис __________.
Баалоо мезгили: 2015__-жылдын «01__» 03_________ баштап «01_» _07________ чейин.

| № | Тапшырма | Тапшырмаларды аткаруу боюнча иш-чара | Пландалган натыйжа | Аткаруу мөөнөтү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү туюндуруу: 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү. | 1-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иш планын жана бюджетин иштеп чыгуу.<br>2-иш-чара.<br>Муниципалдык ишкананын иши үчүн бөлмөлөрдү жабдуу.<br>3-иш-чара.<br>Муниципалдык ишкананын иши үчүн атайын техниканы жана материалдык ресурстарды аныктоо | | Март-апрель | |
| 2 | | | | | |

Түздөн-түз жетекчинин аты-жөнү: _________
Кол тамгасы: ____________________________
Кызматчынын аты-жөнү: ________________
Кол тамгасы: ____________________________
Күнү: ___________________________________

## 12-тиркеме. Кызматчынын иши тууралуу отчеттун мисалы

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик
жана муниципалдык кызматчыларынын
ишине натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн
пайдалануу менен баалоо жүргүзүүнүн
тартиби жөнүндө жобого 3-тиркеме”

**Кызматчынын аткарган иштери жөнүндө**
**ОТЧЕТ**

Кызматчынын аты-жөнү: ________________________________________________.
Түзүмдүк бөлүнүш: ___АӨ аппараты_____________________________________.
Ээлеген кызматы: ТКЧ маселелери боюнча башкы адис
Баалоо мезгили:
201__-жылдын «__» _________ баштап «__» _________ чейин.

| № | Тапшырмалар | Иш-чара | Аткаруу мөөнөтүн сактоо | Аткаргандыгы жөнүндө отчет | Өзгөртүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кызмат көрсөтүүнү туюндуруу: 2016-жылга таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча муниципалдык ишкана түзүү | 1-иш-чара. Муниципалдык ишкананын иш планын жана бюджетин иштеп чыгуу.<br>2-иш-чара.<br>Муниципалдык ишкананын иши үчүн бөлмөлөрдү жабдуу.<br>3-иш-чара.<br>Муниципалдык ишкананын иши үчүн атайын техниканы жана материалдык ресурстарды аныктоо. | Шайкеш келет<br>Шайкеш келет<br>Шайкеш келбейт | Аткарылды<br>Аткарылды<br>Аткарылган жок | АӨ башчысы документтерди даярдоо боюнча уюмду/мекемени аныктады |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |

Кызматчынын аты-жөнү: _________________
Кол тамгасы: ____________________________
Күнү: ___________________________________

# 13-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планынын аткарылышы тууралуу отчет (Ак-Чий ААнын мисалында)

**Ак-Чий ААнын 2012-2014-жылдарга Биргелешкен аракеттер планы.**

| № | Негизги иштер | Иш-аракеттер | Финансы ресурстары | Жооптуулар | Аткарган мезгили |
|---|---|---|---|---|---|
| ***№1 Жолдор жана көпүрөлөрдүн начар абалы*** | | | | | |
| 1 | Ак-Чий, Совет жана Качыбек айылдарында жолдорду жана көпүрөлөрдү калыбына келтирүү планын иштеп чыгуу | **I. Жолдордун жана көпүрөлөрдүн абалына анализ жүргүзүү, калыбына келтирүү планын түзүү** | Жергиликтүү бюджет | АӨ, ДТ, айыл башчы, депутаттар | Сентябрь 2012-ж. |
| | | 1) Ак-Чий, Совет, Качыбек айылдарында демилгелүү топторду түзүү | Жергиликтүү бюджет | АӨ, ДТ, айыл башчы, депутаттар | Сентябрь 2012-ж. |
| | | 2) Анализдин негизинде өзгөчө маанилүү жолдорду техникалык эксперттер менен бирге аныктоо | Жергиликтүү бюджет | АӨ, ДТ, айыл башчы, депутаттар | Октябрь 2012-ж. |
| | | 3) Жолдордун жана көпүрөлөрдүн ремонтуна чыгашалардын сметасын түзүү | Жергиликтүү бюджет | АӨ, ДТ, айыл башчы, депутаттар | Октябрь 2012-ж. |
| 2 | Жолдордун жана көпүрөлөрдүн ремонтуна, ошондой эле атайын техниканы сатып алууга каражаттарды издөө | 4) Долбоордук топту түзүү | Жергиликтүү бюджет, ДТ | АӨ, долбоордун лидери Калиев Н. | Октябрь 2012-ж. |
| | | 5) Жолдордун ремонту боюнча долбоор жазуу | Жергиликтүү бюджет, ДТ | АӨ, долбоордун лидери Калиев Н. | |
| | | 6) Атайын техниканы сатып алуу | Грант, Жергиликтүү бюджет | | |
| | | 7) Ак-Чий, Совет, Качыбек айылдарында жолдордун ремонтунун планы менен тааныштыруу үчүн жергиликтүү тургундардын чогулушун өткөрүү | | АӨ, ДТ, айыл башчылар | Ноябрь 2012-ж. |
| | | 8) Жергиликтүү тургундарды жолдордун ремонт иштерине тартуу (кум себүү, тегиздөө) | | | |
| | | 9) Демилгелүү топ менен бирге жолдордун жана көпүрөлөрдүн абалына мониторинг жүргүзүү | | | Жаз – Күз жыл сайын |
| ***№2 Көчөдө жарыктын жоктугу жана трансформаторлордун жетишсиздиги*** | | | | | |
| 1 | Көчөлөрдө жарык орнотуу | **I. Комиссияны түзүү** | Жергиликтүү бюджет | | |
| | | 1) Схема түзүү жана айылдагы электр байланышынын үч схемасына анализ | | АӨ, ДТ | Октябрь 2012-ж. |
| | | 2) Көчөлөрдө жарык орнотуу үчүн чыгашалардын сметасын түзүү | | | |
| | | **II.**Көчөлөрдө жарык орнотуу үчүн каражат издөө | | | |
| | | 1) Жергиликтүү бюджеттен чырак орнотууга каражат бөлүү | Жергиликтүү бюджет | АК, АӨ | Октябрь 2012-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **III.** Ак-Чий, Совет, Качыбек айылдарында көчөлөргө жарык берүү тууралуу маселени талкуулоо үчүн элет жыйындарын өткөрүү | | | |
| | | 1) АӨ менен биргелешип көчөлөргө жарык орнотуу тууралуу калкка маалымдоо | | АӨ, айыл башчылар | Октябрь 2012-ж. |
| | | 2) Чыгашалардын сметасын түзүү жана чыгашаларды айыл тургундарынын арасында бөлүштүрүү | | | |
| | | 3) Көчөлөргө жарык орнотууга каражат чогултуп, анын сактыгына жооп бере турган жооптуу адамды же топту дайындоо | | | Ноябрь 2012-ж. |
| | | 4) Көчөлөрдө жарык орнотуу жана мониторинг жүргүзүү | Жергиликтүү бюджет, калк | АӨ, айыл башчылар, ДТ | |
| 2 | Кошумча электр трансформаторлорун орнотуу | **I. Электр трансформаторлорунун жетишсиздиги тууралуу маселени көтөрүү жана аны өкмөттүк деңгээлде чечүү** | | | |
| | | 1) Демилгелүү топту түзүү | | Кварталчылар | Октябрь 2012-ж. |
| | | 2) Трансформаторду орнотуу тууралуу калктын атынан айыл өкмөткө жана РЭСке кайрылуу | | | Октябрь 2012-ж. |
| | | 3) Трансформаторду сатып алуу боюнча долбоор жазуу | Калк | ДТ, долбоордун лидери | Ноябрь 2012-ж. |
| **№ 3 Бала бакчалардын жоктугу** | | | | | |
| | | 1) Бала бакча ачып берүү өтүнүчү менен өкмөткө кайрылуу | АӨ, ДТ | | |
| 1 | Ак-Чий жана Качыбек айылдарында бала бакчаларды ачуу | 2) Эски бала бакчанын имаратын муниципалдык менчикке берүү | Жергиликтүү бюджет | | |
| | | 3) Бала бакчаны ачуу үчүн зарыл документтерди даярдоо | | | |
| | | 4) Кадр маселелерин чечүү | | | июль-август 2013-ж |
| | | 5) Бала бакчанын ремонтуна каражат бөлүү | | АӨ | сентябрь-декабрь 2012-ж. |
| | | 6) Ремонт иштерин жасоо жана зарыл шаймандар менен камсыздоо | | АО, калк | апрель-июнь 2013-ж. |
| | | 7) Грант алууга долбоор жазуу | | ДТ, долбоордун лидери (Байтикова, Тургунова) | январь-март 2013-ж. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **№ 4 Клубдун жана спорт залдын жоктугу** | | | | | |
| 1 | Совет айылында клубдун жана спорт залынын курулушу | **I. Финансы маселелерин чечүү** | | | |
| | | 1) Зарыл документтерди даярдоо | | | сентябрь-декабрь 2012-ж. |
| | | 2) Жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү (смета түзүү) | Жергиликтүү бюджет | АӨ | |
| | | 3) Дем берүүчү грант жана донорлорго долбоор жазуу | Грант | ДТ, долбоордун лидери | |
| | | 4) Клубду жабдуулар менен камсыздоо жана кадр маселелерин чечүү | Жергиликтүү бюджет, грант | АӨ, АК, ДТ | апрель 2013-ж |
| | | 5) Жаштарды жана спорт чеберлерин спорттук секцияларды ачууга чакыруу | Жаштар | Имангазиев А., жаштар | январь-март 2013-ж. |
| | | 6) Курулуш үчүн жерди аныктоо | | АӨ, АК | |
| **№5 Жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматтын жетишсиздиги** | | | | | |
| 1 | Жылына эки жолу жергиликтүү бюджет боюнча АӨнүн отчету (жазында жана күзүндө) | **I. Калкка бюджет тууралуу маалымат берүү** | | | |
| 2 | Калкты бюджеттик процесске тартуу | 1) Калкка бюджет тууралуу отчет берүү (айылдык чогулуштарда, коомдук угууларда, курултайларда) | Жергиликтүү бюджет | АӨ, АК | Дайыма, жылына эки жолудан кем эмес |
| 3 | Бардык мүмкүн болгон ыкмалар менен калкка бюджет боюнча маалыматты жеткирүү (маалымат керегеси, айыл башчысы, кварталчылар аркылуу) | 2) Маалымат керегелеринде бюджет боюнча маалыматтарды жайгаштыруу | | | Дайыма (квартал сайын) |
| | | 3) Калкка жөнөкөй жана түшүнүктүү тилде бюджет тууралуу маалыматты даярдоо (түшүндүрмөлөрү менен) | | | |
| 4 | Финансы кирешелерине анализ | Финансы кирешелери боюнча ачык талкууларды өткөрүү | Жергиликтүү бюджет | АӨ, калк | Дайыма, жылына эки жолудан кем эмес |
| | | Кирешенин кошумча булактарын издөө | Жергиликтүү бюджет | АӨ, АК, ДТ, калк | Дайыма |
| | | Калкты финансылык сабаттуулуктун негиздерине окутуу (тренингдер, семинарлар) | грант | АӨ, Донорлор | жылына 1-2 жолу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **II. Калктын активдүүлүгүн жогорулатуу жана бюджеттик процесске тартуу** | | | |
| | | 1) Калк арасында маалымат өнөктүгүн көбүрөөк өткөрүү, бюджеттик угууларга жана айылдык кеңештин сессияларына чакыруу | Жергиликтүү бюджет | АӨ, АК | Дайыма |
| | | 2) Бюджет боюнча калктан сунуштарды кабыл алуу | | АӨ, АК | |
| | | 3) Бюджеттик чыгашалар тууралуу толук маалымат берүү (кандай иштер жасалганы тууралуу) | | АӨ | |
| | | 4) Калктын бюджеттик процесске жигердүү катышуусу | | Калк | Дайыма |
| **№6 Жергиликтүү экономиканын төмөн деңгээли** | | | | | |
| 1 | Агро-вет дарыкана ачуу | | | | |
| 2 | Кызыкдар адамдарды издөө | **I. Калк арасында сурамжылоолорду жүргүзүү** | | | |
| | | 1) Айылдык чогулуштарда “дарыкананын ачылышын ким колдойт?” деген суроо коюу | | АӨ, ДТ, айыл башчылар | Октябрь 2012-ж. |
| | | 2) Кызыкдар адамдарды издөө | | айыл башчылар | |
| | | 3) Донорлорго долбоорлорду жазуу, анын эсебинен зарыл жабдууларды сатып алуу | калк, грант | Байтикова, Дюшембиев, Н.Айдакеев, Таалай Турсунов, Көлбай | сентябрь-декабрь 2012-ж. |
| | | **II. АӨ тараптан колдоо** | | | |
| | | 1) Имарат маселесин чечүү (ижарага же акысыз негизде) | | АӨ, АК | |
| 3 | Жүндү кайра иштеткен цехти ачуу | **I.** Кызыкдар адамдарды издөө | | | |
| | | **II. Имарат издөө** | | | |
| | | **III.** Донорлорго долбоорлорду жазуу, анын эсебинен зарыл жабдууларды сатып алуу | грант | Калчаев Карыбай | сентябрь-декабрь 2012-ж. |

Ак-Чий айылдык аймагынын башчысы
Ак-Чий айылдык кеңешинин төрагасы

## 14-тиркеме. Курманбек айылдык аймагынын жамаатынын жана ЖӨБ органынын реалдуу Биргелешкен аракеттер планынын мисалы (фрагменттер)

**«БЕКИТЕМИН»**

**№___ сессиясы**

**Курманбек айылдык Кеңештин төрагасы___________ Б. Калбаев**

**20____-жылдын «___» __________**

**Курманбек айыл аймагынын 2016-2020-жж. карата**

**БИРГЕЛЕШКЕН АРАКЕТ ПЛАНЫ**

**Көйгөй:** Таран-Базар, Кара-Чолок, Сары-Булак, Урумбаш,Канжыга, Саты, Жоон-Кунгой жана Калмак-Кырчын айылдарында жол каттамынын начар уюшулгандыгы/ ички жолдордун жана көпүрөлөрдүн начар абалы.

**Максат:** Таран-Базар, Кара-Чолок, Сары-Булак, Урумбаш,Канжыга, Саты, Жоон-Кунгой жана Калмак-Кырчын айылдарында ичинде жол каттамын тиешелүү деңгээлде ондоп-түзөө, 2018-жылга чейин 50 км ички жолду жана 5 көпүрөнү ондоо

**Бенефициарлар(түз\кыйыр киши):___________** Таран-Базар, Кара-Чолок, Сары-Булак, Урумбаш,Канжыга, Саты, Жоон-Кунгой жана Калмак-Кырчын а. тургундары

| № | Милдеттер | Иш-чара | Натыйжалар / Көрсөткүчтөр | Мөөнөтү | Жооптуулар (ЖӨБ органдары \демилгелүү топ) | Салымдар\ Каржы булактар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | РБ | ЖБ | Башкалар |
| 1. | Канжыга, Саты, Жоон-Кунгой жана Калмак-Кырчын айылдарынын ички жолдорунун жана ички көпүрөлөрдүн абалын изилдөө | **1.1.** Айыл өкмөттүн аппараты, депутаттар, адистер жана коомчулуктун катышуусу менен жумушчу топтун курамын жаңылап түзүү | Жумушчу топ жаңыланып түзүлдү | январь 2016 | Курманбек АӨ башчысы – Молдобаев Ярасулбек | | | |
| | | **1.2.** Сары-Булак, Канжыга, Саты, Жоон-Кунгой жана Калмак-Кырчын айылдарынын ички жолдорун калыбына келтирүү боюнча график иштеп чыгуу | График иштелип чыкты. Жасай турган иштин көлөмү аныкталды | 2016-2019 май, сентябрь | А/о-Эрматова , АК-Сариев С, Кулимбеков С, Дыйканбаев О | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2.** | Ички жолдорду баскыч-баскыч менен калыбына келтирүүгө каражаттарды аныктоо | **2.4**. Демилгелүү топтор менен аппараттын, айылдык кеңештин депутаттарынын жолугушуусу. | Кызыкдар тараптын салымдары аныкталды | январь 2016 | АК-Б.Калбаев, О.Дыйканбаев, С.Бекболотов, С.Сариев, А/о-Я.Молдобаев , Ж.Капашева, Э.Эрматова | | | |
| | | **2.6.** Жолдорду жана көпүрөлөрдү баскыч-баскыч менен калыбына келтирүүгө жергиликтүү бюджеттен акча каражат кароо. | А\Ө ДТ менен биргеликте жолдорду жана көпүрөлөрдү баскыч-баскыч менен калыбына келтирүү үчүн керектелүүчү акча каражатынын долбоорун бюджет комитетине сунуштайт | 2016-Ноябрь | ФЭБ башчысы,Эрматова Э, АК-бюджет комитетинин төрагасы Наскулов Т | | Жергиликтүү бюджеттен 800 000 сом каражат каралды | |
| | | **2.7.** Кошумча каражаттарды табуу максатында божомол спонсорлордун тизмесин түзүү. | Божомол спонсорлордун тизмеси аныкталды.<br>1. Жалал-Абад-Балыкчы альтернативдиу жол куруучулар компаниясынан каржыланат<br>2. көчөгө наамын ыйгарган инсандардын туугандары каражат берет | 2016 Август | а/ө башчысы - Я.Молдобаев, АК-Сариев С, Дыйканбаев О, ФЭБ башчысы-Эрматова Э | | 1. 1 000 000 сом | 2. 400 000 сом |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **2.8.** Божомол спонсорлорго кат жазуу жана айылдын ички жолдорун, көпүрөлөрүн оңдоо үчүн акча каражаты жагынан спонсордук жардам алуу максатында жолугушууларды өткөрүү | А\Ө каттарды даярдап спонсорлорго жиберет жана жолугушууларды уюштурат. ДТ спонсорлорго аткарылуучу иштин көлөму менен тааныштырып ага кетуучу чыгымдары аныкталды | 2016 Сентябрь | а/өкмөтү-Я.Молдобаев, АК-Сариев С, ФЭБ башчысы-Эрматова Э, Дыйканбаев О | | | Спонсорлор тарабынан кошумча каражаттарынан 1 052 000 сом суралды |
| **3.** | Ички жолдорду баскыч-баскыч менен калыбына келтирүү | **3.9.** 2016-жылы Сары-Булак айылынын көчөлөрүнө шагыл төгүп түздөө, жашоочуларды субботникке чакыруу | 2км көчө оңдолуп түздөлду | 2016 Октябрь | а/өкмөт башчысы-Я.Молдобаев, АК-Дыйканбаев, О Сариев С, ДТ-Кулимбеков С | | 300 миң. сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнөт | |
| | | **4.15.** 2019-жылы Жоон-Кунгой, Сары-Булак айылдарынын көпүрөлүн оңдоо, жашоочуларды субботникке чакыруу | 2көпүрө оңдолуп түздөлдү. | 2019 август | а/өкмөт башчысы-Я. Молдобаев, а/башчысы-Абдымаматов А, АК-Сариев С, ДТ-Кулимбеков С,Дыйканбаев О, а/башчысы-Кенешбаев А | | 500,0 миң сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнөт | |

**Көйгөй:** Курманбек айылдык аймагында  жергиликтүү бюджет боюнча маалымат  жеткиликтүү эмес

**Максат :** Курманбек айылдык  аймактын 1500 жаранын жергиликтүү бюджет боюнча өз убагында ардайым  туруктуу маалымат менен камсыз кылуу

**Бенефициарлар:** 2 500


| № | Милдеттер | Иш-чара | Натыйжалар / Көрсөткүчтөр | Мөөнөтү | Жооптуулар (ЖӨБ органдары \демилгелүү топ) | Салымдар\ Каржы булактар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **22.83.** Отчетту маалымат такча-ларга илүү | БМжБ тобунун отчетүү маалымат такчасына илинди | Мезгилдүү Жылына 1 жолудан кем эмес | | |

**Курманбек айыл аймагынын башчысы, жумушчу топттун төрагасы:** **Я.Молдобаев**

**Курманбек жергиликтуу Кеңешинин төрагасы, жумушчу топтун мүчөсү:** **Б.Калбаев**

**ФЭБ башчысы жумушчу топтун мүчөсү:** **Э.Эрматова**

## 15-тиркеме. Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуунун жана аткаруунун графиги



# 16-тиркеме. Бул басылмага тиркелген дискке киргизилген электрондук документтердин тизмеси

## "Окуу китеби" папкасы

1. **Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамаат менен ЖӨБ органдарынын биргелешкен аракеттерин пландоо / Практикалык окуу китеби / "Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу" окуу материалдарынын топтому. Экинчи бөлүк. / Т. Осмонкулов, Р. Суранчиева, С. Градваль, Орозбаев Б. – Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2015. – 72 бет.**
2. Планирование совместных действий местного сообщества и органов местного самоуправления по решению вопросов местного значения / Практическое пособие / Комплекс учебных материалов «Участие граждан в местном самоуправлении Кыргызской Республики» под общ. ред. Н. Добрецовой. Часть вторая. / Т. Осмонкулов, Р. Суранчиева, С. Градваль, Орозбаев Б. – Б.: Институт политики развития, 2015. – 70 с.

## "Мыйзам чыгаруучулук" папкасы

1. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2011-жылдын 15-июлу № 101.**
2. Закон Кыргызской Республики о местном самоуправлении, г.Бишкек, от 15 июля 2011 года, № 101.
3. **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек ш., 2011-жылдын 14-июлу № 98.**
4. Закон Кыргызской Республики о выборах депутатов местных кенешей, г.Бишкек, от 14 июля 2011 года, № 98.
5. **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө 2014-жылдын 17-июлу № 139.**
6. Закон Кыргызской Республики О государственных и муниципальных услугах от 17 июля 2014 года, № 139.
7. **Муниципалдык кызмат жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2004-жылдын 21-августу № 165.**
8. Закон Кыргызской Республики о муниципальной службе, г.Бишкек, от 21 августа 2004 года, № 165.
9. **Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы. Бишкек шаары, 2002-жылдын 15-марты № 37.**
10. Закон Кыргызской Республики о муниципальной собственности на имущество, г.Бишкек, от 15 марта 2002 года, № 37.
11. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2013-жылдын 9-июлу № 127.**
12. Закон Кыргызской Республики о порядке делегирования органам местного самоуправления отдельных государственных полномочий, г.Бишкек, от 9 июля 2013 года, № 127.
13. **Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2000-жылдын 13-январы № 3.**
14. Закон Кыргызской Республики о статусе депутатов местных кенешей, г.Бишкек, от 13 января 2000 года, № 3.
15. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы, Бишкек шаары, 2003-жылдын 25-сентябры № 215.**
16. Закон Кыргызской Республики о финансово-экономических основах местного самоуправления, г.Бишкек, от 25 сентября 2003 года, № 215.
17. **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө Бишкек шаары, 1998-жылдын 11-июну № 78.**
18. Закон Кыргызской Республики Об основных принципах бюджетного права в Кыргызской Республике г.Бишкек, от 11 июня 1998 года, № 78.

19. **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө 2006-жылдын 28-декабры № 213.**
20. Закон Кыргызской Республики О доступе к информации, находящейся в ведении государственных органов и органов местного самоуправления Кыргызской Республики от 28 декабря 2006 года, № 213.
21. **Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө Бишкек шаары, 2007-жылдын 4-майы № 67.**
22. Закон Кыргызской Республики О порядке рассмотрения обращений граждан г.Бишкек, от 4 мая 2007 года, № 67.
23. **Берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге берилүүчү трансферттердин көлөмүн эсептөөнүн убактылуу методикасын бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 19-декабры № 715.**
24. Постановление Правительства Кыргызской Республики об утверждении Временной методики расчета объема трансфертов, предоставляемых местным бюджетам из республиканского бюджета для осуществления отдельных делегированных государственных полномочий. г.Бишкек, от 19 декабря 2014 года, № 715.
25. **Токтом Постановление от 21 апреля, 2015 года,, №230 (на русском и кыргызском языках).**
26. **Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2012-жылдын 17-февралы № 105.**
27. Постановление Правительства Кыргызской Республики об оценке эффективности деятельности государственных органов исполнительной власти и органов местного самоуправления Кыргызской Республики, г.Бишкек, от 17 февраля 2012 года, № 105.
28. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 17-марты № 145.**
29. Постановление Правительства Кыргызской Республики о делегировании органам местного самоуправления отдельных государственных полномочий, г.Бишкек, от 17 марта 2014 года, № 145.
30. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрин бекитүү жөнүндө Бишкек шаары, 2015-жылдын 14-январы № 6.**
31. Постановление Правительства Кыргызской Республики Об утверждении Базового реестра муниципальных услуг, предоставляемых органами местного самоуправления Кыргызской Республики г.Бишкек, от 14 января 2015 года, № 6.
32. **Кыргыз Республикасындагы администрациялык-аймактык реформанын концепциясы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2012-жылдын 23-марты № 198.**
33. Постановление Правительства Кыргызской Республики О мерах по оптимизации системы предоставления муниципальных услуг г.Бишкек, от 3 июня 2014 года, № 302.
34. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр тутумун оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө Бишкек шаары, 2014-жылдын 3-июну № 302.**
35. Постановление Правительства Кыргызской Республики о Концепции административно-территориальной реформы в Кыргызской Республике, г.Бишкек, от 23 марта 2012 года, № 198.
36. **Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2013-2017-жылдарга карата программасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, Бишкек шаары, 2013-жылдын 18-декабры № 678.**
37. Постановление Правительства Кыргызской Республики о Программе развития местного самоуправления Кыргызской Республики на 2013-2017 годы, г.Бишкек, от 18 декабря 2013 года, № 678.
38. **Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү туралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, Бишкек шаары, 2014-жылдын 10-ноябры № 633.**

39. Постановление Правительства Кыргызской Республики об утверждении Типового положения о порядке формирования фондов развития регионов, г.Бишкек, от 10 ноября 2014 года, № 633.

**40. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө 2010-жылдын 26-февралы № 117.**

41. Постановление Правительства Кыргызской Республики Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики от 26 февраля 2010 года, № 117.

**42. Айылдык кенештин Типтүү регламентин бекитүү тууралуу буйрук, 25 ноябрь, 2013 – ж., Бишкек ш., № 01-24/65.**

43. Приказ об утверждении Типового регламента айылного кенеша от 25 ноября, 2013 года,, Бишкек, № 01-24/65.

**44. Жергиликтүү жамааттын Типтүү Уставын бекитүү тууралуу буйрук, 4 март, 2014-ж, Бишкек ш., №01-24/19.**

45. Приказ об утверждении Типового устава местного сообщества от 4 марта, 2014 года,, г. Бишкек, №01-24/19.

**46. Айылдык кеңештин Типтүү Регламенти.**

47. Типовой Регламент айылного кенеша.

**48. Жергиликтүү жамааттын Уставын талкуулоо жана кабыл алуу боюнча Колдонмо.**

49. Руководство по обсуждению и принятию Устава местного сообщества.

**50. Айылдык аймактын жергиликтүү жамаатынын Типтүү уставы.**

51. Типовой Устав местного сообщества айылного аймака.